Көчөрова Г.О.
Ашимбаева Г.С.

# Кыргыз тили

Медициналык факультеттин
улуттук тайпалары үчүн
окуу-усулдук колдонмо

**Көчөрова Г.О.**
**Ашимбаева Г.С.**

# Кыргыз тили

## Медициналык факультеттин улуттук тайпалары үчүн окуу- усулдук колдонмо

**Жалал-Абад – 2022**

УДК 811.512
ББК 81.632.5
К 76

Окуу-усулдук колдонмо Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окуу-усулдук кеңешинин чечими менен басмага сунуш кылынган.

Окуу-усулдук колдонмо Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын жана филология факультетинин окуу-усулдук кеңешинин жыйындарында талкууланып жактырылган.

***Рецензенттер:***

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессору, филология илимдеринин доктору Мирзахидова М.И.

Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасынын доценти, филология илимдеринин кандидаты Мапаева Н. А.

Кыргыз тили жана адабияты" курсу боюнча окуу-усулдук колдонмо: жогорку окуу жайлардын 530500 медициналык билим берүү (профили:дарылоо иши) багытында окуган студенттер үчүн окуу-усулдук колдонмо.

Жогорку окуу жайдын окутуучулары жана студенттери үчүн.

Көчөрова Г.О., Ашимбаева Г.С.
К76 Кыргыз тили. – Б.: 2022. – 188 б.

ISBN 978-996-09-427-7

*"Кыргыз тил жана адабияты" окуу-усулдук колдонмо жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин аталган дисциплинаны окуткан окутуучуларга жана медициналык билим берүү багытында окуган студенттерге арналат.*

ISBN 978-996-09-427-7

УДК 811.512
ББК 81.632.5

© Көчөрова Г.О.,
Ашимбаева Г.С.

# КИРИШҮҮ

Окуу-усулдук колдонмо ЖОЖдун медициналык факультетинин улуттук тайпаларында окуган чет өлкөлүк студенттери үчүн “Кыргыз тили жана адабияты” предмети боюнча жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык иштелип чыкты.

Кыргыз тили мамлекеттик тил статусун алгандан тартып ЖОЖдордо негизги предмет катары окутула баштады.

Кыргыз Республикасынын КМШ өлкөлөрү менен саясий, экономикалык, маданий ж.б. түрдүү багыттагы алака–катнаштарынын күч алышынын жана өлкөбүздөгү туруктуу абалдын натыйжасында жогорку окуу жайларында билим алууну каалаган Орто Азия мамлекеттеринен келген студенттердин саны жыл санап арбып жатат. Мунун өзү бөтөн улуттун өкүлдөрүнө, чет өлкөлүк студенттери үчүн кыргыз тилин үйрөтүү багытындагы практикалык жана теориялык маселелерди камтыгын окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорду, усулдук эмгектерди иштеп чыгуу зарылдыгын жаратты.

Колдонмонун негизги максаты - кыргыз тилин теориялык жана практикалык аспектиде окутуп үйрөтүүдө, студенттердин мамлекеттик тилде сабаттуу жазуу, кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык так сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырууга көмөк көрсөтүү.

Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун зарыл жагдайы катары кептик ишмердүүлүк үчүн тил үйрөтүүнүн лингвоөлкө таануу принцибине негизделген тексттер тандалып алынды.

Теориялык маселерди үйрөтүү менен катар студенттердин инсандык сапаттарын калыптандыруу, жалпы дүйнө таанымын өстүрүү, сабакка болгон кызыгуусун, жигердүүлүгүн арттыруу максатында кыргыз элинин макалдары, жаңылмачтары ар бир сабакта сунушталды. Кыргыз жана өзбек тилдери түрк тилдерине кирерин эске алып, теориялык маселелерди окутууда студенттердин эне тилинин фактылары менен салыштырып окутуу колго алынды.

Колдонмонун көлөмүн көбөйтпөө максатында эрежелерди, аныктамаларды кыска берүүгө аракет жасалды жана буга чейин жарык көргөн «Кыргызча-орусча сөздүктөрдүн» (Мирзахидова М. тарабынан түзүлгөн 2016-жылы жарыкка чыккан) жеткиликтүү экендигин эске алып, сөздүк камтылган жок.

Колдонмо кыргыз тилинин теориялык маселелерин окутуп-үйрөтүүдө окутуучунун түйшүгүн жеңилдетип, студенттердин кеп маданиятын арттырууда, билим, билгичтиктерин өнүктүрүүдө белгилүү деңгээлде көмөк берет деген ойдобуз.

# Грамматикалык тема:
# АЛФАВИТ

## Лексикалык тема: Таанышуу

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Кыргыз алфавити, тамгалардын айтылышы, жазылышы менен тааныш болушат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Кыргыз тилинде саламдашуу, учурашуунун түрлөрүн билишет, өзү тууралуу маалымат беришет. | 1. Кыргыз алфавити, тамгалардын айтылышы, жазылышы тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Өзү тууралуу кыргыз тилинде айтып бере алса, кыргызча учурашуу, саламдашууну билсе. |

**Адабияттар:**


1. Аширбаев Т., Кадырова А. Кыргыз тилинин практикуму. Ош, 1998
2. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004
3. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б., 2017
4. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. Б.,2008


**Мээ чабуулу:**

1. Алфавит деген эмне?
2. Кыргыз алфавити тууралуу эмне билесиңер?
3. Алфавиттин кандай практикалык зарылчылыгы бар?

Кыргыз алфавитинде 36 тамга бар. Ал 39 тыбышты билдирет. Кыргыз алфавити орус алфавитинин негизинде түзүлүп, ага кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүн туюнткан ү, ө, ң тамгалары кошумчаланган**.**

Кыргыз алфавитинде 6 тамга үндүү тыбыштарды, 22 тамга үнсүз тыбыштарды белгилөө үчүн колдонулат. Ё, Е, Ю, Я- йоттошкон тамгалар, булар үндүү жана үнсүздөн турган тыбыштык тизмекти билдирет. Ажыратуу жана ичкертүү белгилеринин тыбыштык маанилери жок.

Кыргыз алфавитиндеги к, г, ж тамгалары экиден тыбышты билдирет.

| К\Н. | Басма тамгалар | | Тамгалардын аталышы |
|---|---|---|---|
| | Баш тамгалар | Кичине тамгалар | |
| 1 | А | а | а |
| 2 | Б | б | бэ |
| 3 | В | в | вэ |
| 4 | Г | г | гэ |
| 5 | Д | д | дэ |
| 6 | Е | е | йэ |
| 7 | Ё | ё | йо |
| 8 | Ж | ж | жэ |
| 9 | З | з | зэ |
| 10 | И | и | и |
| 11 | Й | й | ий |
| 12 | К | к | ка |
| 13 | Л | л | эл |
| 14 | М | м | эм |
| 15 | Н | н | эн |
| 16 | Ң | ң | ың |
| 17 | О | о | о |
| 18 | Ө | ө | ө |
| 19 | П | п | пэ |
| 20 | Р | р | эр |
| 21 | С | с | эс |
| 22 | Т | т | тэ |
| 23 | У | у | у |
| 24 | Ү | ү | ү |
| 25 | Ф | ф | эф |
| 26 | Х | х | ха |
| 27 | Ц | ц | це |
| 28 | Ч | ч | че |
| 29 | Ш | ш | ша |
| 30 | Щ | щ | ща |
| 31 | | ъ | ажыратуу белгиси |
| 32 | Ы | ы | ы |
| 33 | | ь | ичкертүү белгиси |
| 34 | Э | э | э |
| 35 | Ю | ю | йу |
| 36 | Я | я | йа |

Алфавитти жаттоо жана тамгалардын аталышын билүү ар кандай сөздүктөрдү, каталогдорду түзүүдө жана алар менен иштөөдө, фамилияларды, адам аттарын жана башкаларды тизмелөөдө, баш тамгаларынан кыскартылган сөздөрдү туура жазууда жана аларга мүчөлөрдү туура жалгоодо практикалык мааниге ээ.

**1-көнүгүү. Төмөндө берилген тамгаларды кайрадан айтып чыгалы.**

Ө – өлкө, өпкө, бөлмө, өчүргүч, өлчөө
Ү – үтүк, күзгү, бөлүм, күчүк, күмүш
Ң – кеңешчи, кең, жаңгак, таңгак, таң
К – кеңеш, кеңсе, көнүгүү, килем, күч
К(ы) – кабат, кызмат, карга, кат, кар
Г – гүл, ийгилик, гезит, көгүлтүр, өнүгүү
Г(ы) – кагаз, жаргылчак, камгак

**2-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү дептериңерге алфавит тартиби боюнча көчүрүп жазгыла. Кыргыз алфавитиндеги тамгаларды туура жазууга үйрөнгүлө.**

Окуу жайыбыз, кесип, ардактуу, кооз, мугалим, сулуулук, арбаңыздар, туулган жерим, апам, ата-эне, саламатсызбы, мээрим, таене, кооздук, шаардык, аймак, билимдүү, элестетем, Аалы, алы, академия, азан.

**3-көнүгүү. Кыргыз, өзбек, орус, англис алфавиттерин салыштырып, алардагы окшоштуктарды жана айырмачылыкты айтып бергиле.**

**4-көнүгүү. Тайпадагы студенттердин фамилиясын, атын алфавит тартиби менен жазып, тайпанын тизмесин түзгүлө.**

**5-көнүгүү. Жаныңарда отурган курбуңар менен «Таанышуу» темасында диалог түзгүлө.**

**6-көнүгүү. Кыргыз тилиндеги учурашуу, саламдашууда, коштошууда колдонулуучу сөздөрдү окуп чыгып, качан, кимдер тарабынан, кайсы чөйродө пайдалануу зарылдыгын айтып бергиле.**

Ассалоому алейкум! Саламатсызбы! Арыбаңыз? Кандайсыз? Амансызбы? Жакшысыңарбы? Кутман таң, Кайырлуу кеч? Кутман кеч!

**7-көнүгүү.Саламдашуу, таанышуунун улуттук өзгөчөлүктөрү тууралуу айтып бергиле.**

**Үй тапшырма:** Кыргыз алфавитиндеги тамгаларды туура, өз элементи менен жазууну үйрөнүү.

## Грамматикалык тема:
## ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАР

### Лексикалык тема: Өзүм жөнүндө

| Максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштар, алардын классификацияланышы тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин материалдары менен салыштырып, айырмасын жана окшош жактарын айтып беришет**.** | 1. Кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштар, алардын классификацияланышы тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Өзү тууралуу кыргыз тилинде айтып бере алса, кыргызча учурашуу, саламдашууну билсе. |

**Адабияттар:**


1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012.

2. Аширбаев Т., Кадырова А. Кыргыз тилинин практикуму. Ош, 1998.

3. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б., 2017.

4. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. Б., 2008.


**1. Кыргыз тилиндеги ө, ү тыбыштарын, созулма үндүүлөрдү туура айтууга үйрөнгүлө.**

Апал менен Үпөл- эгиз,
Асан менен Үсөн -эгиз.
Асан улуубу,
Апал сулуубу?
Үсөн улуубу,
Үпөл сулуубу?

Асан менен ким эгиз?
Апал менен ким эгиз?
Үсөн менен ким эгиз?
Үпөл менен ким эгиз?

**Эске туткула.**

– Кыргыз тилинде 14 үндүү тыбыш бар. Аларды 6 тамга менен белгилейбиз. Кыргыз тилиндеги үндүүлөр төмөнкүдөй классификацияланат.

| | |
|---|---|
| **Тилдин катышына карай*:*** | ***жоон: а, ы, о, у, аа, оо;*** |
| | ***ичке: э, и, ү, ө, ээ, өө, үү*** |
| **Жаактын катышына карай:** | ***кең: а, э, о, ө, аа, оо, өө, ээ;*** |
| | ***кууш:ы, и, ү, у, уу,үү*** |
| **Эриндин катышына карай:** | ***эринчил: о,ө, у, ү, оо, өө, үү;*** |
| | ***эринсиз: а,ы,э,и, аа,ээ*** |
| **Үндүн катышына карай:** | ***кыска: а, о, ө, э, ы, и, у;*** |
| | ***созулма*: аа,оо, уу,үү, ээ, өө** |

**1-көнүгүү. Таблицаны пайдаланып, төмөнкү сөздөрдүн курамындагы үндүүлөрдү классификациялагыла**.

Өрөөн, күлүк, ак куу, Ала-Тоо

**2-көнүгүү. Үндүүлөрдүн бөлүнүшүн окуп чыгып, төмөнкү үндүүлөргө мүнөздөмө бергиле.**

| | |
|---|---|
| Аа- | Үү- |
| Ы- | И- |

**3-көнүгүү. Берилген макалдарды окуп чыгып, көчүрүп жазгыла. Созулма үндүүлөрдүн туура айтылышына көңүл бургула. Өзбек тилинде ушул макалга маанилеш макалды эстегиле.**

1. Жалкоодон оору кетпейт, эринчээктен шылтоо кетпейт. 2. Өнөрлүү өлбөйт. 3. Акылдуу бала отту карайт, акылсыз бала казанды карайт. 4. Досу көптү доо албайт, акылы көптү жоо албайт.

**4-көнүгүү. Билимди текшеребиз.**

**1. Үндүү тыбыштар...**

а) үндүн катышы менен айтылат

б) үн менен шыбыш бирдей катышат

в) жалан гана үндөн турат

г) жалан гана шыбыш менен айтылат

**2. Ичке үндүүлөр кайсы сапта?**

а) а,ы, у, э б) э,и,ө, ү в) а, о, у, и г) ы, э, у, ү

**3. Эринчил үндүүлөр катышкан сөздөрдү тап**

а) камыш б) курут в) кымыз г) каада

**4. Үндүүлөр кайсы касиети боюнча созулма жана кыска болуп бөлүнөт?**

а) жаакка карай б) эринге карай

в) тилге карай г) үндүн созулушуна карай

**5. Кууш үндүүлөр катышкан сөздөрдү тапкыла**.

а) ийне, кайын б) көпөлөк, тоо

в) таштак, кичине г) ийнелик, көчө

**Үй тапшырма:** жаңы теманы окуп, 4 сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзүп келүү.

## Грамматикалык тема:
## ЙОТТОШКОН ТАМГАЛАР

### Лексикалык тема: Кыргыздын Таластагы улуу тою

| Максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| 1. Йоттошкон тамгалар, алардын тыбыштык айкалыштары, кыргыз тилинин төл жана өздөштүрүлгөн сөздөрдөгү позициясы тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Тексттен алган маалыматтарын кыргыз тилинде айтып беришет. | 1. Йоттошкон тамгалар,алардын тыбыштык айкалыштары, кыргыз тилинин төл жана өздөштүрүлгөн сөздөрүндө йоттошкон тамгалардын ордун билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Текст боюнча алган маалыматтарын кыргыз тилинде айтып бере алышса, суроолорду түзө алышса. |

**Адабияттар:**

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012.

2. Аширбаев Т., Кадырова А. Кыргыз тилинин практикуму. Ош, 1998.

3. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004.

4. “Кыргызстан: күндөр,окуялар, адамдар” окуу-маалымат календары. Б.,2003.

5. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. Б., 2008.

**1-көнүгүү. Жаңылмачтарды бат айтууга жана ө,ү тыбыштарын туура айтууга үйрөнөбүз.**

Үч куш учту, Кушту учкуч,

Учкуч учту, Туштап учту.

Учкан кушту,
Куптап учту.
Жолду үч куш,
Учкучка куш жете албады.
Чарчап жерге конду үч куш,
Кыялында болуп учкуч.

**Эске туткула**.

Кыргыз алфавтитинде 4 йоттошкон тамга бар. Кыргыз тилинин төл сөздөрүндө е, е, ю, я тамгалары сөз башында келбейт. Сөздүн ортосунда жана акырында үндүү тыбыштардан кийин эки тыбышты билдирет.

**Е** тамгасы төмөнкү учурларда колдонулат:

А) сөз ортосунда үндүү тамгалардан кийин келген **йе** айкалышын белгилөөдө: *Баетов, чие*

Б) үндүү тамгалардан кийин келсе: *диета, проект*

В) ичкертүү жана ажыратуу белгилеринен кийин келген э тыбышы **йе** болуп айтылат.

**Ё** тамгасы төмөнкү учурларда колдонулат:

А) кыргыз тилинин төл сөздөрүндө уңгу сөздөрдө жанаша келген **й** жана **о** тамгаларынын айкашын белгилөө үчүн колдонулат: *койон-коён;*

Б) аягы **й** менен бүткөн уңгу сөздөргө **о** тыбышы менен башталган мүчөнүн айкашын белгилөөдө: *кой+о=коё*

**Ю** тамгасы төмөнкү учурларда колдонулат:

А) уңгу сөздөрдө жанаша келген **й** жана **у** тамгаларынын айкалышын белгилөө үчүн: *куюн*

Б) аягы **й** тыбышы менен бүткөн сөздөрдөн кийин созулма-уу мүчөсү келген учурда, аалдарын айкалышын белгилөө үчүн: *сой+уу+союу*

**Я** тамгасы төмөнкү учурларда колдонулат:

А) уңгу сөздөрдө жанаша келген **й** жана **а** тамгаларынын айкашын белгилөө үчүн: *аяк*

Б) аягы **й** тыбышы менен аяктаган унгу сөздөргө **а** тыбышы менен башталган мүчө уланган кезде йа айкалышын белгилөө үчүн: *картай+а=картая*

**2-көнүгүү. Төмөндө берилген сөздөрдү тууралап, көчүрүп жазгыла.**

Айуу, буйумдар, бойок, тайак, дайар, дайардалат, сайакат, сайакатчы, койуу, койон

**3-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү терип жазгыла.**

**Кыргыздын Таластагы улуу тою**

ЮНЕСКО 1995-жылды "Манас" эпосунун жылы деп жарыялаган. Ошол күндөн тартып кыргызды дүйнөгө даңазалай турган тойду өткөрүүгө даярдыктар көрүлө баштаган.

1995-жылдын 25-августунан 31-августка чейин "Манас" эпосунун миң жылдыгына арналган улуу мааракe өткөрүлдү. Кыргыз жергесине көптөгөн мамлекеттерден меймандар, саякатчылар жана өкмөттүк делегациялар келишти.

25-августта Бишкектин түштүк бөлүгүндө "Манас айылы" мемориалдык-этнографиялык комплекси ачылды.

Беш күн бою кыргыз элинин меймандостугун, каада-салтын, маданияты, өнөрүн, улуттук оюндарын көрүштү.

"Манас" эпосунун сюжети боюнча коюлган театрлаштырылган оюн меймандардын көз алдына кыргыз элинин байыркы турмушун, оомал-төкмөл тагдырын жана Манас баатырдын эрдиктерин тартуулады.

**4-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. 1995-жыл «Манас» эпосунунун жылы деп кайсы уюм тарабынан жарыяланган?
2. Улуу той канча күнгө созулган?
3. Мааракеге кимдер келишкен?
4. Келген меймандар эмнеге күбө болушкан?
5. « Манас айылы» комплекси Бишкектин кайсы бөлүгүндө курулган?

**5-көнүгүү. Тексттин акыркы абзацын эне тилиңерге которгула.**

**6-көнүгүү. Төмөндө берилген сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажыраткыла.**

Баян, жаян, маяна, ая, кое, таюу, жаюу, чиелүү, боёк, боёо, баёо, таене, уюм,аюу,уюк, таяк, кыяк, юбилей, Европа

**Үй тапшырма:** Йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрү бар кыргыз эл макалдарынан үчтөн жазып келгиле.

## Грамматикалык тема: ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАР

### Лексикалык тема: Жалал-Абад шаары

| Максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштар тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | 1. Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштардын саны, алардын бөлүнүшү тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырып айта алышса. |

**Адабияттар:**

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012

2. Аширбаев Т., Кадырова Кыргыз тилинин практикуму. Ош, 1998

3. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б.,2017

4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

5. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. Б.,2008

**1-көнүгүү** . Жаңылмачты окуп, кыргыз тилиндеги ө,ү,ң тыбыштарын айтууга көнүгөбүз.

Көп көпөлөк көкөлөп өтөт,
Көк көпөлөк көкөлөп өтөт.
Төрт көпөлөк бөлөк өтөт
Көп кызга көрсөтөт.

Көкөлөп, көргүн деп,
Көңүлдү көтөрөт.
Көк, кызыл көйнөгүн,

**Эске туткула:**

Өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы сүйлөө органдарынын бирөөсүнүн тоскоолдугуна учурап жасалган тыбыштар – ***үнсүз тыбыштар*** деп аталат. Кыргыз тилинде 25 үнсүз тыбыш бар. Алар жасалуу ордуна, жасалуу ыгына жана үн менен шыбыштын катышына карай классификацияланат.

Үн менен шыбыштын катышына карай жумшак жана каткалаң :

| | |
|---|---|
| | **жумшак:** б,в,г,д,ж,з,й,л,м,н,ң, |
| | **каткалаң**: п,ф,к,т,с,ф,х,ш,щ,ц,ч |
| Түгөйлөштүгүнө карай**:** | **түгөйлүү:** б-п, в-ф, г-к, ж-ш,з-с, д-т; |
| | **түгөйсүз:** й, р, л, м, н, ң, ш, щ, ц,ч, х |
| Жасалуу ордуна карай: | **кош эринчил**:б,п,м; |
| | **эрин-тишчил:** в,ф, |
| | **уччулдар**:л,т,д,з,с.,ч, ш, ж, н, р, ц ,щ |
| | **орточул:**й,к(ки), г(ги),ж; |
| | **түпчүл:** к(кы),г(гы) ,ң, х |
| Жасалуу ыгына карай**:** | **капталчыл:** л; |
| | **дирилдеме:** р; |
| | **жылчыкчыл:**з, с, ж, ж(жюри), ш,й,г,в,ф,х |
| | **жарылма:** б,п, д,т, г(гүл),к(көз), к(кол); |
| | **мурунчулдар:** м,н,ң; |
| | **бириккен үнсүздөр:** щ,ц |

**2-көнүгүү. Таблицаны пайдаланып, төмөндө берилген сөздөрдөгү үнсүз тыбыштарга талдоо жүргүзгүлө**.

Булак, жалгыз, шаардык, китеп, журнал

**3-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, түшүнгөнүңөрдү кыргыз тилинде айтып бергиле**.

**Жалал-Абад шаары**

Жалал-Абад шаары – Жалал-Абад областынын борбору. Ал чоңдугу жагынан Кыргызстандагы үчүнчү шаар. Шаар Кыргызстандагы эң жылуу жана күнөстүү шаар деп эсептелет. Жалал-Абадды жаштардын шаары деп аташат. Шаарда бир нече жогорку

жана атайын орто окуу жайлары, орто мектептер, бала бакчалар бар. Анда көп улуттун өкүлдөрү билим алышат.

Шаарда эс алуу бактары, кооз соода жайлары, базарлар, мекеме-ишканалар бар. Жалал-Абад шаарында Барпы атындагы драма театры, Т.Тыныбеков атындагы филармония бар.

Шаардын чыгышында курорт бар. Анын суусу дарылык касиетке ээ.

Тарыхый маалыматтар боюнча Жалал-Абад шаары 1877-жылы негизделген. Жыл өткөн сайын шаардын аймагы кенейип, кооз, бийик, көп кабаттуу имараттар курулуп, өнөр жай ишканалары курулуп жатат.

**4-көнүгүү. Тексттин 2-абзацын эне тилиңерге которгула.**

**5-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдөгү үнсүз тыбыштарды жасалуу ордуна карай бөлүштүргүлө.**

Суусу, курорт, кооз, имараттар, ишканалар.

**6-көнүгүү. Тексттен *к,г* тамгалары катышкан создөрдү таап, аларды жасалуу ордуна карай айырмалап жазгыла**.

**7-көнүгүү**. **Билимди сынайбыз.**

**1. Үнгө караганда шыбыш басымдуулук кылып айтылган тыбыштар**

а) үндүү тыбыштар б) үнсүз тыбыштар

в) каткалаң г) жумшак

**2. Үнсүз тыбыштар ....**

а) Сүйлөө органдарынын биринин тоскоолдугуна учурап айтыган тыбыштар

б) Үндүн эки эсе созулуп айтылышы менен пайда болгон тыбыштар

в) Күч менен айтылган тыбыштар

г) Эриндин катышы менен айтылган тыбыштар

**3. Уяң үнсүздөр кайсы катарда?**

а) б,п,м,л б) б,п,в,ф

в) й,л,м,н г) р,л,й,к

**4. Жумшак үнсүздөр катышкан сөздөрдү тап**

а) завод, танк, барат б) көмөч, гүл, карга

в) шибер, килем, заар г) бор, завод, алга

**5. Жалал-Абад шаары кайсы жылы негизделген?**

А) 1991-ж. Б) 1877-жылы

В) 1977-ж. Г) 1917-ж.

**Үй тапшырма:** Кыргыз жана өзбек тилдериндеги үнсүз тыбыштардын классификацияланышы боюнча Венндин диаграммасын түзгүлө.

## Грамматикалык тема:
## ЖУМШАК ЖАНА КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР

### Лексикалык тема: Менин үй-бүлөм

| Максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги жумшак жана каткалаң үнсүз тыбыштар тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Үнсүз тыбыштар боюнча алган маалыматтарын өзбек тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | 1. Жумшак жана каткалаң үндүүлөрдү айырмалай билсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Үнсүз тыбыштардын кыргыз тилиндеги бөлүнүшүн өзбек тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Адабияттар:**


1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. – Б., -2012

2. Аширбаев Т., Кадырова А. Кыргыз тилинин практикуму. Ош, 1998

3. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

4. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б.,2017

**Эске туткула.**

Кыргыз тилинде үнсүз тыбыштар үн менен шыбыштын катышына карай жумшак жана каткалаң болуп бөлүнөт.

Жумшак үнсүздөр:б, в, г, д, ж,з, й, л, м, н, ң, р.

Жумшак үнсүздөрдү айтканда үн менен шыбыш катышат.

Каткалаң үнсүздөр: п, ф, к, т, с, х, ц, ч, ш.

Каткалаң үнсүздөрдү айтканда шыбыш гана катышат.

**1-көнүгүү. Жаңылмачты окуп, айтып берүүгө даярдангыла.**

Беш иш күн,
Иш күн беш күн.
Беш күн көппү?

Беш күн бүтсө, иш күн бүтөт,
Иш күн бүтсө, беш күн бүтөт.
Иш күн көппү?

**2-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, анын үлгүсүндө өзүңөрдүн үй-бүлөңөр тууралуу айтып бергиле.**

**Менин үй-бүлөм**

Менин атым-Асылбү. Мен сиздерге биздин үй-бүлө тууралуу айтып бергим келет.

Биздин үй-бүлө чоң жана ынтымактуу. Үй- бүлөбүз 8 кишиден турат. Чоң атам 83 жашта. Чоң энем 80 жашта. Алар бизге башынан өткөн кызыктуу окуяларды айтып беришет. Акыл, насааттарын айтышат. Биз аларды абдан сыйлайбыз.

Атам дарыгер. Ал 45 жашта. Ал областтык ооруканада иштейт. Апам мугалим. Ал 42 жашта. Апам жогорку окуу жайында иштейт.

Агам 23 жашта, ал студент. Агам келечекте дарыгер болот. Мен Жалал-Абад мамлекеттик университетинде медициналык факультетте 1-курста окуйм. Мен да келечекте дарыгер болом. Иним жана синдим мектеп окуучулары. Алар экөө тең шаардагы № 4 мектепте окушат.

Ишемби жана жекшемби күндөрү үй-бүлө мүчөлөрү чогулуп, бош убактыбызды көңүлдүү өткөрөбүз. Чон атамдын, чоң энемдин кеңештерин угабыз.

Атам менен апамын үй жумуштарына жардам беребиз.

**3-көнүгүү. Муундардын кыргызча аталышын билип алгыла.**

| | |
|---|---|
| Ата | Бала |
| Чоң ата | Небере |
| Баба | Чөбүрө |
| Буба | Чебире |
| Кубаар | Кибире |
| Ата-жото | Кыбыра |
| Жете | Үбүрө |
| Тек | Кымыңда |
| Урук | Жыбыра |
| Уруу | Арбаңда |
| Өзөк | Жымыңда |
| Уютку | Эрбеңде |
| Урпак | Өркөн |

**4-көнүгүү. Тексттен каалаган бир сүйлөмдү дептеринерге көчүрүп жазып, андагы жумшак жана каткалаң үнсүздөрдү бөлүп жазгыла.**

**5-көнүгүү . Билимди текшеребиз.**

1. Үнсүз тыбыштар кайсы белгисине карай жумшак жана каткалаң болуп бөлүнөт?

2. Жумшак үнсүздөр кайсылар? Алар кантип айтылат?

3. Каткалаң үнсүздөр кайсылар? Алардын айтылышында кандай өзгөчөлүк бар?

**6-көнүгүү. Макалдарды окуп чыгып, маанисин түшүндүрүп бергиле, ушул макалдарга маанилеш өзбек эл макалдарын эсиңерге түшүргүлө.**

1. Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт. 2. Жакшынын жакшылыгы тиер ар жерде, жамандын жамандыгы тиер тар жерде. 3. Жаман болсо баласы, тоодой болгон атасын төө үстүнөн ит кабат.

**Үй тапшырма**: Кыргыз жана өзбек тилдериндеги үнсүз тыбыштардын классификацияланышы боюнча Венндин диаграммасын түзгүлө.

## Грамматикалык тема:
## МУУН

### Лексикалык тема: Ош шаары

| Максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги муун, анын түрлөрү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | 1. Кыргыз тилиндеги муундун түрлөрүн айырмалай билсе, сөздөрдү муунга ажырата алса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Адабияттар:**

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012

2. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б., 2017

3. Аширбаев Т., Кадырова А. Кыргыз тилинин практикуму. Ош, 1998

4. Танаев Т. Жанылмачтар, макал-лакаптар. Ош, 2003

5. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. Б., 2008

**1-көнүгүү. Жаңылмачты бат айтууга, ө,ү тыбыштарын туура айтууга үйрөнгүлө.**

Эки өйүздө эки өгүз,
Эки өгүздө экөөбүз.
Эки өгүзсүз экөөбүз,
Суудан кантип өтөбүз?

**Эске туткула.**

Бир дем чыгаруу менен пайда болгон тыбыш же тыбыштардын тобу муун деп аталат. Кыргыз тилинде муундун 3 түрү бар.

1. Ачык муун- үндүү тыбыштан турган же үнсүз менен башталып, үндүү менен аяктаган муун. а-па, э-же, су-ра

2. Жабык муун-үндүү менен башталып, үнсүз менен аяктаган муун. ак-мак, ак, үч, эк

3. Үнсүз менен башталып, үнсүз менен аяктаган муун-туюк муун. мек-теп, саат, кат-тар

**2-көнүгүү. Берилген сөздөрдү муунга ажыратып жазып, муундун кайсы түрү экендигин оозеки айтып бергиле.**

Анар, тилке, коен, коездук, унутчаак, Алиппе, дарыя

**3-көнүгүү.** Текстти окуп чыгып, мазмунун кыргыз тилинде айтып бергиле.

## Ош шаары

Ош - Борбор Азиядагы эң байыркы шаарлардын бири. Ал Кыргызстандын түштүк борбору деп аталат.

Ош шаары-Түштүк Кыргызстандын саясий, маданий жана илимий борбору. Шаарда кыргыз, өзбек, орус жана башка ондон ашуун улуттун өкүлдөрү ынтымактуу жашап, иштешет.

Ошто ондогон жогорку окуу жайлары, мектептер, атайын орто окуу жайлары бар. Анда кыргыз, өзбек, орус, түрк ж.б. улуттун өкүлдөрү билим алат.

Ошто пахтадан кездеме токуу, жибек комбинаттары, насос заводу бар. Ош эл аралык аэропорту аркылуу дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө учууга болот.

Шаардын дал ортосунан Сулайман – Тоо орун алган. Ак-Буура дарыясы Ошту кесип өтөт.

**4-көнүгүү. Жогорудагы тексттен каалаган бир сүйлөмдү алып, сөздөрдү муунга ажыраткыла, муундун түрүн аныктагыла.**

**5-көнүгүү. Тексттен туюк муундуу сөздөрдөн терип жазгыла.**

**6-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Ош кандай шаар?
2. Ал Кыргызстандын кайсы бөлүгүндө жайгашкан?
3. Ак-Буура дарыясы каерден агып өтөт?

**4.** Ош шаары тууралуу дагы эмнелерди билесинер, эмнелерди айта аласынар**?**

**6-көнүгүү.** Сүйлөмдөгү сөздөрдү муунга ажыратып, аларды түшүндүрүү менен жыйынтыктайбыз.

Башын ийип, сылай жүгүнгөн, мажүрүм тал Оштун символу.

**Үй тапшырма:** «Байыркы шаарлар» деген темада эссе жазуу

## Грамматикалык тема: БАСЫМ

### Лексикалык тема: Иса Ахунбаев

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги басым, анын түрлөрү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | 1. Кыргыз тилиндеги басымдын түрлөрүн айырмалай билсе, сөздөгү басымдын ордун аныктай алса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Адабияттар:**

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012

2. Аширбаев Т., Кадырова. Кыргыз тилинин практикуму. Ош,1998

3. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б.,2017

4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

5. Танаев Т. Жанылмачтар, макал-лакаптар.Ош,2003

6. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги.Б.,2008

**Эске туткула.**

Сөздөгү бир муундун башка муундардан айырмаланып, көтөрүңкү үн менен айтылышы–басым деп аталат. Кыргыз тилинде басым дайыма сөздүн акыркы муунуна түшөт. Унгуга мүчө улнганда басым улам акыркы муундагы үндүүнү көздөй жылат. Мисалы: китеп, китепкана, китепканачы, китепканачылар, китепканачылардын.

Бирок, төмөнкү учурларда кыргыз тилинде басым акыркы муунга түшпөйт:

1. күчөтмө сын атоочтордо: кыпкызыл, капкара
2. жак, буйрук ыйгайдын мүчөлөрү
3. Адамдын фамилиясын, атасынын атын көрсөтүүчү –ов,-ев,-ович,-овна деген мүчөлөрү

**1-көнүгүү. Төмөндө берилген сөздөрдөгү басымдын ордун аныктагыла .**

Дарыгер, жөө, Ташкентке, жокпу, Ахунбаев, хирургия, эндемиялык богок,кандидаттык, докторлук, диссертациялар, Орто Азия, медициналык, операция, жүрөк, Ысык-Көл, Балыкчы

**2-көнүгүү. Текстти “Чаташкан логикалык чынжырлар” стратегиясы менен окуп чыгышат.**

**1-кадам: Студенттерге нускама берилет, ага ылайык төмөндөгү беш сүйлөмдү маанисине жараша ирети менен жайгаштыруу тапшырмасы берилет.**

1. Алгачкылардан болуп Кыргыз ССР Илимдер Академиясын түптөп, 1954-1960-жылдары анын биринчи президенти болгон. 2. Жашы 17 ге келгенде билимдин артынан сая түшүп, узак жолго сапар тартат. 3. Иса Ахунбаев эмгек жолун 1936-жылы Фрунзе шаардык оорукананын хирургиялык бөлүмүндө катардагы дарыгерликтен баштаган. 4. Бул адамдын ысымы кыргыз журтчулугуна гана эмес, муурдагы СССРдин дээрлик бардык республикаларында кенири таанымал болгон. 5. Исанын жаш чагы кыйынчылык менен өткөн.

**2-кадам**. Студенттердин божомолдорун угабыз. Андан кийин текст таркатылып берилет да, студенттер текстти өз алдынча окуп чыгышат.

**3-көнүгүү. Тексттин негизинде төмөнкү суроолорго жооп бергиле.**

**1.** Иса Ахунбаев деген ким болгон?

2. Ал Кыргызстандын кайсы аймагында туулган?

3. Медициналык билимди кайсы шаардан алган?

4. Эмгек жолун кайсы жылы баштаган?

5. “Жүрөк” деген сөз менен Иса Ахунбаевдин кандай байланышы бар?

6. Анын үй-бүлөсү тууралуу кандай маалыматтарды билесиңер?

**4-көнүгүү**. Текстти окуп чыгып, Исанын дарыгерлик кесипти тандоосуна түрткү болгон окуялар камтылган бөлүктү эне тилиңерге которгула.

**5-көнүгүү. Тексттен басым акыркы муунга түшпөгөн сөздөрдү таап, себебин түшүндүргүлө.**

**6-көнүгүү. Берилген макалдарды окуп чыгып, маанисин кыргыз тилинде айтып бергиле жана ушул макалга маанилеш эне тилинердеги макалды эстегиле.**

1. Аш турган жерде дарт турбайт. 2. Тазалык - соолук негизи, соолук - байлык негизи. 3. Кайрат дартты жеңилдетет, кайгы дартты ырбатат. 4. Оорунун алын сураса, айыкканга тете.

**7-көнүгүү. “Иса Ахунбаев” текстинин негизинде 2 концептуалдык, 2 фактологиялык суроо даярдагыла.**

**Үй тапшырма**: Кыргыз тилинде басым акыркы муунга түшпөгөн 10 сөз таап жазгыла.

## Грамматикалык тема:
## СИНОНИМ

### Лексикалык тема: Төкмөлүк өнөр

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Синонимдер, анын түрлөрү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Синоним, анын түрлөрүн айырмалай билсе, кебинде синонимдерди пайдалана алса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тема боюнча алган теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Адабияттар:**


1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012
2. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы.Б., 2017
3. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004
4. Медициналык энциклопедия. Ф.,1988
5. Танаев Т. Жаңылмачтар, макал-лакаптар. Ош, 2003
6. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. Б., 2008


**Жаңылмачты жанылбай, бир дем менен айтууга үйрөнөбүз.**

Иши бар киши менен иши жок кишинин,
Иши канча иши менен кишинин.

**Эске туткула.**

***Бирдей же бири-бирине өтө жакын маанини билдирип, бир сөз түркүмүнө кирген сөздөр- синонимдер деп аталат.***

***Синонимдер толук синонимдер, толук эмес синонимдер, контексттик синонимдер болуп бөлүнөт.***

**1-көнүгүү. Төмөндө берилген сөздөрдүн синонимдерин жана антонимдерин табалы.**

| Синоним | Антоним |
|---|---|
| башка | пайда болгон |
| а)бирөө | а) келип чыккан |
| б)бөлөк | б)жок болгон |
| в) бөтөн | в) жаралган |
| бир нерсе | байыркы |
| а) бир нече | а) биринчи |
| б) бир түрлүү | б) азыркы |
| в)буюмдар | в) эзелки |
| үрп-адат | кылым |
| а) каада-салт | а) бир жыл |
| б) жүрүм-турум | б) жүз жыл |
| в) алыш-бериш | в) бул жыл |

**2-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин таап, бириктирели.**

| | |
|---|---|
| төрөлүү | жубай |
| үгүттөө | өзгөчөлөнүү |
| өмүрлүк жар | туулуу |
| айырмалануу | таанытуу |
| түшүндүрүү | кайрадан калыбына келтирүү |
| жандандыруу | маани берүү |

**3-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, мазмунун айтып берүүгө даярдангыла.**

**Төкмөлүк өнөр**

Төкмөлүк өнөр-кыргыз элинин ата-бабасынан калган, аздектелген өнөр. Кыргыздар “Төкмөлүк-өнөр төрөсү”, “Төкмө келсе төр бошот”- деп, бул өнөрдү аркалаган адамдарга бөтөнчө сыйурмат менен мамиле жасашат.

Төкмөлүк өнөр дүйнөдө эки гана элде кыргыз менен казакта гана бар.

Төкмө акындар оозунан сөзү куюлган, кыйын кезде кеп тапкан, түрдүү кырдаалдан чыга билген чечен, билимдүү, сөзмөр, акылдуу адамдар болушат. Башка өнөр ээлеринен айырмаланып төкмөлөр эч бир даярдыксыз көрүп, угуп турган нерсени төгүп ырдашат. Эл арасында Жеңижоктун “Аккан суу” деген ырын жети күнү тынбай төгүп ырдаган деген сөз бар.

Кыргыз элинде Токтогул, Жеңижок, Эсенаман, Барпы, Алымкул, Эстебес, Тууганбай сыяктуу залкар төкмө акындар болгон. Алар эл аралап, элдин кайгы-кубанычын тең бөлүшүп, жакшылыгын жар салып ырдашкан.

Азыркы күндө бул өнөрдү Жеңишбек Жумакадыр, Аалы Туткучев, Элмирбек Иманалиев, Азамат Болгонбаев өңдүү төкмө акындар улантып келе жатышат.

Жыл сайын кыргыз-казак акындарынын ортосунда айтыш сынактары уюштурулуп, эки элдин төкмө акындары күч сынашып, эки элдин ата–бабадан калган ыйык өнөрүн улантып келе жатышат.

**4-көнүгүү. Тексттен синоним сөздөрдү көчүрүп жазгыла, алардын берген маанилерин түшүндүргүлө.**

**5-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Төкмөлүк кандай өнөр?
2. Башка өнөр ээлеринен алар эмнеси менен айырмаланышат?
3. Төкмө акындардан кимдерди билесинер?
4. Төкмөлүк өнөр кайсы элдерде бар?

**6-көнүгүү. Макалдарды окуп чыгып, маанисин түшүндүрүп бергиле.**

1. Айтылган сөз - атылган ок, аны кайра алмак жок. 2. Далил жок сөз - чала күйгөн чычала. 3. Ааламдын көркүн көз ачат, адамдын көркүн сөз ачат. 4. Адам сөзүнөн сынат, уй мүйүзүнөн сынат.

**Үй тапшырма:**Акындардын айтышынан угуп, өз оюн айтып берүү

## Грамматикалык тема:
## АНТОНИМ

### Лексикалык тема: Дары формалары

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Антонимдер, анын түрлөрү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Кыргызтилинин лексикасындагы антонимдер, анын түрлөрүн айырмалай билсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тема боюнча алган теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Адабияттар:**

1. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б., 2017

2. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Б., 2010

4. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. Б., 2008

**Жаңы тема түшүндүрүү**

**Антоним** (гр. – карама-каршы ат) – карама-каршы маанидеги сөздөр же сөз айкаштары. Мисалы, Аргымактын куйругу – Бирде жибек, бирде кыл. Азаматтын жакшысы – Бирде мырза, бирде кул. (Алдаш Белек уулу). Контексттен белгилүү болгондой, бул жердеги **Антонимдер**: жибек – кыл, мырза – кул. Өзгөрүлмөлүү жана карама-каршылыктуу турмуш көрүнүштөрүн ар тараптуу көркөм ачык берүүдө **антонимдер** поэтикалык каражат катары кеңири колдонулат.

Антонимдер – мааниси жагынан карама каршы маанide келген сөздөрдү айтабыз.

Мисалы, Асан ак-кара койлорду багат. Асел ачуу-таттуу алмаларды жеп көрдү.

**Баалоонун критерийлерин иштеп чыгуу:**

1. Өтүлгөн теориялык маалыматты өздөштүргөн болсо;
2. Өз пикирин айта алса;
3. Топтордо иштөөдө активдүүлүгүн көрсөтсө;

Муз жаргыч:”Капитан, кеме”

Муз жаргычтын жыйынтыгы менен студенттер кооперативдик топторду түзүшөт.

Андан кийин эксперттик топтор түзүлөт.

1А, 2 А, 3 А, - А кооперативдик тобу;

1 Б, 2 Б, 3 Б - Б кооперативдик тобу;

1 В, 2 В, 3 В - В кооперативдик тобу;

Коопертивдик топтордун негизинде эксперттик топтор түзүлөт:

1 А, 1 Б, 1 В, 1 Г - 1- эксперттик топ;

2 А, 2 Б, 2 В, 2 Г - 2 эксперттик топ;

3 А, 3 Б, 3 В, 3 Г - 3- эксперттик топ;

4 А, 4 Б, 4 В, 4 Г – 4-эксперттик топ

1-кадам: Ар бир эксперттик топко өзүнчө тапшырма берилет.

1-эксперттик топко тапшырма: Суюк дары формалары

2-эксперттик топко тапшырма: Катуу дары формалары

3-эксперттик топко тапшырма: Жумшак дары формалары

Топто иштеп жатканда ушул материалды өздөштүрүү менен бирге өзүнүн түшүнгөнүн кооперативдик топко кайра барганда, топтун мүчөлөрүнө кантип, кайсы ыкма менен түшүндүрүп берерин да пландаштырышат.

2-кадам: Кооперативдик топторго биригүү. Эксперттик топто өздөштүргөн материалды кезеги менен топтун мүчөлөрүнө түшүндүрүп беришет.

3-кадам: Топтун бардык мүчөлөрү тапшырманы толук өздөштүрүп бүткөндөн кийин тема боюнча жалпы топто талкуулоо жана презентациялоо.

**1-көнүгүү**. Сөздүк менен иштөө (КТТС пайдаланып, айрым сөздөрдүн лексикалык маанилерин чечмелейбиз).

**2-көнүгүү. Тексттен антоним сөздөрдү таап, көчүрүп жазгыла.**

**3-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Дары деген эмне?
2. Дарынын кандай формалары бар?
3. Суюк дары формалары кантип кабыл алынат?
4. Былжырлар кандай дары формасына кирет?
5. Шамчалар кайчы учурда пайдаланылат?

**4-көнүгүү. Тексттин 2-абзацын эне тилиңерге которгула.**

**5-көнүгүү. Төмөнкү макалдарды окуп чыгып, анын тутумундагы антонимдерди тапкыла. Макалдардын маанисин түшүндүрүп бергиле жана эне тилинердеги ушул макалдарга маанилеш макалдарды табууга аракет кылгыла.**

1. Балалуу үй - базар, баласыз үй - мазар. 2. Жаш келсе ишке, кары келсе ашка. 3. Жакшы кыздын башында акак менен шуру ойнойт, жаман кыздын башында какач менен бит ойнойт. 4. Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат.

**6-көнүгүү. Үлгүнү пайдаланып, антоним сөздөрдүн маанисин ачкан 7 саптуу даймонд түзгүлө.**

1. Күн
2. Ысык,нурлуу
3. Ысытат, нурун чачат, жашоо берет
4. Тиричилик, планета,карангылык, жаратылыш
5. Муздатат, тынчтандырат, өкүм сүрөт
6. Муздак, нурсуз
7. Түн

**7 -көнүгүү. Төмөнкү үлгүнү пайдаланып, антонимдик катыштагы сөздөрдөн 9 саптуу даймонд түзгүлө.**

| | |
|---|---|
| 1. Зат атооч | Жаз |
| 2. Сын атооч | жашыл, кооз |
| 3. Атоочтук | жандандырган, жашарткан, үмүттөндүргөн |

| | |
|---|---|
| 4. Тактооч | ар дайым, балача, ылдам, кийин |
| 5. Этиш | сүйдүрөт, гүлдөтөт, көрк берет,үшүтөт, тазалайт |
| 6. Тактооч | азыр, чалдарча, узак,мол |
| 7. Атоочтук | ойноткон, жамынган, уктаткан |
| 8. Сын атооч | аппак, таза |
| 9. Зат атооч | кыш |

**Үй тапшырма:** Кыргыз эл макалдарынан антонимдик турпаттагы 3 макал таап, жазгыла.

## Грамматикалык тема: ОМОНИМ

### Лексикалык тема: Кожомкул балбан

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Омонимдер, анын түрлөрү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Кыргыз тилинин лексикасындагы омонимдер, анын түрлөрүн айырмалай билсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тема боюнча алган теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Адабияттар:**

1. Жороев Т.,Мапаева Н. Муз жаргычтар.Ош, 2002

2. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы.Б., 2017

3. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

4. Кыргыз совет энциклопедиясы, Ф., 1988

6. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. Б., 2008

**Муз жаргычтын натыйжасы боюнча студенттер үч топко бөлүнөт**.

Окутуучу "Ротация" стратегиясынын кадамдары тууралуу нускама берет.

1-топ: Омографтар

2-топ: Омоформалар

3-топ. Омофондор

Топтор өз маалыматтарын презентациялашат, башка топтордун кошумчаларын же каршы пикирлерине карата пикирлерин билдиришет.

**Жаңы теманы түшүндүрүү:**

**Омонимдер** (гр. homjs – бирдей жана ōnyma – ат) – тыбыштык жактан бирдей, сөз маанилери ар башка сөздөр. Омонимдер – мааниси ар башка айтылышы, жазылышы бирдей болгон сөздөрдү айтабыз.

Мисалы, кой (үй жаныбары) –кой (этиш). Ат (ысым) – ат (жылкы). Ай (планета), ай (жыл мезгилинин он экиден бир бөлүгү); ак (сын атооч), ак (этиш).

**1-көнүгүү. Төмөндө берилген омонимдердин маанилерин жазып, омонимдерди түрлөрү боюнча топтоштуруп жазгыла.**

Кыш, карта , жай, тердик, капкан, жаз, шыбак, күл, уюм, бак, ат, бал,жая

**2-көнүгүү**. Текстти маркировкалап окуп чыгабыз (божомолдорубуз дал келген жерге кушумча белгисин, дал келбеген жерлерге – белгисин, жаны маалыматтар бар жерлерди + белгилерин коюшат).

**Кожомкул балбан**

Атактуу балбан Кожомкул Каба уулу Суусамыр өрөөнүндө 1888-жылы туулган. Ал жаш чагынан эле олбурлуу балбан болгон. 1921-жылы ал Пишпек шаарына келип, казактын атактуу балбаны Чолок балбан менен күрөшүп, 23 мүнөттөн кийин аны жерге көтөрүп чабат. Суусамыр жайлоосундагы Кең-Суунун тектирине суу чыгармак болушуп, жыйырмага жакын киши арык казып жатканда арыктын дал нугунда бир килейген таш жаткан экен. Ал ташты он

чакты киши жабылып, ордунан козгой албай жатса, Кожомкул келип калат. “ Силер мындай тургула, мен бир байкаштырып көрөйүн”, - деп арыктын ичине отура калып, эки буту менен чирене тээп, ташты ордунан козгойт. Анын астына келтек салып, бир башын Кожомкул жалгыз, экинчи башын жети-сегиз киши көтөрүп, тоголотуп жиберишкен экен.

Дагы бир жылы Суусамырдын Арамзаа жайлоосунда Кожомкул жоондугу бир кучак келген узун мамы ташты жүз метр жерге көтөрүп барып, казылган чуңкурга орнотот. Азыр “Кожомкулдун ташы”, - деп даңаза кылып жүргөн таш ошол. Аны балбан 1910-жылы көтөргөн экен. Ал таштын узун-туурасын, көлөмүн өлчөгөндө, төмөнкүдөй болуп чыкты:

Түп жагынын жоондугу 1 м. 89 см. Ортосунун жоондугу 1м 70 см, уч жагынын жоондугу 1м 60см. Таштын бийиктиги 1м 60 см.

Кожомкул Каба уулу 1955-жылы дүйнөдөн кайтты. Бишкек шаарындагы спорт сарайы Кожомкулдун ысымын алып жүрөт.

**3 -көнүгүү. Тексттен омоним сөздөрдү таап, түрлөрүн аныктагыла.**

**4-көнүгүү. Тексттеги маалыматтардын негизинде 2 фактологиялык, 2 концептуалдык суроо түзгүлө.**

**5-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Кожомкул ким болгон?
2. Ал качан, кайсы жерде туулган?
3. “Кожомкулдун ташы” кайсы жайлоодо турат? Аны эмне үчүн антип аташат?
4. Кожомкул канча жашында дүйнөдөн кайткан?
5. Балбандын ысымы кайсы жерге ыйгарылган?

**6-көнүгүү. Билимди сынайбыз.**

**1. Жазылышы, айтылышы окшош, бирок мааниси ар түрдүү болгон сөздөр...**

а) синонимдер б) омонимдер
в) антонимдер г) паронимдер

**2. Омонимдердин түрлөрүн белгиле.**

а) контексттик омоним, омоформа, омограф

б) омофон, омограф, омоформа

в) омограф, бир унгулуу омоним, бир сөз түркүмүнө кирген омонимдер

г) омофон, омограф, түрдүү унгулуу омоним

**3. Омонимдер менен көп маанилүү сөздөрдү кантип айырмалайбыз?**

а) маанисине карай

б) сөз түркүмүнө карай

в) тыбыштык түзүлүшүнө карай

г) лексикалык маанисине карай

**4. Омоним сөздөрдү тапкыла**

а) жаз, көз, баш, жалкоо

б) жай, күл, сыр, шыбак

в) отун, нан, кирпич

г) чөп, гүл,сабак, саат

**Үй тапшырма**: Кыргызстандын картасын пайдаланып, "Кожомкул балбан" текстинде айтылган жерлерди белгилегиле.

## Грамматикалык тема:
## ЖӨНӨКӨЙ СӨЗДӨР

### Лексикалык тема: Кыргызстан

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Жөнөкөй сөздөр, анын грамматикалык түзүлүшү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Жөнөкөй сөздөрдү татал сөздөрдөн айырмалай алышса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. – Б., 2008

2. Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. – Б., 2001

3. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012

4. Аширбаев Т., Кадырова А., Ажыбаева З. Кыргыз тилинин практикуму. – Б., 2001

**Эске туткула.**

***Бир гана унгуну же бир гана негизди камтып, бир түшүнүктү билдирген сөздөр жөнөкөй сөздөр деп аталат. Мисалы: кыргыз, комуз, калпак, апа***

**1-көнүгүү Текстти окуп чыгып, анын негизинде 3 фактологиялык, 3 концептуалдык суроо түзгүлө.**

**Кыргызстан**

Кыргызстан - Борбор Азиядагы эгемендүү өлкө. Борбору - Бишкек шаары. Кыргызстандын калкынын саны - алты жарым миллион. Кыргызстанда көп улуттун өкүлдөрү жашашат.

Кыргызстан - Орто Азиянын түндүк-батыш жагында жайгашкан. Батыш тарабынан Өзбекстан, түндүгүнөн Казакстан, түштүгүнөн Тажикстан жана Кытай менен чектешет. Чек арасынын жалпы узундугу - 3878 км. Жалпы аянты - 198500 чарчы км. Аянты боюнча дүйнөдө сексен алтынчы орунда турат.

Кыргызстандын калкы алты миллиондон ашык. Кыргызстанда өзбектер, тажиктер, түрктөр, дунгандар, корейлер, орустар, украиндер, татарлар жалпысынан 86 дан ашуун улуттун өкүлдөрү ынтымактуу жашашат.

Биздин өлкөнүн табияты кооз, суусу таза, абасы жагымдуу. Ак кар баскан Ала-Тоо, кереметтүү Ысык-Көл, жаңгак токойлору – элибиздин байлыгы.

Кыргызстан административдик жактан жети областка бөлүнөт: Жалал-Абад областы, Ош областы, Баткен областы, Чүй областы, Талас областы, Ысык-Көл областы, Нарын областы.

Кыргызстандын жайы салкын, кышы анча суук эмес, жазы жагымдуу, күзү берекелүү.

**2-көнүгүү. Кыргыз Республикасынын картасын пайдаланып төмөнкү таблицаны толтурабыз**.

| Облустар | Борбору | Шаарлары |
|---|---|---|
| Жалал-Абад | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

**3-көнүгүү. Тексттен жөнөкөй сөздөр катышкан 2 сүйлөм көчүрүп жазгыла.**

**4-көнүгүү. “Кыргызстан” текстинен алган маалыматтар боюнча РАФТ стратегиясын колдонуп, текст түзөбүз.**

| **Роль** | **Аудитория** | **Факт** | **Тема** |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**5-көнүгүү. Макалдарды окуп, маанисин кыргыз тилинде айтып бергиле, өзбек тилиндеги ушул макалдарга маанилеш же жакын маанидеги макалдарды айтып бергиле.**

1. Ырыс алды - ынтымак. 2. Ынтымак болбой иш оңолбойт. 3. Бир күн уруш болгон жерден кырк күнү береке качат. 4. Өз агасын агалай албаган, киши агасын сагалайт.

**6-көнүгүү. Өзүңөр жашаган аймактан (шаар, кыштактан) Жалал-Абад шаарына чейинки административдик аймактардын (шаар, кыштак, жер-суу) аталыштарын ирети менен жазып чыккыла.**

**Үй тапшырма:** “Кыргызстан - көп улуттуу өлкө” деген темада эссе жазгыла.

## Грамматикалык тема:
## ТАТААЛ СӨЗДӨР

### Лексикалык тема: Улуттук тамактар

| Максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| 1. Татаал сөздөр, анын түрлөрү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Кош сөз, кошмок, сөз, бириккен жана кыскартылган сөз, алардын жазылышы тууралуу билишсе, аларды айырмалай алышса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. – Б., 2008

2. Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. – Б., 2001

3. Аширбаев Т., Кадырова А., Ажыбаева З. Кыргыз тилинин практикуму. – Б., 2001

4. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1996

**Жаны теманы түшүндүрүүдө “Сынчыл ойломдун “ “Зигзаг” стратегиясы колдонулат.**

**“Тап, тап, тез тап” муз жаргычынын натыйжасы менен студенттер төрт топко бөлүнөт.**

**1-топ: Кош сөздөр**

**2-топ: Кошмок сөздөр**

**3-топ: Бириккен сөздөр**

**4-топ: Кыскартылган сөздөр**

**Топтор берилген тапшырма боюнча пикирлерин презентациялашат. Окутуучу тарабынан ар бир топтун пикирине зарыл болгон учурда кошумча, толуктоо, түзөтүү киргизилет.**

**“ББкБ” таблицасынын “Билем”, ”Билгим келет” графасын студенттер менен чогуу толтурабыз.**

**Эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлүп, бир маанини билдирип турган сөздөр татаал сөздөр деп аталат**. Татаал сөздөр тыбыштык турпатына, сөз түркүмдүк белгисине, компоненттеринин маанисине карата төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:

Кош сөздөр - эки компоненттен туруп, бир сөз түркүмүнөн жасалган окшош, тектеш, карама-каршы же жакын маанидеги сөздөр. Мисалы: күн-түн, ата-эне, чай-пай.

Кош сөздөр түгөйлөрүнүн маанилик өзгөчөлүгү боюнча төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:

а) эки түгөйү тең өз алдынча мааниге ээ болгон кош сөздөр: ата-бала, арыз-муң, эже-сиңди

б) бир түгөйү өз алдынча мааниге ээ болгон, бир түгөйү маани түшүндүрө албаган кош сөздөр: чай-пай, кыз-кыркын, эт-пет, ызычуу

в) эки түгөйү тең мааниге ээ болбогон кош сөздөр: икир-чикир, ыз-тыз

Кош сөздөрдүн бардык түрүнө арасына дефис коюлуп жазылат.

Кош сөздөр - маанилик же уйкаштык жагынан жупташып келип, бир гана лексикалык мааниге ээ болгон татаал сөздөр - кош сөздөр болот: бала-чака, чымын-чиркей, күч-кубат.

Кош сөздөрдүн компоненттеринин арасына дефис коюлуп жазылат.

Кошмок сөздөр - тутумундагы компоненттери биригип бир гана лексикалык маанини түшүндүргөн сөздөр. Мисалы: айбалта, кол жазма, Базар-Коргон, бал челек, ат кулак

Кыскартылган сөздөр - сөздөрдүн кыскартылып биригишинен жасалган татаал сөздөр. ЖАМУ, профком, студсовет, БУУ, ИИМ, медфак.

Сөздөрдү каалагандай эле кыскарта берүү мүмкүн эмес. Алар белгилүү бир эреженин негизинде кыскартылат.

Баш тамгаларынан кыскартылган сөздөрдү ташымалдоого болбойт. Бирок аларга мүчө уланганда ташымалдоо эрежелери боюнча ташууга болот. ЖАМУ-га, ЖАМУ-нун ж.б.

Тарыхый жагынан татаал сөздөр тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болуп, биригип кетсе, азыркы учурда жөнөкөй сөз болуп калыптанып калса бириккен сөздөр деп аталат. Сексен, токсон, кочуш, унчук, өйүз

**1-көнүгүү. Берилген татаал сөздөрдү туура жазгыла.**

Кургак учук, акхалат, денсоолук, ашказан, үйбүлө,бей тап, төрөтүйү, каратору,акжуумал, тезжардам

**2-көнүгүү. Татаал сөздөрдү түрлөрү боюнча топторго бөлүп жазгыла.**

ЖАМУ, көк жөтөл, медфак, кыл кыяк, улан-кыздар, токсон, студсовет, ооз комуз, быйыл, жыланбаш, кечкурун, кийим-кече, алмончок, БУУ, көз айнек, ырым-жырым, чай-чамек, обладминистрация, кыз-кыркын, КРдин, этек-жеңи, ата-баба

**3-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, түшүнгөнүңөрдү кыргызча айтып бергиле.**

**Кыргыз элинин улуттук тамактары**

Бешбармак - кыргыздын эң сыйлуу тамагы. Аны кыргыздар жылдын бардык мезгилинде күндөлүк жай турмушунда да, той-топурда да, эл көп келген түрдүү маарекелерде да даярдашат. Бышкан эт майда тууралат. Эттин сорпосуна кесме бышырылат. Эт менен кесмени аралаштырат. Үстүнө чык куюлат. Бешбармак үчүн койдун, жылкынын эти керектелет. Бешбармак даярдоо аркылуу келин-кесектин камыр жаюу чеберчилиги, жигиттердин эт тууроо жөндөмү да сыналат.

Олобо-койдун өпкөсүнө сары май кошулган ынак сүт куюлуп бышырылган улуттук тамак. Аны даярдоо чебердикти талап кылат. Олобо үчүн өпкөгө бычак тийгизбей союш керек.

Сүт куярдан мурда ага толгончо жылуу суу куюлуп, тазаланат. Сууну төгүп салып, сары май, туз кошулуп, жылытылган сүт куюлат. Олобону суу куюлган казанга салып, 2-2,5 саат кайнатат.

Күлазык - көпкө сакталуучу тамак. Ал уйдун, койдун, жылкынын, кийиктин этинен жасалат. Эт бышырылып, кургатылат. Андан кийин сокуга же жаргылчакка тартып, майдаланат. Андан кийин казанга салынып, ун кошулуп, кызарганча куурулат. Күлазык узак сапарга, аң уулоого, жүрүшкө чыгарда даярдалган.

**4-көнүгүү. Тексттен алган маалыматтар боюнча фильворддон бешбармакка керектүү азыктардын аттарын тапкыла.**

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ч | Ы | к | е | ш | з | с | ч |
| Ө | П | к | ө | ю | ж | г | Ф |
| Ц | У | к | х | з | с | ү | Т |
| Э | Т | я | а | о | й | ө | э |
| М | А | й | м | р | т | у | з |
| Л | Т | у | з | т | ю | е | р |
| Ч | В | с | х | п | и | я | з |
| К | Е | с | м | е | ф | и | о |

**5-көнүгүү. Тексттен татаал сөздөрдү тапкыла, кайсы түрү экендигин оозеки айтып бергиле.**

**6-көнүгүү. Кыргыз жана өзбек элдеринин улуттук тамактары боюнча Э.Венндин диаграммасын түзгүлө.**

**7-көнүгүү. Бириккен сөздөрдүн жазылышына көңүл буруп көчүргүлө, тарыхый жактан кандай сөз экендигин айтып бергиле.**

Быйыл, каер, жыңайлак, жылаңбаш, унчукпа, токсон, тияк, өйүз, кайната, таене, бүйүз

**8-көнүгүү. Төмөндө берилген кыскартылган сөздөрдү чечмелеп жазгыла.**

БУУ, КМШ, ӨКМ, КР, ЖК, ИИМ, ТИМ, ОшТВ, КТРК

**Үй тапшырма:** Өзбек элинин улуттук тамактары тууралуу кыргыз тилинде текст даярдап келүү

## Грамматикалык тема:
## УҢГУ

### Лексикалык тема: Чынгыз Айтматов

| Максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги уңгу тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | 1. Унгуну, Ч.Айтматовдун чыгармалары туралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Уңгу тууралуу теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. – Б., 2008

2. Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. – Б., 2001

3. Аширбаев Т., Кадырова А., Ажыбаева З. Кыргыз тилинин практикуму. – Б., 2001

4. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1996

## ЖАҢЫ ТЕМАНЫ ТҮШҮНДҮРҮҮ:

**Уңгу**- сөздүн курулушундагы негизги морфема, башкача айтканда, дагы морфемага ажыратууга мүмкүн болбогон сөздүн маани берүүчү түпкү бөлүгү.

**Уңгу** өз алдынча келип лексикалык маанини туюнтуу же сөздүк функцияны аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошондой эле, башка сөздөрдүн жасалышына да база болуп түшөт. Мисалы, акыл+ман, жашыл+ча, бала+лык...

**Эске туткула.**

***Уңгу- сөздүн лексикалык мааниге ээ болгон, андан ары ажыратууга мүмкүн болбогон бөлүгү. Ал лексикалык маани менен кошо грамматикалык маани да туюндурат.***

**1-көнүгүү. Мекен, Ата Журт темасындагы макалдарды айтып жарышкыла.**

**2-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдөн уңгу, жыраткыла.**

Өзүнүн, чыгармалары, жомокторун, көргөн, жумуштарына, дүйнөсүн.

**3-көнүгүү.Текстти окуп чыгып, мазумунун кыргыз тилинде айтып берүүгө даярдангыла.**

## Чыңгыз Айтматов

Ч.Айтматов өзүнүн чыгармалары менен кыргыз элин дүйнө жүзүнө тааныткан жазуучу. Аны басып өткөн өмүр жана чыгармачылык жолу бизге эң сонун үлгү.

Ч.Айматов 1928-жылы Талас областынын Шекер айылында туулган. Атасы Төрөкул адабият менен саясатка кызыккан билимдүү адам болгон. Чыңгыздын апасы Нагима орус маданияты, орус тили, адабиятын балдары өтө эрте билүүсүнө шарт түзгөн. Чоң энеси Айымкан кыргыз эл жомокторун, эски ырларды, уламыштарды неберелерине көп айтып берген. Бала кезинде уккан жомоктору, ырлары Чынгыздын адабий дүйнөсүн байыткан. Ал мектепте окуп жүргөндө эле эркин темада дил баян жазганды жакшы көргөн.

Чыңгыздын балалыгы оор күндөргө туш келген. Мектепти таштап, чарба жумуштарын аткарып калган. Бала чагында көргөн кыйынчылыктары анын чыгармачылыгына да таасир эткен .

“Газетчи Дзюйо”, ”Ашым”, “Ак жаан” аңгемелери, “Жамийла”, ”Делбирим”, “Саманчынын жолу”, “Ак кеме”, “ Бетме-бет”, “Гулсарат” повесттери, “Кыямат”, “ Кассандра тамгасы”, ”Кылым карытар бир күн”, ”Тоолор кулаганда” романдарын жараткан.

**4-көнүгүү.Тексттен сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган сөздөрдү таап, көчүргүлө**.

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө, өзбек тилине которгула.**

1. Оор, балалыгы, туш келген, күндөргө, жазуучунун.

2. Нагима, билимдүү, Төрөкул, адамдардан атасы, болушкан, апасы.

3.Жомокторду, чоң энеси, уккан, элдик ырларды, Чыңгыз, Айымкандан.

**6-көнүгүү. Тексттен алган маалыматтар боюнча суроолорго жооп бергиле.**

1. Чынгыз Айтматов ким?
2. Анын кандай чыгармалары бар?
3. Жазуучунун ата-энеси кандай адамдар болушкан?
4. Чоң энеси Чынгызга эмнелерди айтып берген?
5. Жазуучунун турмушуна согуш кандай таасир тийгизген?
6. Ч.Айтматовдун кайсы чыгармалары өзбек тилине которулган?

**7-көнүгүү. Тексттен сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу жасалган сөздөрдү таап жазгыла.**

**8-көнүгүү. Төмөндө берилген сөздөрдү унгу мүчөгө ажыратып жазгыла.**

Романдарын, дүйнөсүн, кыйынчылыктарын, мектепти, жумуштарын, уламыштары

**Үй тапшырма:** Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча хронологиялык тартиптеги таблица түзүү

## Грамматикалык тема:
## МҮЧӨ

### Лексикалык тема: “Манас” эпосу

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги мүчө, анын түрлөрү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1.** Кыргыз тилиндеги мүчөлөрдүн түрлөрүн айырмалай билсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. – Б., 2008

2. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012

3. Аширбаев Т., Кадырова А., Ажыбаева З. Кыргыз тилинин практикуму. – Б., 2001

4. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1996

**Интерактивдүү оюн: "Адашпайм"**

**Эске туткула.**

***Мүчө - өз алдынча турганда лексикалык мааниге ээ болбогон, уңгуга уланып, анын маанисин өзгөрткөн сөздүн бөлүгү.***

***Мисалы: китеп-кана=китепкана-чы=китепканачы-лар=китепканачылар-га= китепканчыларга***

***Кыргыз тилинде мүчө 3 түргө бөлүнөт: сөз жасоочу-жалганган сөздүн лексикалык маанисин өзгөртөт. өтүкчы=өтүкчү;***

***кыргыз-стан = Кыргызстан, илим-поз= илимпоз***

***сөз өзгөртүүчү мүчөлөр-жалганган сөздүн лекискалык маанисин өзгөртпөй, грамматикалык маанисин гана өзгөртөт.окуу-га=окууга, кыз-дар+ кыздар***

**1-көнүгүү. Берилген сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла, мүчөнүн түрүн айтып бергиле**

Окутуучу, бейбаш, мектептер, балыкчы, камчыла, тарсылда, шаардык, балалуу, балалык, тизеден, көлгө

**2-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, анын негизинде суроолорду даярдагыла.**

## "Манас" эпосу□

"Манас" эпосу – ак калпактуу кыргыз элин, Ала-Тоолуу кыргыз жерин бүткүл дүйнөгө таанытып, кыргызды дүйнөгө жар салган бирден-бир эпос.

"Манас" эпосу – кыргыз элинин бабалардан калган ата мурасы, руханий маданиятынын туу чокусу. "Манас" эпосунда элибиздин тарыхы, каада-салты, үрп-адаты, маданияты, этностук курамы, деги эле, кыргыз эли, кыргыз жери жөнүндө кенен маалымат берил-

ген. Бул жагынан алып караганда, “Манас” эпосун кыргыз элинин энциклопедиясы катары кабыл алууга болот.

“Манастын” тарбиялык мааниси да өтө зор. Эпостун негизинде жаткан эң сонун идеялардын бири – улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык. Манас атабыздын кырк чоросу да ар кайсы улуттардан болушкан. Алар “сен казак, мен кыргыз” деп бөлүнбөстөн , бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, биримдикте жашашкан.

Эл ичинен Манас, Семетей, Сейтек, Алманбет, Сыргак сыяктуу эрлер, арстан жүрөк шерлер чыгып элибизди сактап калышкан. Алар элибиздин үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап, бөксөргөнүн толтуруп, жоо каптап келсе катыгын колуна карматып, кирип келген калмак-кытайдын кыйласын кыйратып, ак калпактуу калкына калканч, Ала-Тоолуу калаасына урагыс чеп болушкан..

Заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов: “Жер үстүндө кыргыз эли жашап турганда “Манас” эпосу биздин улуттук туу чокубуз катарында түбөлүккө жашай бермекчи”,- деп айткан.

“Манас” эпосу – кыргыз элинин эң негизги улуттук баалуулуктарынын бири. Бүгүнкү күндө “Манас” эпосу дүйнөнүн көптөгөн тилдерине которулду, “Манасты” окубаган адам жокко эсе.

**3-көнүгүү. Тексттен сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган сөздөрдү таап жазгыла.**

**4-көнүгүү. Тексттен каалаган бир сүйлөмдү дептериңерге көчүрүп жазып, сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.**

**5-көнүгүү. ”Манастаануу ” предмети боюнча алган маалыматтарынарды пайдаланып, Эпостун каармандарын алфавит тартиби менен жазып чыккыла.**

**6-көнүгүү. Берилген макалдарды окуп чыгып, маанисин түшүндүргүлө, өзбек тилиндеги маанилеш макалдарды эстегиле.**

***1. Жүз сомун болгончо, жүз досуң болсун. 2. Достун досу кыйынчылыкта билинет. 3. Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт.***

**Үй тапшырма:** Манастын жети осуятын окуп келүү.

## Грамматикалык тема:
## ҮНДҮҮЛӨРДҮН ҮНДӨШТҮГҮ

### Лексикалык тема: Кыргызстандагы өзбек улутундагы атактуу инсандар (С.Шарипов, Э.Акрамов, М.Миррахимов)

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн үндөштүгү (сингармонизм), Кыргызстанда жашаган өзбек улутунан чыккан белгилүү инсандар, алардын ишмердүүлүгү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Эмгекти жана Мекенди сүйүү, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн үндөштүгү (сингармонизм), Кыргызстанда жашаган өзбек улутунан чыккан белгилүү инсандар, алардын ишмердүүлүгү тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Эмгекти сүйүү жана мекенчилдик сезимдери калыптанса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. – Б., 2008

2. Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. – Б., 2001

3. Аширбаев Т., Кадырова А., Ажыбаева З. Кыргыз тилинин практикуму. – Б., 2001

4. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1996

**1. Ынтымак, достук тууралуу макалдарды айтып жарышкыла.**

**Эске туткула.**

**Түрк тилдеринин ичинде үндөштүк мыйзамы жакшы сакталып, төл сөздөрдө анын туруктуу сакталышы боюнча кыргыз тили өзгөчөлөнүп турат.**

| **Үндүүлөрдүн үндөштүк мыйзамы (сингармонизм)** |
|---|

**Тил күүсүнө карай да, эрин күүсүнө карай үндөшсө, толук үндөшүү болот.**

| Биринчи муундагы үндүү | Кийинки муунда келүүчү үндүүлөр | Мисалдар |
|---|---|---|
| А | а,ы | шаарга, талаанын |
| Э | э,и | элдердин, эмгекчи |
| Ы | ы,а | кылымда, ырда |
| И | и,э | биринчилер, тилмеч |
| О | о,у | короого, тойду |
| Ө | ө,ү | өнөрдүн, өрнөктөн |
| У | у,о | уйлуу, унчукпоо |
| Ү | ү,ө | Үйдөн, түлкүлөр |

### Толук эмес сингармонизм

<table>
<tr><td colspan="2">Тил күүсү сакталат:</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Жоон+ жоон</td><td>Балалуу, басуу</td></tr>
<tr><td>Жыргоо, тароо</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Ичке+ичке</td><td>Экөө, жетилүү</td></tr>
<tr><td>Тейлөө, ченөө</td></tr>
<tr><td colspan="2">Эрин күүсү сакталбайт:</td></tr>
<tr><td>Эринчил+ эринсиз</td><td>Жууркан, оодар</td></tr>
<tr><td></td><td>Булак, кулак</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Эринсиз+ эринчил</td><td>Кыроо, ашуу</td></tr>
<tr><td>Билүү, элүү</td></tr>
</table>

**2-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, лексикалык мааниси бейтааныш болгон сөздөрдү белгилеп койгула.**

### Кыргызстандагы өзбек улутундагы атактуу инсандар

Мирсаид Миррахимов - медицина илимдеринин доктору, академик, Кыргыз улуттук кардиология борборунун директору, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер.

Ал 1927-жылы 27-мартта Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарында туулган. Жубайы Неля Юсупова экөө эки кыз, бир уулдун атаэнеси болушкан.

Саламаттыкты сактоо тармагына кошкон зор салымы, талыкпаган эмгеги үчүн Ленин ордени, эки жолу “Ардак белгиси” ордени, 1-жана 3-даражадагы “Манас” ордени менен сыйланган.

2008-жылы 2-октябрда 82 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

Эрнст Акрамов - медицина илимдеринин доктору, профессор, КРдин Жогорку Кенешинин 4-чакырылышынын депутаты (2007-2010-жж.).

1936-жылы 24-июнда Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарында туулган.

Салижан Шарипов - Кыргызстандын туңгуч космонавты, Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры. 1954-жылы 24-августта Ош областынын Өзгөн шаарында туулган. Ал 1998-жылы 23-январда биринчи жолу космоско учкан. Ал космосто 8 күн, 19 саат, 46 мүнөт, 54 секунд болгон.

Салижан экинчи жолу космоско 2004-жылы учкан. Ушул эмгектери үчүн ал Кыргызстандын, Россиянын, Өзбекстандын жана Тажикстандын жогорку мамлекеттик сыйлыктарына татыктуу болгон.

Космосто туруп, жер бетин камерага тартканда, каректей болуп жылтырап бир нерсе чагылышып көрүнүптүр. Ал чекитти булут да баспайт экен. Жер шарынын ал жерине камераны жакындатып келип, чоңойтуп караса Орто Азиядагы Ысык-Көл болуп чыгыптыр. Ошондон улам, космонавттар Ысык-Көлдү жер шарынын “кареги” деп атап коюшуптур.

Алыс сапарга чыкканда мен элимди, жеримди эстеп, кадимкидей куса болом”, - дейт Салижан.

**3-көнүгүү. Сөздүк менен иштөө (КТТС тен студенттер белгилеген сөздөрдүн маанилерин талкуулоо, таанышуу)**

**4-көнүгүү. Жогорудагы тексттин негизинде “Өзбек улутундагы Кыргызстандын сыймыктуу уулдары” аталышындагы кластер түзгүлө.**

**5-көнүгүү. Тексттен толук үндөшүүгө мисал болгон 4, толук эмес үндөшүүгө мисал болгон 4 сөз таап жазгыла.**

**6-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Эмне үчүн бул адамдарды Кыргызстандын сыймыктуу уулдары дейбиз?

2. Булар эмненин натыйжасында мындай данкка, сыймыкка ээ болду деп ойлойсуңар?

3. Өзбек улутунан чыккан кыргызстандык белгилүү инсандардан дагы кимдерди билесиңер?

4. Салижан Шарипов туулган жери тууралуу эмне дегенин билесиңерби?

5. М.Миррахимов кандай сыйлыктарга ээ болгон? Анын кесиби ким?

6. Э.Акрамов кесиби боюнча ким болгон?

**Үй тапшырма: "Талбаган эмгек ийгиликтин ачкычы" деген темада текст түзүп келгиле.**

## Грамматикалык тема:
## ҮНСҮЗДӨРДҮН ОКШОШУУСУ

### Лексикалык тема: Тери

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
| --- | --- |
| 1. Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштардын окшошуусу тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | 1. Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштардын окшошуусу тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Теориялык маалыматтарды өзбек тилинин фактылары менен салыштырып, айырмачылыктары менен окшоштуктарын белгилей алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012

2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

***Жаңы теманы түшүндүрүү.***

***1. Аягы н тыбышы менен аяктаган сөздөргө г жана к тыбыштары менен башталган мүчөлөр уланганда, унгунун аягындагы н тыбышы ң тыбышына өтүп айтылат: нан+ га= наңга ,түн+кү=түңкү***

***2. Сөз з,н,ч тыбыштары менен аяктаса, ага уланган мүчө с,б,т тыбыштары менен башталса, уңгуну аягындагы з,с,н,ч,ш болуп айтылат: жаз+са+жасса***

***3. Жанаша айтылган эки сөздүн биринчиси з,ч,н тыбыштары менен аяктап, экинчи сөз с,ш,т,ч,п,б,к.ж тыбыштары менен башталса, з тыбышы с тыбышына, ч тыбышы ш тыбышына, н тыбышы м же ң тыбышына өтүп айтылат: он бир-ом бир, беш сом-бес сом***

***Бирок, жазууда бул өзгөрүүлөргө жол берилбейт.***

**1-көнүгүү. Төмөндө берилген сөздөргө –га жана –кы мүчөлөрүн улап, жазылышын жана айтылышын түшүндүрүп бергиле.**

Жаан, сан,саан, күмөн, күн,түн

**2-көнүгүү**. Текстти окуп чыгып, түшүнүгүңөрдү кыргыз тилинде айтып бергиле.

**Тери**

Тери денени сыртынан каптап, организмди тышкы таасирлерден сактайт. Анын калыңдыгы 0.2-4 мм. Тери татаал түзүлүштөгү бир нече катмардан турат. Анда көптөгөн нерв учтары, кан тамырлар, май жана тер бөлүп чыгаруучу бездер жайгашкан. Тери каптоочу жана туташтырма ткандан турат. Алар бири-биринен морфологиялык, физиологиялык жактан айырмаланат.

Тери суу, туз, углевод, белок, май, витамин алмашууга жана кычкылтекти сиңирип, көмүр кычкыл газды бөлүп чыгарып, газ алмашууга катышат. Тери кишинин тиричилик процессинде бир катар өзгөрүүгө учурайт.

Теринин түсү меланин пигментине, кан тамырлардын кан менен толушуна, эпидермистин калыңдыгына жараша болот. Тери чөйрөнүн жагымсыз таасиринен сактап турат.

Баланын териси жука, назик келет. Эпидермиси чоң кишиникинен -2-3 эсе жука болот. Балдардын терисинде кан тамырлар көп, кан тамыр капталынын өткөргүчтүгү жогору.

Организм картайганда кан менен камсыз болуусу начарлап, теринин өңү өчө баштайт.

**3-көнүгүү. Факты менен жашты бириктирип жазгыла.**

| | |
|---|---|
| 30 жаш | Тери жумшак, бырышы жок. |
| 60 жаш | Тери кургак тартып, биринчи горизонталдык бырыштар түшө баштайт. |
| 40 жаш | Көздүн, мурундун,эриндин тегерегине бырыштар түшөт. |
| 50 жаш | Моюнга, ооздун тегерегине бырыштар түшөт. |
| 20 жаш | Беттин бардык жерин, колдорду бырыш басат, тери өңүн жогото баштайт. |

**4-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Тери кандай кызмат аткарат?
2. Адамдын терисинин өңү эмнеге жараша болот?
3. Жаш баланын териси эмнеси менен айырмаланып турат?
4. Теридеги өзгөрүүлөргө эмнелер себеп болот?

**5-көнүгүү. Текстти кунт коюп окуп чыгып, үнсүздөрдүн өзгөрүүсүнө мисал боло алган сөздөрдү тапкыла.**

**6-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын туура жайгаштырып, сүйлөм түзгүлө жана өзбек тилине которгула.**

1. Тери турат, ткандан, жана каптоочу жана туташтырма. 2. Кан менен, өңү, организм, теринин, баштайт, картайганда, начарлап, камсыз болуусу, өчө баштайт. 3. Кишинин, тери, өзгөрүүгө, тиричилик процессинде, бир катар, учурайт.

**7-көнүгүү. Факты менен жашты туура бириктирип жазгыла.**

| | |
|---|---|
| 36-45 жаш | Кан айлануунун бир жүрүшү 7-8 мүнөт болот. |
| 40 жашта | Биринчи бырыштар пайда болот. |
| 60 жашта | 11 метрге чейин үндөрдү айырмалап угууга болот. |
| 26-35 жашта | 9-10 секунда ичинде кан айлануунун бир жүрүшү болот. |
| 70жашка жакын | Моюнга, ооздун тегерегине биринчи бырыштар түшө баштайт. |
| 30 жашта | Кан айлануунун бир жүрүшү олуттуу турдө жайлайт. |
| 50 жашта | Үндөрдү максималдуу айырмалап угуу аралыгы 7 метрге чейин кыскарат. |

**Үй тапшырма:** Медициналык энциклопедияны пайдаланып, адамдын терисин сырткы таасирлерден коргоо боюнча маалымат жазып келүү

## Грамматикалык тема:
## ЖАКТАМА АТ АТООЧТОР

### Лексикалык тема: С.Чокморов

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги жактама ат атоочтор, кыргыздын белгилүү инсаны С.Чокморовдун өмүрү, ишмердүүлүгү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1.** Кыргыз тилиндеги жактама ат атоочтор, кыргыздын белгилүү инсаны С.Чокморовдун өмүрү, ишмердүүлүгү тууралуу маалыматка ээ болушса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Жороев Т., Мапаева Н. Муз жаргычтар.Ош,2002
2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**1-көнүгүү. Жаныльмачты бат айтууга үйрөнгүлө.**

Таштан ташты тоголотту,
Таш таштанды тоголотту.
Таштан тайып туруп,
Таш түлөктү томоголотту.
Таш тайгылтпайт экен,
Таштандын иши оңолотпу?

**Эске тутуу!!!**

Жактама ат атоочтор сүйлөөчү, тыңдоочу жана сөзгө катышпаган жактарды атайт. Сүйлөп жаткан тарапты 1-жак дейбиз, мен, көптүк санда биз, тыңдоочу тарапты экинчи жак дейбиз сен(сиз), көптүк санда силер( сиздер), сөзгө катышпаган тарапты үчүнчү жак дейбиз, ал, көптүк санда алар деп атайбыз.

| | | |
|---|---|---|
| 1-жак | мен | биз |
| 2-жак | сен(сиз) | силер (сиздер) |
| 3-жак | ал | алар |

Кыргыз тилинде биринчи жак менен экинчи жак адамга карата гана айтылат. Булар адамзаттык зат атоочторду алмаштырып, алардын ордуна колдонулат.

**2-көнүгүү. Лексикалык тема үчүн сунушталган текстти окууда "Сынчыл ойломдун" ББкБ жана "ИНСЕРТ" стратегияларын пайдаланабыз.**

| **Билем** | **Билгим келет** | **Билдим** |
|---|---|---|
| | | |

**1-кадам. Студенттердин априордук билимдерине таянып "Билем" графасын толтурабыз.**

**2-кадам. Студенттерди кызыктырган суроолор , маселелерди "Билгим келет" графасына жазабыз.**

**3-кадам. Текстти маркировкалап окуйбуз.**

## Сүймөнкул Чокморов

Сүймөнкул Чокморов - кыргыздын белгилүү сүрөтчүсү, таланттуу киноактер. Ал 1939-жылы 9-ноябрда Аламүдүн районундагы Чоң-Таш айылында төрөлгөн. Сүймөнкулдун чыгармачылыгынын башаты да ушул тоо этегиндеги кичинекей айылдан башталган.

Алгач борбор калаа Фрунзедеги көркөм окуу жайында окуп, аны аяктагандан кийин Ленинграддагы Репин атындагы көркөм институтка тапшырган. Окуусун аяктап, Кыргызстанга келгенден кийин кинорежиссер Б.Шамшиев менен таанышкан. Ушул жолугушуудан кийин Сүймөнкулдун актерлук өмүрү башталат.

Ал “Караш-караш” окуясы, “Уркуя”, ”Ысык-Көлдүн кызгалдактары”, “Жамийла”, “Улан” жана башка жыйырмадан ашуун кинофильмдерге тартылган. Жыл сайын өткөрүлүүчү дүйнөлүк кинофестивалдарда беш жыл удаа “Эң мыкты ролу” үчүн деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

Актерлук менен бирге сүрөтчүлүктү да таштабай алып жүргөн. Азыр Бишкек шаарындагы республикалык көркөм сүрөт окуу жайы С.Чокморовдун ысымын алып жүрөт.

Кыргыз элинин таланттуу уулунун элеси кыргыздын улуттук 5000 сомдук акча бирдигине түшүрүлгөн.

Ал 1992-жылы 27-сентябрда 53 жашында дүйнөдөн кайткан.

**3-көнүгүү. Тексттен алган маалыматтар боюнча “Билдим” графасын толтургула.**

**4-көнүгүү. Тексттен жактама ат атоочтор катышкан сүйлөмдөрдү дептеринерге көчүруп жазгыла.**

**5-көнүгүү. “С.Чокморов”деген текстинин мазмуну боюнча 3 фактологиялык, 3 концептуалдык суроо даярдагыла.**

**6-көнүгүү. Мен, сен, ал ат атоочторун жөндөгүлө. Кайсы жөндөмөдө тыбыштык өзгөрүү болгонун айтып бергиле.**

**7-көнүгүү. Макалдарды окуп чыгып, тутумундагы ат атоочторду тапкыла.**

1. Ким башыңды сыласа, машаягың ошол. 2. Өз энеңди сыйласаң, өзгөнүн энесине тил тийгизбе.

**Үй тапшырма:** С.Чокморовдун тарткан картиналары боюнча маалымат жыйноо.

## Грамматикалык тема:
## АТООЧ ЖАНА ЭТИШ СӨЗДӨРДҮН ЖАКТАЛЫШЫ

### Лексикалык тема: Дарыгердин этикети

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Атооч жана этиш сөздөрдүн жакталышы, дарыгердин этикети, деонтология илими тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1.** Атооч жана этиш сөздөрдүн жакталышы, дарыгердин этикети, деонтология илими тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Жороев Т.,Мапаева Н. Муз жаргычтар.Ош,2002
2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000
3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004


**Эске туткула!!!**

**Зат атоочтордун жана башка атооч сөздөрдүн жак боюнча өзгөрүшү атоочтордун жакталышы деп аталат.**

**Кыргыз тилинде адамзатты билдирип, адамзатка тиешелүү болгон зат атоочтор гана жак боюнча өзгөрөт, б.а. жакталат. Мисалы: атамын, энесин, студентсин, илимпозбуз, жылкычымын.**

**Этиш сөздөрдүн жак жана чак боюнча өзгөрүшү этиштин жакталышы деп аталат.**

**Жекелик сан**

| | | |
|---|---|---|
| **1-жак** | **Бара жатам(-мын)** | **Көрсөтүп турам(-мын)** |
| **2-жак** | **Бара жатасың**<br>**Бара жатасыз** | **Көрсөтүп турасың**<br>**Көрсөтүп турасыз** |
| **3-жак** | **Бара жатат** | **Көрсөтүп турат** |

**Көптүк сан**

| | | |
|---|---|---|
| **1-жак** | **Бара жатабыз** | **Көрсөтүп турабыз** |
| **2-жак** | **Бара жатасыңар**<br>**Бара жатасыздар** | **Көрсөтүп турасыңар**<br>**Көрсөтүп турасыздар** |
| **3-жак** | **Бара жатат(-ышат)** | **Көрсөтүп турат(-ушат)** |

**1-көнүгүү. Берилген зат жана этиш сөздөрдү 1-2-3-жактар боюнча өзгөртүп жазгыла. Жак мүчөлөрүнүн өзгөрүшүнө көңүл бургула.**

Дарыгер, бейтап, туугандар, кесишет, айтышкан, көтөрөт, өзгөрөт.

**2-көнүгүү.** Текстти окуп чыгып, мазмунун кыргыз тилинде айтып бергиле.

**Дарыгердин этикети**

Дарыгерлик этика жөнүндөгү түшүнүк илгертен болуп келген. Азыркы күнгө чейин сакталып келген медициналык этиканын илгерки булактарына кирген. Байыркы Вавилондун мыйзамдарында мындай деп айтылган: "Эгерде врач кайсы бир олуттуу операция жасап жатып, оорулууну өлүмгө кириптер кылса, анда жаза катары анын колун кесишет". Байыркы Грециянын улуу дарыгери, "медицинанын атасы" Гиппократ врач үчүн дарылоо жөндөмдүүлүгүнөн тышкары этикалык нормаларды милдеттүү түрдө аткарылышынын да өтө маанилүүлүгүн белгилеген. Медициналык этиканын негизги принциптерин да так ошол Гиппократ жазган деп айтышат.

Дарыгер менен бейтаптын, анын туугандарынын, ошондой эле врачтардын өз ара мамилелери медициналык деонтологиянын аспектилери болуп саналат.

Байыркы дарыгерлер: "Дарылоону сөз аркылуу, чөптөр жана бычак менен жүргүзүш керек", - дешкен. Дарыгердин сылык, акылдуулук менен айткан сөзү оорулуунун көңүлүн көтөрөт. Бейтаптар,

алардын туугандары менен сүйлөшүүдө дарыгердин интонациясы, үн тону, бет жүзүнүн өзгөрүшү, ишараттары чоң мааниге ээ.

Дарыгерде адамга карата өзгөчө сезгичтиги, өзүн оорулуунун ордуна коюп көрүүсү, боорукердик сезим болушу зарыл. Бейтап менен сүйлөшүүдө кайдыгерликке, пассивдүүлүккө, бошондукка жол бербөө керек. Оорулуу адам дайыма дарыгер ага камкордук көрүп, ак ниет мамиле жасап жаткандыгын сезүүсү зарыл.

**3-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Деонтология кандай илим?
2. Дарыгерде кандай сапаттар болушу зарыл?
3. Бейтаптар менен сүйлөшүүдө дарыгер үчүн эмне абдан маанилүү?
4. Эмне себептен дарегердин этикасын Гиппократ иштеп чыккан деп эсептешет?
5. Дарыгер бейтапка ак ниет мамиле жасап жаткандыгын кантип билдирүү керек?

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү жак, сан боюнча өзгөртүп кайра түзгүлө.**

1. Эгерде врач кайсы бир олуттуу операция жасап жатып, оорулууну өлүмгө кириптер кылса, анда жаза катары анын колун кесишет. 2. Байыркы дарыгерлер: “Дарылоону сөз аркылуу, чөптөр жана бычак менен жүргүзүш керек”, - дешкен.

**5-көнүгүү. Макалдарды окуп чыгып, маанисин түшүндүрүп бергиле, өзбек элинин макалдарыны арасынан ушул макалдарга маанилеш же жакын маанидеги макалдарды эстегиле.**

1. Сен деген сенек сөз, сиз деген сылык сөз. 2. Жылуу, жылуу сүйлөсө, жылан ийинден чыгат. 3. Жакшы сөз - жандын азыгы, жаман сөз - жандын казыгы. 4. Жакшы сүйлөсө, гүл төгүлөт, жаман сүйлөсө, жин төгүлөт.

**Үй тапшырма:** Кыргыз жана өзбек тилдериндеги атооч жана этиш сөздөрдүн жакталышын салыштырып, айырмачылыктарын белгилегиле.

## Грамматикалык тема:
## ЗАТ АТООЧ

### Лексикалык тема: Ысык-Көл

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Зат атооч, анын грамматикалык категориялары, жана Ысык-Көл тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү, жаратылышты сүйүү, коргоо көндүмдөрүн өнүктүрүшөт | 1. Зат атоочтун эрежесин, анын сөз түркүму катары маанисин, грамматикалык категорияларын билишсе, Ысык-Көл тууралуу маалыматка ээ болушса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1..Жороев Т., Мапаева Н. Муз жаргычтар. Ош,2002
2..Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000
3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**1-көнүгүү. Жаңылмачты жатка айткыла.**

Алар ак кууларбы,
Ашкан сак кууларбы?
Аңчыны алар азгырабы**?**
Аңчыны алдап жазгырабы?
Аңчыга алар аттырабы?

**Эске туткула.**

Заттын, буюмдардын, жан-жаныбарлардын, абстракттуу түшүнүктөрдүн атын билдирип, ким? эмне? деген суроолорго жооп берген сөздөр **зат атооч** деп аталат.

Зат атооч сөз түркүмдөрүнүн ичинен негизгиси. Кыргыз тилини сөздүк корунун басымдуу бөлүгүн зат атооч сөздөр түзөт. Зат атоочтор абстракттуу жана конкреттүү зат болуп бөлүнөт.

Зат атоочко тиешелүү категориялар: жөндөмө, сан, жак, таандык категориялары.

**2-көнүгүү. Текстти "Чаташкан логикалык чынжырлар" стратегиясы менен окуп чыгышат.**

**Ысык–Көл**

Ысык-Көл дүйнөдөгү чоң жана кооз көлдөрдүн катарына кирет. Чоңдугу жагынан дүйнө көлдөрүнүн арасында бешинчи орунда, ал эми суусунун тунуктугу жагынан Байкал көлүнөн кийинки экинчи орунда турат.

Ал Орто Азиядагы эң чоң көл. Ысык-Көл деңиз деңгээлинен 1609 метр бийикте, Тянь-Шань тоо кыркаларынын түндүк бөлүгүндө орун алган.

Ысык-Көлдүн бассейни - 15844 чарчы километр, эң терең жери - 702 метр.

Көлгө Түп, Жыргалаң, Каракол, Сары-Жаз суулары куят, бирок көлдөн бир да суу агып чыкпайт. Көлдүн суусу туздуу**.**

Космонавттар космосто туруп, жер бетин камерага тартканда, каректей болуп жылтырап бир нерсе чагылышып көрүнүптүр. Ал чекитти булут да баспайт экен. Жер шарынын ал жерине камераны жакындатып келип, чоңойтуп караса Орто Азиядагы Ысык-Көл болуп чыгыптыр. Ошондон улам, космонавттар Ысык-Көлдү жер шарынын "кареги" деп атап коюшуптур. Жер шарында канчалаган океандар, деңиздер, көлдөр бар. Бирок ошолордун ичинен Ысык-Көлдүн чагылып көрүнүшү анын касиетинин күчтүүлүгүн айкындайт.

**3-көнүгүү. "Ысык-Көл" текстинин мазмуну боюнча 3 фактологиялык жана 3 концептуалдык суроо түзгүлө.**

**4-көнүгүү. Тексттен абстракттуу зат атоочторду терип жазгыла, конкреттүү зат атоочтордон айырмасын түшүндүргүлө.**

**5-көнүгүү. Тексттин акыркы абзацын өзбек тилине которгула.**

**6-көнүгүү. "Ысык-Көл" текстинен көптүк сандагы зат атооч сөздөрдү терип жазгыла.**

**7-көнүгүү. Суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Ысык-Көл кандай көл?
2. Ал кайсы жерден орун алган?
3. Анын суусу кандай?
4. Көлгө кайсы дарыялар куят?
5. Эмне үчүн космонавттар Ысык-Көлдү жердин "кареги" деп аташкан?

**Үй тапшырма**: Кыргыз акындарынын Ысык-Көл тууралуу ырларынан бирди жаттагыла.

## Грамматикалык тема:
## ЗАТ АТООЧТУН ТААНДЫК БОЛУП АЙТЫЛЫШЫ

### Лексикалык тема: Боз үй

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги зат атоочтун таандык болуп айтылышы, аны уюштуруучу грамматикалык каражаттар, алардын варианттары, кыргыздын улуттук турак–жайы тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт | **1**. Кыргыз тилиндеги зат атоочтун таандык болуп айтылышы, аны уюштуруучу грамматикалык каражаттар, алардын варианттары, кыргыздын улуттук турак-жайы, анын түзүлүшү тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012

2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**1-көнүгүү. Жаныламачты жатка айткыла.**

Адыраңдаган Адыра ңбайды,
Калпты көп айткан Кадыраңбай,
Сен ардандыра албасаң,
Мен ардандыра аламбы?
Мен ардандыра албасам,
Сен ардандыра аласыңбы?

**Эске туткула:**

**Кыргыз тилинде зат атоочтор жекелик санда да, көптүк санда кимдир бирөөгө же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылат.**

**Жак таандык мүчөлөр**

| | **Жекелик сан** | | **Көптүк сан** | |
|---|---|---|---|---|
| **1-жак** | **-ым(-м)** | **китебим** | **-ыбыз(-быз)** | **китебибиз** |
| **2-жак** | **-ың(-ң)** | **китебиң** | **-ыңар(-ңар)** | **китебиңер** |
| | **-ыңыз(-ңыз)** | **китебиңиз** | **-ыңыздар (-ңыздар)** | **китебиниздер** |
| **3-жак** | **-ы(-сы)** | **китеби** | **-ы(-сы),-лары** | **китептери** |

**Ал эми жалпы таандык мүчө бирөө эле:-ныкы. Мисалы:чарбаныкы, элдики, үйдүкү**

**2-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, боз үйдүн ички бөлүнүшү тууралуу айтып бергиле.**

**Боз үй**

Боз үй көчмөн элдердин биргелешкен акыл оюнан жаралган, жеңил десең жеңил, чечкенге, тиккенге оңой, жайында салкын,

кышында жылуу, жөнөкөй, улуу эстелиги, ыйык куту жана өнөрчүлүгүнүн туу чокусу**.**

Боз үйдүн ичинен төбөңдү карасаң, түндүгүнөн көк асманды, күндүз күндү, түнү ай, жылдызды көрөсүң. Сыртка чыксаң, кең дүйнө шарт ачылат.

Кыргыз боз үйлөрүнүн жыгачы негизинен талдан, түндүгү арчадан жасалат. Көлөмү боюнча төрт канат, алты канат, кээ бир ажо, байлардын өргөлөрү отуз канатка жеткен учурлары бар.

Боз үйдүн ичинде кыргыздын байыртан берки тарыхы, тиричилиги, салты, маданияты, илими, дили, кол өнөрчүлүгү, акылмандыгы, ой-акылы жатат.

Боз үйдүн так ортосу - коломто, ага казан асылат. Төр – үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Анда жүк жыйылып, ала кийиз, шырдак, көлдөлөң, төшөк салынат. Жүктүн эки жагына текче илинет.

Эпчи жак - үйдүн кире беришиндеги оң тарабы. Ага ала бакан орнотуп, ашкананы чий менен калап, тамак-аш, идиш -аяк сакталган. Аяк кап, чыны кап илинген.

Эр жагы - үйдүн сол тарабы. Анда эркектердин кийими, куралы, ат жабдык жана башка буюмдары коюлган. Улага-үйдүн кире бериши. Ага отун жыйып, ээр-токум коюлат.

**3-көнүгүү. Тексттен жак таандык, жалпы таандык мүчөлөр жалганган сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.**

**4-көнүгүү.”Боз үй” текстинин негизинде төмөнкү тапшырманы аткаргыла.**

| Роль | Аудитория | Форма | Тема |
|---|---|---|---|
| | | | |

**5-көнүгүү. Берилген сөздөргө мааниси туура келген таандык мүчөлөрдү жалгап, жазгыла.**

Жамаат, ой, жылдыз, чарба, үй

**Үй тапшырма:** “Боз үй” темасына буклет даярдагыла.

## Грамматикалык тема:
## АТООЧ ЖАНА ИЛИК ЖӨНДӨМӨЛӨР

### Лексикалык тема: Улуттук кийимдер

| Максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| 1. Зат атоочтун атооч, илик жөндөмөлөрү, кыргыздын улуттук кийимдери тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Зат атоочтун атооч, илик жөндөмөлөрү, илик жөндөмөнү уюштуруучу грамматикалык каражаттар, кыргыз элинин улуттук кийимдери тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Адабияттар:**

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. – Б., 2008
2. . Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000
3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

**Жаңылмачты жатка айтууга даярдангыла.**

Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томоголойт,
Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томогололого ндо,
Биз бүркүтүбүздү томого менен томоголобой,
Ким бүркүтүн томого менен томоголойт?

***Жаңы теманы түшүндүрүү.***

**Атооч жөндөмөсү заттарды атап гана көрсөтөт.Ал бардык заттарды таандык эмес түрүндө да, тигил же бул жакка, же затка таандык түрүндө да атай берет. Бардык зат атооч сөздөрдүн баштапкы формасы алардын атооч жөндөмөсүндө турган турпаты менен көрсөтүлөт. Мисалы: комуз, эне, билим, китеп**

**1-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдүн баштапкы, атооч жөндөмөсүндө турган абалын жазгыла.**

Коомдун, энеге, териден, денеде, кийимди

**Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү - нын. Ал сөздөрдөгү үндүү жана үнсүз тыбыштарга карата 16 вариантта өзгөрүп колдонулат.**

**Мисалы: китеп +нын=китептин, суу+нын= суунун, атыр+нын= атырдын**

**Мээ чабуулу:**

**1**. Улуттук кийимдер деген эмне?

7. Улуттук кийимдер улуттун жашоо-турмушуна таасир эте алабы?

8. Кыргыз элинин улуттук кийимдери тууралуу кандай маалыматтарды билесинер?

**2-көнүгүү. Текстти “ Эки бөлүктүү күндөлүк” стратегиясы менен окуп чыгабыз.**

### Кыргыздын улуттук кийимдери

Кыргыздын улуттук кийимдери –элдин этностук тарыхынын ажырагыс бир бөлүгү. Кыргыз кийими жана анын улуттук өзгөчөлүктөрү тарыхый узак мезгилде табигый жагдайлардын, көчмөн мал чарбанын жана ага байланган жашоо ыңгайынын өзгөчө шартында калыптанган.

Кыргыздын улуттук кийимдеринин материалдык негизин тери, жүн, тыбыт жана сатып алынган түрдүү кездемелер түзгөн. Айбанат терилеринен жылуу кийимдерди (ичик, тон, тебетей, тумак), кайберен терилеринен жортуулга кийилүүчү кийимдерди (кандагай, жаргак, шым, чалбар) тигишкен. Аялдар бышык кездемелерди токушкан.

Кыргыздын улуттук кийимдери негизинен жынысына (аял, эркек), жаш курагына (наристе, кыз, уул бала) арналышы боюнча майрамдык, үйдө, үйлөнүү тоюнда, аза күтүүдө, аңчылык кийимдерине, жыл маалына (кышкы, жайкы) жараша бөлүнгөн.

Кыздар үкүлүү топу жана тебетей, кош этек көйнөк,кемсел, өкчөлүү өтүк кийип, кооздуктарды (чачына аркалык, көкүрөгүнө ала тамак, төнөгүч, моюнуна мончок, шуру) тагынышкан. Аялдардын баш кийимдери-шөкүлө, элечек, кеп такыя, дүрүя жоолук. Кыргыз аялдары колдо ултарылган же булгаары өтүк, улгайгандары маасы кийишкен. Аялдардын кийим-кечесинин маанилүү бөлүктөрүнүн бири- кооздуктар (чач учтук, чолпу, шакек, билерик, бой тумар, желбирөөч) болгон. Аялдар аларды дайыма тагынып жүрүшкөндүктөн кийимдин ажырагыс бүтүндүгүн түзгөн.

Эркектердин кийимдери - көйнөк, ычкырлуу шалбар, кандагай шым, чепкен, тон, ичик, чапан, кементай, бешмант, кемсел, тебетей, калпак, тумак, топу, маасы, кепич, чарык, кур.

**3-көнүгүү. Тексттен өзүңөр тандаган цитатага комментарий жазгыла.**

**4-көнүгүү. “Улуттук кийимдер” текстинен алган маалыматтарга таянып, төмөнкү таблицаны толтургула.**

| **Улуттук кийимдер** | | **Баш кийим** | **Сырт кийим** | **Бут кийим** |
|---|---|---|---|---|
| Материалына жараша | тери | | | |
| | кездеме | | | |
| | жүн | | | |
| Кийген адамдын жынысына карата | аял | | | |
| | эркек | | | |
| Мезгилине жараша | жайкы | | | |
| | кышкы | | | |

**5-көнүгүү. Кыргыз жана өзбек элинин улуттук кийимдери боюнча билген маалыматтарындын негизинде Венндин диаграммасын толтургула.**

**6-көнүгүү. Териден, жүндөн жасалган кийимдердин адамдын ден соолугуна тийгизген таасири тууралуу медициналык көз караштарынарды баяндап, 5-6 сүйлөмдөн турган текст түзгүлө.**

**7-көнүгүү. Тексттен атооч, илик жөндөмөлөрүндө турган сөздөрдү тапкыла.**

**Үй тапшырма: Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн пайдаланып, төмөнкү сөздөрдүн жана соз айкаштарынын лексикалык маанисин жазып келүү.**

Дүрүя жоолук, маасы, чолпу, бой тумар, чарык

## Грамматикалык тема:
## БАРЫШ ЖАНА ТАБЫШ ЖӨНДӨМӨЛӨР

### Лексикалык тема: Кыш чилдеси

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Кыргыз тилиндеги барыш жана табыш жөндөмөлөрүнүн мүчөсү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Кыргыз тилиндеги барыш жана табыш жөндөмөлөрүнүн мүчөсүн биле алса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Жороев Т., Мапаева Н. Муз жаргычтар. Ош,2002
2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000
3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**1-көнүгүү. Жаңылмачты жатка айтууга үйрөнөбүз.**

Топоздор топ-топ турушабы?
Топоздор токтоп турушабы?
Топоздор оттоп турушабы?
Топоздор топозго окшоп турушабы?

***Жаңы теманы түшүндүрүү.***

**Барыш жөндөмөсү сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, айтыла турган ойдун жана сөздүн багытын билдирип, кимге? эмнеге? деген суроолорго жооп берет.**

**Барыш жөндөмөсүнүн грамматикалык -га. Толук түрү – га,-ге,-го,-гө,ка,-ке,-ко,-кө; үчүнчү жактын таандык мүчөсүнөн кийин –на,-не,-но,-нө; кыскарган түрдө –а,-е, -о,-ө болуп өзгөрөт.**

**Табыш жөндөмөсү кыймыл-аракет, же айтыла турган ой барып тие турган, же багытталып жаткан затты көрсөтөт жана кимди? эмнени? деген суроолорго жооп берет.**

**Табыш жөндөмөсүнүн грамматикалык каражаты –ны. Таандык мүчөлөр уланбаган учурда –ны,-ни,-нү,-ну,-ты, -тү,-ды,-дү,-ду,-ди,-ы,-и,-у,-ү болуп өзгөрөт.**

1-көнүгүү.

Баракчаларда сүйлөмдөр таратылып, барыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрү уланат, мүчөсүнүн варианттары түшүндүрүлөт.

2- тапшырма – Эки бөлүктүү күндөлүк түзүү К. Тыныстановдун «Дениз – акын, жүрөк – толкун, шамал - шык» деген ыры көркөм окулат. Андан соң куплеттерге бөлүнүп, студенттер окушат.

**Деңиз – акын, жүрөк – толкун, шамал – шык**

Күн боорунда сулуулукту кучактап,
Жаш баладай деңиз күлөт, тынч жатат.
Жан болжогус тереңинде деңиздин,
Эмне сыр бар термелсе да билбес жан.
Жел терметсе, жаткан деңиз солкулдап,
Көтөрүлүп, көөкөрдөнөт толкундап.
Байлоодогу эрк сагынган арстандай,
Чымырканат, улуп-уңшуп күч жыйнап.
Катар-катар өркөч толкун чымылдап,
Жарды уратат эпкин менен койгулап.
Кайтышында сырын айтат ааламга,
Ыр аралаш өксүп-өксүп ый ыйлап.
Ырчы толкун, ыйчы толкун сырын ук,

Эрк, махабат табуу үчүн чыдамдык.

Теше тиктеп, терең тыншап карасаң,

Деңиз – акын, жүрөк – толкун, шамал –шык.

Ыр эки бөлүктүү күндөлүк түзүү стратегиясы аркылуу чечмеленет. Студенттер өзүнө жаккан саптарды тандап алышат да, топтордо талкуулашып, комментария беришет, эмне үчүн ушул саптарга көңүл бурушкандыктарын түшүндүрүшөт.

| Тексттен (ырдан) жаккан фраза, ыр саптары | Комментария |
|---|---|
| | |

**3-тапшырма. Макалдарды тандашып, сабактын темасына байланыштырылып, чечмелешет.**

1) Чындык жалтырайт, калп калтырайт. 2) Кеп чынынан бузулбайт. 3) Жакшынын өзү өлсо да сөзү өлбөйт. 4) Эмгек – дайра, билим – кеме. 5) Бир киши арык казса, миң киши суу ичет. 6) Адам өлсө даңкы калат, Ат өлсө – териси калат. 7) Эки жүздүү – эл бузат. 8) Жакшы киши калааны курат, Жаман киши калааны бузат.

**4-тапшыпма.**

**Текст менен иштөө. Текстеги барыш, табыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрүн тапкыла.**

### Тема: Касым Тыныстанов

Касым Тыныстановдун өмүр жолу боюнча кыскача маалымат берилет. Касым Тыныстанов – маданият жана агартуу ишмери, педагог жана журналист, белгилүү драматург жана акын, котормочу жана көрүнүктүү түркolog, кыргыз профессионалдуу адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири, туңгуч профессор. 1901-жылы 10-сентябрда Ысык-Көлдүн Чырпыкты айылында туулган. Атасы кат тааныган адам болгондуктан, анын кат-сабаты атасынын колунан ачылган. 1912-жылы атасы аны мусулман мектебине берет. 1913-жылы Байсорун кыштагындагы өзбек мектебин бүтүрүп, Каракол

шаарындагы орус-тузем мектебинде 1916-жылга чейин окуйт. 1916-жылы ата-энеси менен Кытайга качууга аргасыз болот. 1919-жылы Ташкенттеги Агартуу институтуна өтүп, 1924-жылы бүтүрүп чыгат. Ушул эле жылы Караколго келип, мугалимдерди даярдоочу курска сабак бере баштайт. 1925-жылдын август, сентябрь айларында «Эркин-Тоо» газетасына редактор, 1927-30-жылдары Кыргыз АССР Эл агартуу комиссары. 1928-жылы «Жаңы маданият жолунда» журналын уюштуруп, 1931-жылы чейин анын жооптуу редактору. 1930-37-жылдарда Кыргыз маданият курулуш институтуна илимий кызматкер жана директор. Ошол эле мезгилде 1932-37-жылдары Кыргыз пединститунун мугалими, 1932-жылы доцент, 1936-жылы профессор.

**5-тапшырма**

Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн катыштырып сүйлөм түзгүлө.

**Үй тапшырма: жогорудагы ыр саптарын жаттап келүү**

## Грамматикалык тема:
## ЖАТЫШ ЖАНА ЧЫГЫШ ЖӨНДӨМӨЛӨРҮ

### Лексикалык тема: Жангак

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Кыргыз жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнүн мүчөсү тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Кыргыз тилиндеги барыш жана табыш жөндөмөлөрүнүн мүчөсүн анык-тай алса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Жороев Т., Мапаева Н. Муз жаргычтар. Ош,2002

2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**Жанылмачты бат айтууга үйрөнөбүз.**

Бир ат бар тор кашка,
Бир ат бар кер кашка.
Тор кашканын маңдайы акпы?
Кер кашканын маңдайы акпы?
Ал экөөн ат дейби?
Аттын маңдайын ак дейби?
Ат дейби?
Ак дейби?

***Эске туткула.***

Жатыш жөндөмө кыймыл-аракеттин аткарылыш ордун, мезгилин, же кайсы бир заттын каякта, кайда экенин билдирип, кимде? эмнеде?деген суроолорго жооп берет.

Жатыш жөндөмөнүн грамматикалык каражаты - да. Жөнөкөй жөндөлүштө -да,-де,-дө,-до,-та,-те,-то,-тө, таандык жөндөлүштө -нда, -нде,-ндө болуп өзгөрөт.

Чыгыш жөндөмөсү кыймыл-аракеттин башталган жерин, учурун жана заттын же анын кандайдыр касиетинин пайда болуу булагын билдирип, кимден? эмнеден? деген суроолорго жооп берет.

Чыгыш жөндөмөнүн грамматикалык каражаты - дан. Ал уңгудагы үндүү жана үнсүз тыбыштарга карата бир нече вариантта өзгөрүп айтылат.

**Муз жаргыч: "Туулган күнүң качан?"**

**1-кадам.** Доскага чийилген ББкБ таблицасынын "Билем" графасын студенттер менен чогуу толтурабыз, б.а. бул тема боюнча студенттердин буга чейин билген маалыматтарын тизмелеп жазабыз. Муз жаргычтын натыйжасы боюнча студенттер жупка бөлүнөт. Окутуучунун нускамасына ылайык ар бир топтон бирден пикир айтышат.

**2-кадам.** "Билгим келет" графасына студенттер жаны тема боюнча билүүнү каалаган маселелерди жазышат**.**

**3-кадам.** Текст жазылган баракчалар таркатылып берилет, студенттер текстти өз алдынча окуп чыгышат. Тексттин тутумун-

дагы лексикалык мааниси студенттер үчүн бейтааныш болгон же татаалдыкты жараткан сөздөрдү окутуучу доскага жазып турат.

**4-кадам.** Сөздүк менен иштөө. Студенттер тарабынан белгиленген сөздөрдүн лексикалык мааниси чечмеленет, студенттердин эне тилине жана орус тилине которобуз**.**

**5-кадам.** "Билгим келет" графасында жазылган маселелерди карап, алардын арасынан текстти окуп чыгып, алган маалыматтарды талкуулайбыз, студенттери кызыктырган бирок, тексттен жооп табылбаган айрым суроолорго окутуучу жооп берет.

## Жаңгак

Жаңгак маңызы аш болумдуулугу жагынан нандан үч эсе, картошкадан 7 эсе, алмадан 13 эсе, уйдун сүтүнөн 12 эсе артыкчылык кыла тургандыгы илимий түрдө далилденди. Мындан тышкары жаңгактын манызында темир, фосфор, жез бар.

Жаңгактын маңызын жеген кезде адамдын жаштык кубаты артат, баш мээсинин иштешин жакшыртат.

Кыргызстанда өскөн жаңгактардын маңызынын майлуулугу 70,8 % түзөт. Ал эми Францияда өскөн жаңгактын манызынын майлуулугу 55,5 % гана түзөт.

Жаңгак токоюнун аянтынын көптүгү жана жыш өскөндүгү жагынан Кыргызстандын түштүгүнө тең келе турган жаңгак токоюн дүйнөнүн эч бир жеринен учуратууга мүмкүн эмес.

Акыркы жылдары жаңгак токойлорунун аянтын кеңейтүү максатында бир топ алгылыктуу иш-чаралар көрүлүп жатат. Токой чарбаларында, питомниктерде атайын өстүрүлгөн жаңгак көчөттөрүн тигүү колго алынып жатат.

Жаңгактын түшүмдүү жылдары анын ар бир түбүнөн орто эсепте 200-250 кг мөмө жыйнап алууга болот.

**1-көнүгүү. Тексттен барыш, табыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдү тапкыла.**

**2-көнүгүү. Тексттен жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө турган сөздөрдү табалы.**

**3-көнүгүү. Таблицаны толтургула.**

| Жөндөмөлөр | Мүчөлөрү | Мамлекеттин атын жөндөйбүз. |
|---|---|---|
| Атооч | | Кыргыз Республикасы, Өзбекстан |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

**4-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Жаңгактын манызынын курамында кандай заттар, элементтер бар?
2. Жаңгак адамдын ден соолугуна кандай таасир тийгизет?
3. Кыргызстанда өскөн жангактын башка мамлекеттерде өскөн жангактан кандай артыкчылыктары бар?
4. Жаңгак дарагынын түшүмдүүлүгү тууралуу эмне айтууга болот?
5. Жаңгак токойлору Кыргызстандын кайсы бөлүгүндө?

**Үй тапшырмасы:** Кыргыз жаңгагынын грек жаңгагы деп аталып калгандыгына байланыштуу маалымат табуу, окуу

## Грамматикалык тема:
## САН АТООЧ

### Лексикалык тема: Вирустуу гепатит

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Сан атоочтун түрлөрүн, вирустуу гепатит тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1** .Сан атоочтун түрлөрүн, уюштуруучу грамматикалык каражаттар, вирустуу гепатит тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Жороев Т., Мапаева Н. Муз жаргычтар.Ош, 2002
2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000
3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**1. Интерактивдүү оюн.**

**Билим,өнөр тууралуу макал-лакаптарды айтышуу.**

**Эске туткула.**

Жаңы сөздөр менен иштөө. Жаңы тема менен таанышкыла. (Слайд) Презентацияда котормосуз сөз үйрөтүүнүн – семантизациялоонун ар кандай ыкмалары колдонулат.

Сан атооч заттын санын, иретин, эсебин, болжолун, тобун катар тартибин билдирген сөз түркүмү сан атоочтор болуп саналат. Сан атоочтор сүйлөм ичинде ээлик, баяндоочтук, айкындоочтук милдетти аткарат. Сан атооч түзүлүшүнө карай жөнөкөй (беш, кырк, миң) жана татаал (он беш, токсон жети, бир миң эки жүз) болуп, экиге бөлүнөт.

**Сан атоочтор маанисине карай алтыга бөлүнөт:**

1. Эсептик сан: үч, элүү, беш миң. Суроосу: канча? нече?
2. Иреттик сан: алтынчы, жүзүнчү. Суроосу: канчанчы?
3. Жамдама сан: бирөө, экөө, жетөө. Суроосу: канчоо? нечөө?
4. Чамалама сан: он-он беш, элүүдөй. Суроосу: канча?
5. Топ сан: үчтөн, беш-бештен. Суроосу: канчадан?
6. Бөлчөк сан: бештен үч, ондон алты, жүздөн жыйырма. Суроосу: канча?

**Сан атоочтордун жазуу эрежелери**

1. Жөнөкөй сандар айрым жазылат.

Мисалы, эки, жети, сегиз, жыйырма, отуз, элүү, алтымыш, жетимиш, токсон, жүз.

2. Миллион, миллиард, триллион сыяктуу сандарда эки катар жазылат.

3. Татаал сандар цифра боюнча да, сөз менен да ар бир оруну бири-биринен ажыратылып жазылат.

Мисалы: 19 – он тогуз (онтогуз болуп жазылбайт).

26 – жыйырма алты (жыйырмаалты болуп жазылбайт).

497 – төрт жүз токсон жети.

2683 – эки миң алты жүз сексен үч.

4. Эсептик сандарга мүчө уланганда мүчө сан менен бирге жазылат: отуздай, кыркча, элүүдөй.

5. Сандардын топ-тобун, чамасын билдирип, эки жолу кайталануу менен түзүлгөн сандар дефис аркылуу жазылат. Беш-бештен, он-ондон, төрт-беш, он-он беш.

6. Цифра боюнча пункттардын ирети көрсөтүлгөндө, цифрадан кийин чекит коюлуп, сүйлөм баш тамга менен жазылат: 1. Экскурсияга барабыз деп жыйналгандар – 100.

7. Иретти көрсөтүүчү сандар цифра аркылуу берилсе, цифра менен кийинки сөздүн ортосунда дефис коюлуп, -ынчы, -нчы мүчөсү жазылбайт: 8-класс, 1995-жыл, 2010-жылдын 7-8-апрель күндөрү.

8. Иреттик сандар рим цифрасы аркылуу берилсе, дефис коюлбай, бөлөк жазылат: IV курс, XX кылым, X бөлүм.

9. Иреттик сан атоочтордун ордуна № белгиси коюлса, андан кийин дефис белгиси келбейт, анткени № белгисинин өзү иреттик маанини билдирет: № 44 мектеп, № 7 токтом, № 6 бейтапкана.

10. Чамалама сандардын арасына дефис коюлуп жазылат: 7-8 киши, 10-15 студент, 40-50 кой. 5. Сан атооч сөзгө -оо, -өө мүчөлөрү уланганда: эки+өө=экөө, алты+оо= алтоо түрүндө жазылат.

**2-көнүгүү. Боштуктарга мааниси боюнча туура келген сан атооч сөздөрдү (цифра менен эмес) жазгыла.**

1. Чогулушка катышкандардын саны: ..................................... . 2. ..................... ........................... бөлүнүп волейбол ойнодук. 3. ........... пункттан турган токтом кабыл алынды. 4. Министрликтен ...................... киши келип катышты. 5. «Ала-Тоодон ...........................» деген чыгарманы билесиңби? 6. Келгендердин ...................... ..................... жаштар экен. 7. Анын жашы

.................................. барып калыптыр. 8. ............................... Ардак грамота берилди.

**3-көнүгүү. Берилген тексттеги сан атоочтордун түрлөрүн аныктагыла, жазылыш өзгөчөлүгүнө көңүл буругула, кетирилген каталарын оңдогула.**

Изилдөөчүлөрдүн ырасташынча, Кыргызстан экономикасы эки урунттуу учурду башынан кечирди. Анын биринчиси – 1991-жылдан 1995-жылга чейинки мезгилди камтыйт. Бул учурда сациалисттик чарбалардын ич ара байланыштары үзүлүп, Кыргызстан толгон-токой экaномикалык проблемалардын төө бастысында калган. 1995-жылы Кыргызстанда өндүрүштүн кедеринен кетүүсү жетер чегине жетип, ички дүң продуктынын көлөмү 1990-жылга салыштырганда 50%тан ашуун төмөн түшкөн. 1996-жылдан тарта гана экaномикалык жандануунун айрым белгилери көрүнө баштаган. Бул мезгилде инфляция деңгээли кыйла төмөндөгөн. 1996 - жылдан 2002 - жылга чейин ички дүң продуктунун жылдык орточо өсүшү 5%ты түздү.

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сан атоочторду тапкыла.**

**1.** Жетимиш жаштагы карыя баласынын кылган ишине төбө чачы тик туруп, сай сөөгү сыздап жатты**.**

**2.** Кыргызстандын атагын чыгарган Атай миллионду утпаса да уткандан артык болду**.**

**3.** Бешиктен бели чыга элек он жети жаштагы Белес, балдардын азгырыгы менен ууру кылганына өкүнүп жатты.

**4.** Отуздай адам райондук соттун алдына чогулуп келишип, өз сунуштарын жана талаптарын айтмакчы болушту.

**5-көнүгүү. Цифра менен жазылган сөздөрдү туура окугула. Сан атоочтордун жазылыш өзгөчөлүктөрүнө көңүл буругула. Сан атоочтун түрүн аныктагыла.**

Мына ушул 5% көрсөткүч төмөн түшпөсө кедейликти жыл сайын 2-3% га азайтуу мүмкүнчүлүгү түзүлөр эле. Бирок буга жетиш үчүн тышкы инвестициянын көлөмү ИДПга карата 20% дан кем

эмес болушу керек. 2003-жылы Кыргызстандын тышкы карызы ички дүң продуктуга карата 87%га жетти. 2002-жылы ал 100%га бир аз жете албай калган. Өкмөт ушу тапта Париж клубуна үмүт артып, карыздарды төлөө мөөнөтүн кийинкиге жылдырып коюу деген суроо менен жашоодо. 2002-жылкы артка жылдырылган 3 жылдык мөөнөт деле эмдиги жылы аягына чыгат.

**6-көнүгүү. Текстти ИНСЕРТ ыкмасы менен окуп чыккыла.**

### Вирустуу гепатит

Гепатит же сарык оорусу — боорду жабыркаткан жугуштуу дарт. Өз ичинен ал A, B, C, D жана E болуп беш түргө бөлүнөт.

Боорду жабыркатуучу катуу кармаган жугуштуу дарт - гепатит. Ооруну 2 түрдүү вирустар (А жана Б) козгойт. Биринчиси жугуштуу гепатити (Боткин оорусун), экинчиси кандын гапатити козгойт. Алар сырткы чөйрөнүн түрдүү туруктуу бөлмө температурасында 1 жыл, суукта 4-5 жыл дан кийин аныкталат. Күн нурунун таасиринен 1,5 саат, 30-40 минутада өлөт. Боткин оорусуну менен ооруган киши соо кишиге вирус менен булганган тамак-аш, кир кол, чымын-чиркей аркылуу, кан, сары суу иштеткен аспаптарды чала стиретилдегенден жугат. Жабыркаган адамдын алы кетип, тез чарчайт. Тамакка табити начарлап, ооздун ичи ачуу даамданып, зарна болот, тамагы аш болбойт, кусат. Ичи ооруп, кээде өтөт. Кээде башы ооруп, мурду бүтүп жөтөлөт, эт ысыйт, температура 39-40°ка көтөрүлөт. Заарасы пиво же коюу чайга окшойт, көздүн айланасын сары түс каптайт.

Гепатиттин A жана E түрү оорунун жеңил формасы болуп саналат. Башкача айтканда, илдеттин бул түрү өнөкөткө айланып кетпейт, аны убагында жакшылап дарыласа адам толугу менен айыга алат. Бул түрүн мурда "боткин" деп да атап коюшкан. Ал эми гепатиттин B, C, D түрлөрү адамда билинбей пайда болуп, көп убакыт дарылоону талап кылат. Ошондой эле анын өнөкөткө айланып кетүү коркунучу бар.

Гепатиттин А жана Е түрү турмуштук шартта эле жугат. Алсак, бул дартка көбүнчө дааратканадан же сырттан келгенде кол жуубаган, кайнатылбаган суу ичкен, мөмө-жемишти жууп жебеген адамдар кабылат. Алардын көбү жаш балдар болот.

Ал эми B, C, D түрлөрү болсо оорулуу адамдан соо адамга кан аркылуу жугат.

Мисалы, баңги ийнелер, сакал алган устара, тиш жуучу щётка, маникюр, педикюр, пирсинг, татуировка жасоочу жана тиш жуулуучу каражаттардан жугат. Ошондой эле жыныстык катнаш аркылуу да илдеттин бул түрүнө кабылып калуу мүмкүн. Ошондой эле убагында эмдөөдөн өтүү керек.

**7-көнүгүү.Сан атооч катышкан сүйлөмдөрдү тапкыла.**

**Үйгө тапшырма берүү.** "Өмүр" деген ырды көркөм окуп, маанисин айтып бергиле

## Грамматикалык тема:
## СЫН АТООЧ

### Лексикалык тема: Балдардын жугуштуу оорулары

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Сын атоочтун түрлөрүн, балдардын жугуштуу оорулары тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Сын атоочтун түрлөрүн, уюштуруучу грамматикалык каражаттар, балдардын жугуштуу оорулары тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Жороев Т., Мапаева Н. Муз жаргычтар. Ош,2002

2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**Интерактивдүү оюн.**

**Жаңылмачты жатка айтуу.**

*Аралды араладык, Аларга караладык. Аларга кабылалбай, Каралап, араладык.*

**Эске туткула.**

**Сын атооч** - заттын өңүн, түсүн, сынын, сапатын, даамын, формасын жана башка көрсөтүп, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөр сын атооч деп аталат. М и с а л ы: кызыл, сары, жашыл, таттуу, ачуу, тоголок, жумшак жана башка. Сын атооч сүйлөм ичинде көбүнчө баяндоочтук, аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат: Мисалы: Акылдуунун сөзү кыска (кыска — баяндооч). Жакшы адамдын белгиси эл камы үчүн жүгүрөт, жаман адам белгиси өз камы үчүн күйүнөт (жакшы, жаман - аныктооч). Бали, азаматтар, жакшы иштедиңер (жакшы -бышыктооч).

**Сапаттык жана катыштык сын**

Заттардын сын-сыпаты, өңү-түсү, даамы, формасы, мүнөзү, сапаты сыяктуу белгилерин түздөн-түз көрсөткөн сын атоочтор сапаттык сын деп аталат. Мисалы: ичке, сулуу, ак, жашыл, тунук, ачуу, тегерек, тоголок, шайыр, түнт, жакшы, жаман, кызылыраак, өтө чоң, абдан сонун, саргыч, бозолук, чоң-кичине, жакшы-жаман, ак-кара жана башка.

Башка бир зат менен болгон байланышына, кандайдыр бир катышына карай заттын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүчү сын атоочтор катыштык сын деп аталат. Мисалы: токойлуу жер, тоодой толкун, темирдей тартип, жаанчыл ай, даамдуу тамак, тумакчан киши, аталаш туган жана башка.

**2-көнүгүү. Берилген зат атооч сөздөргө сыпаттама бергиле.**

Стол ..............................., ..............................., ..................................

Имарат .............................., .............................., ...............................

Кар ................................, ............................, ................................
Адам .............................., ............................, ................................
Жетекчи ........................, ............................., ...............................

**3-көнүгүү. Сүйлөмдөрдөгү сын атооч сөздөрдү аныктап, аларга маанилеш же карама-каршы маанидеги сөздөрдү тапкыла.**

Азыр да ошо суу боюнда жүргөндөй болду Кириск. Азыр да ысык жайдын күнү болуп, ал дырдай жылаңач киринип жүрөт. Мына ал суу бойлой жүгүрүп, кемер жээктен иримге секирди, бирок негедир суу салкынын сезбеди. Бу жолку суу кандайдыр колго жукпаган туман өңдүү суу экен. Ал туманга киринип жаткан тура. Бирок чыйрыктырып, үшүтүп барат. Апасы болсо, күлбөй эле ыйлап турат. «Карасаң, карасаң, куду эле атасынын өзү!» – деп бирөөгө көрсөтүп жатат да, өксүп-өксүп ыйлайт... Көздөн аккан шор жашы бетин жууйт... (Ч. Айтматов)

**4-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү жазып, морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалган сын атоочторду тапкыла. Морфологиялык жол менен жасалган сын атоочту уңгу мүчөгө ажыраткыла.**

**1.** Эки куржунду аңтарышты эле, андан сары ала, кызыл ала, көк ала, чымкый кызыл кездемелер чыкты. **2.** Кемел кылган ишин мойнуна алганы менен досу менен сүйлөшүп, бошонду деп уктум. **3.** Кыргызстан менен Өзбекстандын чек арасынан беш кг. баңгизаты менен акылдуу сынган Кыргызстандын жараны кармалды. **4.** Кара кылды как жарган намыскөй, тамашакөй Акыл эч качан, эч кимден жардамын аябайт. **5.** Куурай башын сындырбаган Кемел менен Марат, көзгө сайса көрүнгүс караңгы түндү жамынып, кошунасынын уйун уурдап милиция кызматкерлери тарабынан дароо кармалыптыр.

**5-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, суроолорду даярдагыла.**

**Балдардын жугуштуу оорулары**

Оору козгогуч микроорганизмдер (вирус, бактерия, мите козу карындар) пайда кылып, соо балага оорулуудан жана бактерия

алып жүрүүчүлөрдөн жугуучу оорулар, жугуштуу оорулардын пайда болуу себептерин, өнүгүү механизмин, белгилерин изилдөөчү жана алардын диагноздоо, дарылоо, алдын алуу, ыкмаларын иштеп чыгуучу медициналык дисциплина. Ал бактериология, вирусология, иммунология, эпидемиология жана башка менен тыгыз байланыштуу.

Баланын жугуштуу ооруларга туруктуулугу жашына, чымырлыгына, тамактануусуна, жашоо шартына жана башкага байланыштуу. Жугуштуу оорулар жаш балдарда (иммунитетсиз кезде) жана улгайган адамдарда кезигет. Оору козгогуч айлана-чөйрөдө түрдүү жолдор менен тарайт.

**6-көнүгүү. Тексттен сын атооч сөздөрдү тапкыла.**

**Үйгө тапшырма:** Берилген сүрөттөр боюнча изилдөө кылып, презентация даярдап келишет

## Грамматикалык тема:
## СЫН АТООЧТУН ДАРАЖАЛАРЫ

### Лексикалык тема: Кымыз менен дарылоо

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Сын атоочтун даражаларын, кымыз менен дарылоо тууралуу маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Сын атоочтун даражаларын, кымыз менен дарылоону тууралуу билишсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Жороев Т., Мапаева Н. Муз жаргычтар. Ош,2002
2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000
3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**1-көнүгүү. Интерактивдүү оюн.**

«Аалам жана жаратылыш кубулуштары» тууралуу табышмактардан жашырып топторго бөлүнүп мелдешкиле.

Мисалы: *Энем токуган килемди карай албадым, Атам берген пулду санай албадым.*

*(күн,жылдыздар)*

**Эске туткула.**

**Сын атоочтун даражалары**

Кыргыз тилинде сын атоочтун төрт даражасы бар: жай, салыштырма, күчөтмө жана басаңдатма даража.

**Жай даража** - заттын белгисин кандай нормада экендигин билгизип, атайын мүчөлөрдүн жардамысыз, уңгу түрүндөгү сапаттык сын атоочтор аркылуу жасалат: кызыл, сары, ак, көк, кара, жашыл, ачуу, кен, сүйрү жана башка.

**Салыштырма даража** - заттагы бир эле белги экинчи заттын белгиси менен салыштырылат. Салыштырууну чыгыш жөндөмөсүнүн -дан жана -ыраак мүчөсү уюштурат. Бал канттан пайдалуу. Замира Берметтен кичине. Москва көп шаарлардан кооз (коозураак).

**Күчөтмө даража** - заттардын сын-сыпатын күчөтүп, өтө жогору же өтө төмөн экендигин көрсөтөт да, төмөнкү жолдор менен жасалат. а) эң, өтө, абдан, чымкый, чылк деген ж. б. күчөткүч бөлүкчөлөрдүн жардамы менен жасалат: эң чоң, өтө күчтүү, абдан жакшы, чымкый кызыл.

- б) сын атоочтун толук кайталанып же кыскарып айтылышы аркылуу жасалат: кыпкызыл, упузун, капкара, сапсары, бийик- бийик тоолор, кооз-кооз үйлөр, сонун-сонункөчөлөр ж.б.
- в) затташкан сын атоочтор к**үчөтмө** даражаны уюштурат: мыктынын мыктысы, сулуунун сулуусу жана башка.

**Басаңдатма даража** - заттагы белгинин нормалдуу белгиге жете бербегендигин же анын басандатылып айтылышын билдирет, төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

- -ыш - агыш, көгүш
- -гыл - киргил, чаңгыл
- -ылжым, -ылжын - көгүлжүм, көгүлжүн
- -гыч - саргыч
- -гылт - кызгылт
- -гылтым - кызгылтым ж.б.

**2-көнүгүү. Сын атооч сөздөрдүн даражасын аныктагыла.**

Асыл эже жумушка кыпкызыл алмаларды алып келиптир. Карлыгачтын чачы абдан узун экен. Бозомук түстөгү көйнөктү жактырган жокмун. Жаңы дүкөн ачылды. Теректей бой бергенче, теменедей акыл бер.

**3-көнүгүү.Текстти ИНСЕРТ усулу менен окуп чыккыла.**

**Кымыз менен дарылоо**

Кымыз - бээ сүтүнөн ачытып жасалган кычкыл суусундук.

Түрдүү ооруларды дарылоодо бээнин сүтүнөн ачытылып жасалган кымызды пайдаланышат**.** Ал байыртан эле белгилүү. Кымыз менен дарылоо Орто Азия, Казакстан, Башкырстан ж.б. жерлердеги санаторийлерде кеңири жүргүзүлөт. Төөнүн, уйдун, эчкинин сүтүнөн да кымыз ачытылат. Бирок алар майлуулугу жагынан бээнин сүтүнөн жасалган кымыздан алда канча айырмаланып турат. Организмге жагымдуулугу, пайдалуулугу, минерал заттардын көптүгү жагынан бээнин сүтүнөн жасалган кымыздын артыкчылыгы бар.

Кымызда А, В, С витаминдери, сүт кислотасы, кант, минерал заттар, май көмүр кычкыл газ болуп, алардын көптүгү жылкы оттогон жайытка жараша болот. Кымызды ичкенден кийин ичеги-карын жолдорунун бездери дүүлүгүп, карын зилин чыгаруу күчөйт. Ошондуктан кымызды ачкарын ичүүгө болбойт. Кымыз тамакка табитти ачат.

Кымыз адегенде жүрөктү лакылдатып, кан басымын бир аз көтөрөт, дени соо адамдар андан бат эле арылат.

Кымыз туберкулез ооруусунда, аз кандуулукта, өнөкөт бронхитте, энтероколитте врачтын көзөмөлү менен ичсе пайдалуу. би-

рок, гипертония оорусунда, жүрөк кемтигинде кымыз ичүүгө болбойт.

**3-көнүгүү. Тексттен сын атооч катышкан сүйлөмдөрдү таап, көчүрүп жазгыла, даражасын аныктагыла.**

**4-көнүгүү. Тексттин негизинде суроолорго жооп даярдагыла.**

1. Кымыз деген эмне?
2. Ал эмнеден жасалат?
3. Кымыздын дарылык касиети тууралуу эмне билесинер?
4. Кымыздын кандай түрлөрүн билесинер?

**Үйгө тапшырма: РАФТ стратегиясын пайдаланып, кымыз тууралуу текст даярдагыла.**

| **Роль** | **Аудитория** | **Форма** | **Тема** |
|---|---|---|---|
| | | | |

## Грамматикалык тема: АТ АТООЧТУН ТҮРЛӨРҮ

### Лексикалык тема: Дарыгер чакыруу

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Ат атоочтун түрлөрү жөнүндө маалымат алышып, аларды кебинде пайдалана алышат. Дарыгер чакыруу жөнүндө маалымат алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | 1. Жаңы лексиканы, ат атоочтун түрлөрүн кебинде туура пайдалана алышса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012

2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

3. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
4. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
5. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**Интерактивдүү оюн.**

**«Туулган жер» темасына байланыштуу макал-лакаптардан айтып, жарышкыла.**

**Мисалы:** *«Туулган жердин суусу-мүрөк, кызы-чүрөк»ж.б.*

**Эске туткула.**

Ат атооч сөздөргө мен, сен, ал, биз, силер, бул, тигил, ким? эмне? эч ким, эч нерсе, баары, бүткүл деген сыяктуу сөздөр кирет. Мен, сен, ал деген сөздөр башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болбостон, жалаң гана ат атоочко таандык. Ал эми анын жөндөлүшү, айрым мүчөлөр менен өзгөрүшү, башка сөз түркүмдөрүнөн болгон айырмачылыгы, ат атоочтун морфологиялык белгиси болуп саналат. Ат атооч сүйлөм ичинде ээлик, баяндоочтук, аныктоочтук, толуктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат.

**Ат атоочтун жөндөлүшү**

Зат, сын, сан атооч сөздөр сыяктуу эле ат атооч сөздөр да жөндөмөлөр менен жөндөлүшөт. Бирок ат атоочтордун жөндөлүш өзгөчөлүгү башкача.

**Ат атоочтордун жөндөлүшү**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | мен | сен | ал | бул | ошол | тигил |
| | ме-нин | се-нин | а-нын | му-нун | ошо-нун | тиги-нин |
| | ма-га | са-га | а-га | бу-га | ошо-го | тиги-ге |
| | мен-и | се-ни | а-ны | му-ну | ошо-ну | тиги-ни |
| | мен-де | сен-де | ан-да | мын-да | ошон-до | тигин-де |
| | мен-ден | сен-ден | ан-дан | мын-дан | ошон-дон | тигин-ден |

**Ат атоочтор берген маанилерине карата алтыга бөлүнөт:**

1. Жактама ат атооч: мен, сен (сиз), ал; биз, силер (сиздер), алар

2. Шилтеме ат атооч: бу(л), тиги(л), тетиги(л), тээтетиги(л), мына ушул ж.б.

3. Сурама ат атооч: ким? эмне? кайсы? качан? кайда? канча? кана? ж.б.

4. Тангыч ат атооч: эч ким, эч нерсе, эч бир, эч качан, эч кандай, эч убакта ж.б.

5. Аныктама ат атооч: бүткүл, бардык, баары, ар ким, ар бир, ар качан, ар кайсы, өз ж.б.

6. Белгисиз ат атооч: кимдир бирөө, алда кандай, алда эмне, алда ким, бир нерсе, кээ бир, кандайдыр бир ж.б.

**2-көнүгүү. Берилген ат атоочторду жөндөмө боюнча өзгөртүп жазгыла.**

Атооч: бул канча эч ким ар нерсе бир канча. Илик: Барыш: Табыш: Жатыш: Чыгыш:

**3-көнүгүү. Боштуктарга ат атооч сөздөрдү туура келген формада толуктап жазгыла.**

, …………………. башчы чакырып жатат. 2. ……………. мүнөздөмөсү бар бекен? 3. Керектүү документтердин …………………. тиркелди. 4. Бул кабар иштегендердин ………………….. айтылды. 5. …………….. бар бир кыял, ал кыялды ………… тыяр. 6. Китептин …………………. архивге алып кетишти. 7. Бул жердегилерден ………………….. таанбайсыңбы?

**4-көнүгүү. Сөздөрдүн аягына жак мүчөлөрдү улагыла.**

Мен кызматкер……; окумуштуу……..; бийчи………....; декан……. Сен кызматкер……; окумуштуу……..; бийчи…………; декан……. Сиз кызматкер……; окумуштуу……..; бийчи…………; декан……. Ал кызматкер……; окумуштуу……..; бийчи…………; декан……. Биз кызматкер……; окумуштуу……..; бийчи…………; декан……. Силер кызматкер……; окумуштуу……..; бийчи…………; декан……. Сиздер кызматкер……; окумуштуу……..; бийчи…………; декан……. Алар кызматкер……; окумуштуу……..; бийчи…………; декан…….

**5-көнүгүү. Таблица менен иштөө**

Студенттер таблицаны толтурушат. Мугалим же студент кулактандыруу окуп берет. Студенттер кулактандыруу эмне жөнүндө экенин айтып беришет. Текст менен иштөө. Студенттер тексттер менен өз алдынча таанышышат. Кичи топтордо талкуулашып, берилген суроолорго жооп беришет. Студенттер чачылган сөздөрдөн сүйлөм түзүшөт. Мисалы: Тоого, тээтиги, кыйын, жетүү.

– Тээтиги тоого жетүү кыйын. Мугалим ат атоочторду таап, анын астын сызып койгула деп тапшырма берет. Жупта текшерип, сүйлөмдүн туура вариантын аудиторияда окуп беришет. Шамал болду, балык уулоого барды, сууга секирди деген сөз айкаштары бар болсо, текст эмне жөнүндө болушу мүмкүн? деген суроого жооп беришет. Студенттер өз ойлорун жупта бөлүшөт, аудиторияда айтышат. Бул көнүгүүнү үч кичи топто аткарса болот. Ал үчүн мугалим ар бир топко сөздөрдү бөлүп берет. Ар бир топ үлгүнү пайдаланып, суроолуу сүйлөмдөрдү түзүшөт. Андан кийин башка топтун студенттери суроолорго жооп беришет. Студенттер табышмактарды окушуп, сүрөт түрүндө берилген жооптор менен туура дал келтиришет. Ар бир топко бирден табышмак берилет. Мугалим студенттердин туура окуганына, сөздөрдүн маанисин туура түшүнгөнүнө көңүл бурат.

**6-көнүгүү. Текст менен иштөө.**

**Дарыгер чакыруу**

Бир күнү апам сыркоолоп калды. Атам апамдын абалын көрүп мындай деди:

- Сенин көрүнүшүң жакшы эмес? Сага эмне болду?

- Менин башым ооруп, мурдум бүтүп жатат.

- Дене табың кандай? Өлчөп көрөлүчү. О, дене табың көтөрүлүп калган тура. Мен дарыгер чакырышым керек.

Бир нече минуттан кийин дарыгер келди. Ал апамдан сурады:

-Сизге эмне болду?

-Мен өзүмдү начар сезип жатам. Башым, тамагым ооруп, мурдум бүтүп жатат.

– Мага колуңузду бериңизчи, жүрөгүңүздүн согушун текшерип |көрөйүн. Жүрөгүңүз тез согуп жатат. Кан басымыңызды текшерейин. Кан басымыңыз 140-80 болуптур, кан басымыңыз калыбында. Мен өпкөңүздү жана жүрөгүңүздү тыңшап көрөйүн, кийимиңизди чечиңиз. Терең дем алыңыз, бир аз дем албай туруңуз. Эми дем алыңыз. Баары жакшы. Демиңизди чыгарыңыз. Кана, оозунузду ачыңыз жана "ах" деп айтыңыз. Тилиңизди көрсөтүңүз. Сиз тумоолоп калыптырсыз. Бир нече күн төшөктө жатып дарыланышыңыз керек. Мен сизге дары жасап берейин. Дарыларды убагында кабыл алып туруңуз. Сиз медайым турбайсызбы, сиз буларды жакшы билесиз. Бул сиздин бейтап баракчаңыз. Жакшы болуп каласыз, үч күндөн кийин мага келип кетиңиз. Аман турунуз.

**Үйгө тапшырма:** Сүрөттөрдү иретке келтирип, чакан аңгеме түзүүгө көнүгүү берет. Студенттер таяныч сөздөрдү пайдаланып аңгеме түзүшөт.

## Грамматикалык тема:
## ЭТИШ

### Лексикалык тема: Гигиеналык эрежелер

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Жаңы тема боюнча лексиканы өздөштүрүшөт, активдештиришет. Ар түрдүү кептик кырдаалдарда этиштин категорияларын колдонушат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Жаңы лексиканын маанисин түшүндүрө алышса, этиштин категорияларын туура пайдалана алышса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

2. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

3. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

5. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б., 2017


**Интерактивдүү оюн. «Чатыш».**

Эгерде топто мүчөлөрдүн саны 20дан ашса, анда эки топко бөлүнөт.Тегерете тургузулат. Катышуучулар эки колун алдыга сунушат. Ар бири каршысында турган эки өнөктөшүнүн бирден колун кармайт. Колдорду коюп жиберүүгө болбойт. Кандай кармашкан болсо, аягына чейин сактап, түрдүү кыймылдарды аткаруу менен түйүндү жандырып, тегерек туруп калуукерек.

***Эскертүү**: Оюндун аягында кээ бир катышуучулар тескери туруп калышы мүмкүн. Бул ката эмес. Башкысы – түйүндү жазуу.*

***Эске тутуу!!!***

**Этиш** - кыймыл аракетти билдирет. Кыймыл аракеттин мааниси кең, б.а. нагыз билинип турган этиштер менен бирге, ал – абал (отур, тур), ал – абалдын өзгөрүшү (картай, агар, жашар) сыяктуу башка түшүнүктөрдү кыймыл – аракет түрүндө көрсөтөт. Этиште ал-абал, чак менен байланыштырылып, убакыт боюнча өтүлүүчү кыймыл-аракет түрүндө берилет. Этиштин ар кандай кыймыл-аракетин убакытка байланыштыруу этишти башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалоочу өзгөчөлүгү болуп эсептелинет.

Этишке мүнөздүү жана аны башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалоочу грамматикалык категориялар- **мамиле, ыңгай, чак.**

**Этиштин ыңгайлары**. Сүйлөөчү адамдын кыймыл-аракетке карата болгон мамилесин билдирген этиштин формасы ыңгай деп аталат. Этиштин ыңгайлары бешке бөлүнөт:

1. Буйрук ыңгай. 2. Каалоо-тилек ыңгай. 3. Баяндагыч ыңгай. 4. Шарттуу ыңгай. 5. Максат-ниет ыңгай

**Этиштин мамилелери**. Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан адамдын өзү тарабынан иштелгендигин же башка адамдар тарабынан аткарылгандыгын билдирген грамматикалык категория этиштин мамилелери деп аталат.

Этиштин беш мамилеси бар: 1) негизги мамиле, 2) кош мамиле, 3) өздүк мамиле, 4) туюк мамиле, 5) аркылуу мамиле.

**Атоочтуктар**

Белгилүү бир убакытка тушташ кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтүүчү этиштин грамматикалык туунду формалары атоочтуктар деп аталат.

Атоочтуктар этиштик жана атоочтук касиеттерге ээ.

**Этиштик касиети төмөнкүлөр:** 1) кыймыл-аракетти билгизет: *Куш аяган киши көк карайт, ат аяган киши жер карайт. Сөздү угар жерге айт, сууну сиңер жерге төк;*2) мамиле, чак категорияларына ээ. 3) этиштик касиетин сакташып, өздөрү менен бирге айтылган сөздөрдү жөндөмөнүн тигил же бул формасында болушун талап кылат, б. а. аларды башкарышат.

**Атоочтук касиеттери төмөнкүлөр:** сын атооч сыяктуу, заттын белгисин билдиришип, аныктоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: *айдалган жер, окуган киши; кызыл чыт, көк китеп ж. б.*

**Чакчылдар**

Жакты жана чакты көрсөтпөй туруп, негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин билгизүүчү туунду форма чакчылдар деп аталат. Чакчылдар негизги этиш менен бирге айтылган учурда аларды аныктоо, тактоо катарында кошумча кыймыл-аракетти билгизет, бышыктоочтук милдет аткарат. Мисалы: *Ал каткырып күлдү. Акшырая карады.* Бул сүйлөмдөрдө *каткырып, акшырая* – чакчылдар өздөрүнөн кийинки негизги кыймыл-аракеттерди кандайча жана кантип болгонун тактап, кошумчалап, алардын белгиси катарында пайдаланылды.

Чакчылдарды -а//-е//-й жана -ып мүчөлөрү уюштурат.

**Кыймыл атоочтор**

Кыймыл-аракеттин атын, же кыймылдын процессин билдирүүчү этиштин туунду формалары кыймыл атоочтор деп аталат.

Кыймыл атоочтор этишке -оо, -уу, -ып, -мак, -май жана -ыш мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу жасалат: баруу, келүү, кыйноо, жыйноо, олтуруш ж. б.

Кыймыл атоочторго да, атоочтор сыяктуу жөндөмө, таандык сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жалганат, сүйлөмдө атоочтор сыяктуу ээлик жана толуктоочтук милдет аткарышат.

**1-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн ичинен этиштин ыңгайларын тапкыла. Алар кайсы мүчөлөрдүн жардамы менен жасалгандыгын айтып бергиле.**

1. Күн асмандын нурданган көркү болсо, абийир - адамдын нурданган көркү. 2. Сууну көп кечсе – чалчык болот, Сөздү көп сүйлөсө - тантык болот. 3. Ач койнуңду, оо, менин Мекеним. 4. Кош балдагын басып турат, Кабар келсе шашып турат. 5. Бүт дартымды өз мойнума алайын, Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт. 6. Таш менен жапалакты урса да, жапалак өлмөкчү, жапалак менен таш урса да, жапалак өлмөкчү. 7. Көп түкүрсө көл болот, көл толкуса сел болот.

**2-көнүгүү. Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн ичинен этиштин өзгөчө формаларын таап астын сызып, этиштин кайсы формасы экенин айтып бергиле. Өзүңөр да ушундай мисалдардан жазгыла.**

1. Билимди алып, аны пайдаланбаган адам жерин айдап, үрөнүн сеппеген дыйканга тете. 2. Акыл-тозбогон тон, билим-түгөнбөгөн кен. 3. Көп жойлогон түлкү капканга түшөт. 4. Күн тийбес тамда жатамын. Күч кетип, эс ооп, алсырап. 5. Жазуу-адам коомундагы эң улуу табылгалардын бири.

**3-көнүгүү. Төмөнкү тексттен этиштин өзгөчө белгилерин (атоочтук, чакчыл, кыймыл атооч) тапкыла жана алардын**

**этиштик белгилерин аныктагыла. Тексттерди өзүңөр аяктагыла.**

1. Кыргыз эли жылдан чоң убакытты эсептөө бирдигин мүчөл дешкен. Мүчөл жылдардын кандайча жаралышы жөнүндө Махмуд Кашкари мындай болмушту келтирген. Түрк кагандарынын бири өзүнөн бир нече жыл мурда болгон согушту изилдемекчи болот. Бирок анын күнүн тактоодо аябай кыйналат. «Биз кыйналгандай болуп, бизден кийинки муундар да кыйналбасын, андыктан он эки ай менен асмандагы он эки зодиактын атын негиз кылып, он эки жылга ат коюшубуз керек. Кийин жыл эсеби ошол жылдардан айланышы боюнча жүргүзүлсүн жана бул нерсе жакшы салт болуп калсын», - деп сунуш кылган.

2. Кеч кирип келе жаткан. Жоламан экөөбүз коюбузду бөлүп алдык да, жон ылдый куюлтуп жөнөй бердик. Жер алай-дүлөй түшүп, кардуу бороон ышкырып турган. Бети-башыбызды тумчулап, араң жүрүп келебиз. Бир кезде мен артымды бурулуп карай калдым. Үч карышкыр булак этип жонго чыга түштү да, так Жоламандын коюнун тушунан качырып сала берди. Мен көрө коюп, чыйылдаган жапыз үнүм менен кыйкырып калдым эле, бирөө жай кайра тартты.

3. Мейман келсе түк бүркөбөс кабагын,
Менин элим сыйкор келет карагын.

**III. Өтүлгөн материалды бышыктоо. Текст менен иштөө**

**Гигиеналык эрежелер**

Акыл эмгеги менен күч эмгегин туура айкалыштыруу, физкультура менен машыгуу, жакшылап, үзгүлтүксүз тамактануу, уйкуну кандыруу бардык курактагы адамдар үчүн зарыл гигиеналык шарттар болуп эсептелет. Кийим-кечекти, турак жайды таза күтүү, ошондой эле тамак-аш даярдоодо гигиеналык талаптарды сактоо зарыл.

Адамдын териси негизги сезгич орган. Ал организмдин жылуулук жана газ алмашуусунда катышып, зат алмашуунун акыркы продуктусун, суу буусун, тер, май бөлүп чыгарат. Бөлүнүп чыккан заттар терини дүүлүктүрөт, чаң, тер жана май бездеринин тешикчелерин бүтөп, микроорганизмдер, мите козу карындар булганч

териге түшкөндө алардын өсүп өөрчүүсү үчүн ыңгайлуу шартка туш болушат. Дематит ириңдүү жана башка тери оорулары мына ушинтип пайда болот. Көбүнчө тырмактын алдында бактериялар көп чогулат, ошондуктан тырмакты таза күтүп, колду дайыма таза жууш керек. Ал эми коомдук тамак-ашта иштегендердин колу дайыма таза болгону зарыл. Өздүк гигиенанын ыкмаларын балдарга жаш кезинен үйрөтүү керек. Тери таза болушу үчүн денени дайыма жылуу суу менен самындап жууш керек.

**IV. Сабактын жыйынтыгы.** Рефлексия. Студенттер берилген таблицаны өз алдынча толтурушат, жоопторун оозеки айтып беришет. Мугалим студенттерге түшүнүксүз болгон нерселерди өзүнө белгилеп, кийинки сабакта токтолуп кетиши керек. Студенттердин билими сабактын максатына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат. Эгерде студент беш көрсөткүчтүн: 1) баарына жетише алса, «5» деген баа коюлат; 2) төртү аткарылса, «4» деген баа коюлат; 3) жарымы аткарылса, «3» деген баа коюлат.

**V. Студенттерди баалоо критерийлердин негизинде баалоо.**

**VI. Үйгө тапшырма:** Өздүк гигиена боюнча эссе жазуу

## Грамматикалык тема:
## ТАТААЛ ЭТИШТЕР

### Лексикалык тема: Ысытма

| Максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| 1. Жаңы лексика менен таанышышат, активдештирет. Этиштин жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнүшүн билишет;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Студенттер тема боюнча сөздөрдү пайдалана алышса. Этиштин жөнөкөй жана татаал учурун оозеки жана жазуу кебинде пайдалана алышса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

2. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

3. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

5. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы.Б.,2017

**Интерактивдүү оюн.**

**«Жаныбарлар дүйнөсү» темасы боюнча табышмактарды жашырып, топторго бөлүнүп мелдешкиле.**

**Мисалы:** *Мүйүзү бар – уйэмес, Куйругу бар-жылкы эмес. Чуудасы бар-төөэмес,*

*Туягы курч- эчки эмес* ***(топоз).***

**II. Жаңы материалды өздөштүрүү.** «Эсиңе тут!» рубрикасы менен иштөө.

**Татаал этиш** эки же андан көп сөздөн турат. Татаал этиштердин составында экиден кем эмес негизги морфема болот. Алар жалпысынан бир маанини билгизип, бир гана суроого жооп берип, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы: Биз ойноп-күлүп келдик. (Ойноп-күлүп – бышыктооч, татаал этиш, кантип? деген суроого жооп берет).

Мугалим студенттердин көңүлүн этиштин татаал түзүлүшүнө, эмне кылат? эмне кылып жатат? суроолоруна жооп берген сөздөр, кош жана кошмок сөздөргө бурат. Студенттер үлгүлөрдү окуп чыгышат, үлгүлөр аркылуу кептик конструкциянын түзүлүшү менен таанышышат, өз алдынча мисалдарды келтиришет.

**1-көнүгүү.** Таблица менен иштөө. Жөнөкөй жана татаал этиштерди устунчага жазуу.

**2-көнүгүү**. «Тил-ойдун сандыгы» дегенди кандайчатүшүнөсүңөр? Түшүнгөнүңөрдү жазгыла.

**III. Өтүлгөн материалды бышыктоо.**

Тексттин мазмуну боюнча суроолорду түзүп, бири-бириңерге суроо- жооп уюштургула.

## Ысытма

**Ысытма**– айрым ооруларга организмдин коргонуу реакциясы.

Организмге оору чакыруучу агенттердин тийгизген таасиринен жылуулукту жөнгө салуу бузулуп, дене ысыйт. Ысытма жугуштуу жана жугушсуз ооруларга, микробдун, алардын уусунун, бөтөн белоктун жана башкалар таасирине жооп катары пайда болот. Айрым учурда нерв учтары катуу дүүлүккөндө, борбордук нерв системасы жабыркаганда, нервге доо кеткенде да болушу мүмкүн. Ысытма реакциясы 3 стадияга бөлүнөт. Биринчисинде температура жогору көтөрүлүп, денеде жылуулук пайда болуу көбөйүп, аны сыртка аз берет.

Оорулуу үшүп, чыйрыгат. Экинчисинде температура калыптанып, жылуулук берүү жана чыгаруу теңелет. Үчүнчүсүндө жылуулуктун пайда болуусунан аны берүү көбөйөт. Температура акырындык менен (лизис) же тез (кризис) түшөт. Температура тез түшкөндө четки кан тамырлардын тез кеңейишинен артерия кан басымы өтө төмөндөшү мүмкүн. Ысытма көп учурда оору козгогучка тескери таасир берет. Ысытмада зат алмашуу өзгөрүп, белоктун бөлүнүүсү кыйла көбөйөт, айрым органдардын жана борбордук нерв системасынын функциясы бузулат (көңүлү караңгылайт, жөөлүйт, көзүнө ар нерсе көрүнөт), жүрөктүн кагышы жана дем алуу тездейт, ичеги-карындын, теринин функциясы өзгөрөт (тердейт).

Дене температурасынын көтөрүлүү жана түшүүсүн график түрүндө жазуунун диагнозду тактоодо мааниси чоң. Мисалы, безгекте температура кескин жогорулап, ошондой эле кескин түшөт. Сепсисте да бир сутканын ичинде дене температурасы өзгөрүлүп (35°тан 41°ка чейин) турат. Ал эми өпкө сезгенгенде дененин ысышы (39—40°) бир топ убакытка чейин түшпөйт. Температуранын узак жана өтө жогору көтөрүлүшү денеге зыян келтириши мүмкүн. Дененин ысышын жасалма түшүрүүнүн кажети жок, ал тургай зыяндуу болуп калышы да мүмкүн. Ошондуктан врачтын кеңешисиз дененин ысышын төмөндөтүүчү каражаттарды көп колдоно берүүгө болбойт.

**IV.** Студенттердин билими сабактын максатына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат. Эгерде студент беш көрсөткүчтүн: а) баарына жетише алса, «5» деген баа коюлат; б) төртү аткарылса, «4» деген баа коюлат; в) жарымы аткарылса, «3» деген баа коюлат.

**V. Сабактын жыйынтыгы.** Рефлексия. Мугалим окуу китебинде берилген кайтарым байланышты же болбосо калыптандыруучу баалоонун ««Светофор» техникасын пайдаланат. Ар бир студентте светофордой үч түстөгү карточкалар болот. Мугалим студенттердан материалды түшүнгөн-түшүнбөгөнүн билдире турган белгини ушул түстөр менен көрсөтүүнү өтүнөт да, төмөнкү суроолорду берет. Жашыл карточка көтөргөн (баарын түшүндүм деген) студенттерге: – Силер эмнени түшүндүңөр? Сары же кызыл карточка көтөргөн студенттерге: – Силер эмнени түшүнбөй калдыңар? Алынган жооптордун негизинде мугалим теманы кайталап өтүү, бышыктоо же программа боюнча окутууну уланта берүүнү чечет.

**VI. Үйгө тапшырма:** «Сасык тумоо» деген темада кыскача аңгеме жазып келүү.

## Грамматикалык тема:
## ЭТИШТИН УЧУР ЧАГЫ

### Лексикалык тема: Кан басымы

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Этиштин чактарын өз кебинде колдоно алышат. Жаңы лексика менен таанышышат, активдештирет;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Берилген суроолорго жооп бере алышса, тексттин мазмунун айтып бере алышса. Кептик конструкцияларды туура пайдаланып, ар ким өзүнүн кан басымы жөнүндө текст түзө алышса.;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

2. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

3. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

5. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б.,2017

**I. Интерактивдүү оюн.«Салат».**

1) Катышуучулар тегерек болуп олтурушат.

2) Алып баруучу «Салат кандай жашылчалардын жасалат?» - деген суроо салат. Окуучулар, мисалы, помидор, пияз, бадыраң, калемпир - деп жооп беришет. Алып баруучу жашылчалардын аталыштарын катары менен ватманга жазат.

Катышуучулар катары менен жашылчаларды тандап аташат. Топто 16 киши болсо, анда 4 помидор, 4 пияз, 4 бадыраң жана 4 калемпир пайда болот.

3) Алып баруучу тегеректин ортосунда турат. Ал «Мен кайсы жашылчаны атасам, ошолор ордуларынан туруп, орундуктарын алмаштырышат, б.а. башка орундукка которулат» - деп эскертет.

4) Алып баруучу жашылчалардын бирин атайт да, бошогон орундукка барып отурат.

5)Албетте, катышуучулардын бирөө орундуксуз калат. Ал алып баруучунун ролун аткарып, ортого чыгат, жашылчалардын бирин атайт да бош орундукка барып отурат.

Ошентип, оюн улантыла берет**.**

**II. Жаңы материалды өздөштүрүү**

Кыймыл-аракеттин болуп жаткандыгын билдирип, эмне кылып жатат? эмне кылат? деген сыяктуу суроолорго жооп берет? Этишке **-ууда** мүчөсүнүн жалгануусу менен жасалат: турмуш жакшырууда, лекция окулууда, балдар тарбияланууда. Этишке чакчылдын **–а, -е, -о, -ө, -й, -ып** мүчөлөрү жана жак мүчөлөрдүн жалгануусу менен жасалат: шаарда окуйм, ырдап жатам, сүйлөй баштайт.

**1-көнүгүү.** Студенттер 2 топко бөлүнүп туура формада кан басымын өлчөгүч коюуп, текшериш керек. Ошол эле учурда студенттер этиштин учур чагындагы сөздөрдү активдештиришет.

**2-көнүгүү**. Студенттер карта менен иштешип, Кыргызстандын аймактары кайда жайгашканын үлгүнү пайдаланып, айтып беришет.

**3-көнүгүү.** Сүрөт менен иштөө. Мугалим студенттерди 4 кичи топко бөлүп, берилген кептик үлгүлөрдү пайдаланып, сүрөттө тартылгандар жөнүндө кыскача айтып берүүнү суранат. Ар бир топ берилген сүрөт боюнча кыскача аңгеме айтып берет. Башка топтор тактап суроо берип турушат.

**III. Текст менен иштөө.** Мугалим текстти окуганга чейин жаңы лексика менен иш жүргүзөт. Студенттер текстти өз алдынча окушуп, кайсы маалымат алар үчүн жаңы болгонун айтышат.

**Кан басымы**

**Кан басым**- артериялык кан тамырындагы басым. Адамдардын кан басымы нормада, жогору же төмөн болот. Нормадагы кан басымдын систолалык басымы 110-140 ортосунда, диастолалык басымы 70-90 ортосунда болот.

Сиз бейтаптын кан басымын өлчөп жатканьңызда, анын жаш курагына көңүл буруңуз. Эгер бейтап 20 жашта болсо, кан басымы 140-15Онү көрсөтсө, анда ал коркунучтуу. Бирок эгерде бейтаптын кан басымы 50 болсо, ал коркунучтуу эмес. Анда медайым өзөмөлдөп турушу керек.

Эгерде бейтапта гипертония болсо, анын башы ооруп, мурдунан кан агып, жүрөгү оорушу мүмкүн. Дарыгер ага гипертониялык препараттарды сунуштайт. Жогорку кан басымы кээде бейтап үчүн коркунучтуу. Медайым бейтапты тынчтандырышы керек. Гипертониялык кан басымы бар бейтап оор жумуш кылбашы керек.

**IV. Студенттерды баалоо.** Мугалим ар бир кичи топко лидер шайлап, баалоо баракчасын сабактын башталышында таратып берет. Сабактын аягында ал баракчалар боюнча комментарий берип, баа коёт.

**V. Сабактын жыйынтыгы.** Рефлексия. Студенттер китепте берилген схема боюнча сабакта эмнелерди үйрөнгөнүн, түшүнгөнүн ж.б. айтып беришет.

**VI. Үйгө тапшырма**: Студенттер берилген суроолорго таянып, өзүнчө баракка жашаган жери жөнүндө кыскача аңгеме жазып келишет.

## Грамматикалык тема:
## КЕЛЕР ЧАК

### Лексикалык тема: Диета

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Этиштин чактарын өз кебинде колдоно алышат. Жаңы лексика менен таанышышат, активдештирет;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Берилген суроолорго жооп бере алышса, тексттин мазмунун айтып бере алышса. Лексикалык тема боюнча текст түзө алышса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000
2. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
3. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004
5. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы.Б.,2017


**Интерактивдүү оюн.**

«Баатыр», «Эр жигит» темасындагы макал-лакаптарды айтып жарышкыла.

*Мисалы: Эр жигит эл четинде, жообетинде»…*

**II. Жаңы материалды өздөштүрүү**

Этишке чакчылдын –а, -е, -о, -ө, -й мүчөлөрү жана жак мүчөлөрдүн жалгануусу менен жасалат: барамын, окуйбуз, күтөбүз, иштейбиз, чуркайт ж.б. –а, -е, -о, -ө, -й мүчөлөрү жана жак мүчөлөрдүн жалгануусу менен жасалат: барамын, окуйбуз, күтөбүз, иштейбиз, чуркайт.

**1-көнүгүү.** Сөздөн сөз жараткыла. Алардан сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзгүлө.

| М | Е | Й | М | А | Н | Д | О | С | Т | У | К |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | |

**2- көнүгүү**. Кыргыз элинин меймандостугу жөнүндө этиштерди катыштырып, эссе жазгыла.

**III. Тексттен этиш сөздөрдү таап, аларды уңгу мүчөгө ажыраткыла.**

**Диета**

Мүнөздөп тамактануу (диета менен дарылоо) — атайын белгиленген тамактануу рационун жана режимин ооруну дарылоо жана алдын алуу максатында пайдалануу. Мүнөздөп тамактануу демейде өзүнчө дарылоо ыкмасы эмес, ал дары жана башкалар менен дарылоо ыкмалары менен бирге сунуш кылынат.

Диета – дени соо жана оорулуу кишинин тамактануу режими. Анын негизи – организмдин азык заттарды керектөөсүн камсыз кылуу. Дени соо кишинин кесибине, жашына жараша тамактануу режимин түзүүнү – тамактануу гигиенасы, ал эми оорулууга диетаны иштеп чыгууну диетология (мүнөздөп тамактануу жөнүндө илим) изилдейт. Ооруга жараша түзүлгөн диета негизинен карын менен он эки эли ичегинин жара оорусу, колит, өтө семирүүдө пайдаланылат. Ар бир диетанын оорунун стадиясына жараша түрү болот.

**VI. Студенттерди баалоо.** Мугалим ар бир кичи топко лидер шайлап, баалоо баракчасын сабактын башталышында таратып берет. Сабактын аягында ал баракчалар боюнча комментарий берип, баа коёт.

**V. Сабактын жыйынтыгы.** Рефлексия. Студенттер китепте берилген схема боюнча сабакта эмнелерди үйрөнгөнүн, түшүнгөнүн ж.б. айтып беришет.

**VI. Үйгө тапшырма:** Студенттер берилген суроолорго таянып, өзүнчө баракка туура тамактануу жөнүндө кыскача аңгеме жазып келишет.

## Грамматикалык тема:
## ӨТКӨН ЧАК

### Лексикалык тема: Диета

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Этиштин чактарын өз кебинде колдоно алышат. Этиштин өткөн чагын билишет, пайдалана алышат. Жаңы лексика менен таанышышат, активдештирет;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Берилген суроолорго жооп бере алышса, тексттин мазмунун айтып бере алышса. Лексикалык тема боюнча текст түзө алышса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

2. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

3. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

5. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б.,2017

**II. Интерактивдүү оюн. «Адашкан жаныбарлар»:**

1) Катышуучулар катары менен тегерек болуп турушат. Алып баруучу борбордо туруп, оюндун шартын түшүндүрөт.

2) Шарт боюнча, алып баруучу ар бир катышуучунун кулагына

кайсы бир жаныбардын атын атайт. Мисалы: кой, жылкы, эчки, мышык, ит, тоок. Бирок, катышуучулар өнөктөштөрүнүн ким экендигин билишпейт.

3)Алып баруучу бардык катышуучуларды көздөрүн жабууну өтүнөт. Оюндун аягына чейин көздөр ачылбайт.

4) Ар бир «жаныбар» өз тобун дабыш чыгарып издейт. Табышып алышкан жаныбарлар калгандары уксун үчүн акырын жылып, дабыш чыгарып издешет.

Аягында жаныбарлардын санына жараша топтор пайда болот. Көздөрүн ачууга уруксат берилет. Катышуучулар бирин-бири куттукташат.

**III. Жаңы материалды өздөштүрүү.** «Эсиңе тут!» рубрикасы менен иштөө.

Этишке –ды, -чу, -ган, ыптыр мүчөлөрүнүн жалгануусу менен жасалат: Кечээ концерт болду. Ал кызыктуу китеп сатып алыптыр. Майрамга ал да барган. Таттыбүбү келишкен сулуу болчу.

Адат өткөн чактын -чу мүчөү уланган этиш сөздөр жазчу, тергөчү, ширетчү, бакчу, иштечү түрүндө ганажазылат. с

*Эскертүү: этиш сөздөрдүн -ычу, -учу, -үчү формасында жазылышына жол берилбейт: барычумун эмес, барчумун. келүчүмүн эмес, келчүмүнж.б.*

**1-көнүгүү.** Грамматикалык теманы бышыктоо үчүн мугалим студенттерге үлгүлөргө таянып, сүйлөмдөрдү түзгүлө деген көнүгүү берет.

**2-көнүгүү**. Студенттер таблицаны толтурушат. Студенттер өз алдынча иштеп, жуптарда бири-бирин текшеришет. Табышмактарды табышат, жообун аныкташат.

**IV. Өтүлгөн материалды бышыктоо.** Текст менен иштөө. Студенттер үч топто иштешет. Мугалим текст менен таанышып, мазмуну боюнча презентация даярдоого көнүгүү берет. Ар бир кичи топ презентация кылат, башка топтор тактоочу суроолорду беришет. Студенттердин баары тексттердин мазмуну менен тааныш-

кандан кийин, берилген таблицаны толтурушуп, аудиторияда айтып беришет.

**Биринчи жардам**

**Биринчи жардам -** кырсыкка учураганда, капысынан кармаган ооруларда кырсык болгон жерге медициналык кызматкер келгенче же дарылоо мекемесине жеткиргенче кишинин өмүрүн сактоо максатында токтоосуз көрүлүүчү иш аракет. Мисалы, жарадар болгондо өзүн өзү таңуу, кусуп карынды тазалоо.

Кишинин өмүрүнө коркунучтуу абалдарда кома, кан агуу, ууланув, сууга чөгүү, шок, электр травмасы жана башкаларда тезинен биринчи жардам көрсөтүү өтө зарыл. Биринчи жардам өз убагында жана туура көрсөтүлсө, андан аркы медициналык жардам натыйжалуу болот. Мисалы, сөөктүн ачык сыныгында тез жана туура таңып жана шакшактоо түрдүү кабылдоолордон (шок, инфекция жана башка), оорулуу эстен танып калган да капталынан жаткыруу кекиртек менен бронхко кусунду жана кан кирип тумчугуп калуудан сактайт. Биринчи жардам көрсөтүү каражаттарын тандоо жана аларды пайдаланууда оорунун же жабыркоонун мүнөзүн эске алыш керек.

**V. Баалоо.** Мугалим студенттерди төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча баалайт: – лексикалык көнүгүүлөрдү туура аткарышы; – текст менен иштөө – окуу, суроолорго жооп берүү, өз оюн айтуу, далилдерди келтирүү; – кичи топтордо иштөө (активдүүлүгү, иштерге катышуусу).

**VI. Сабактын жыйынтыгы.** Рефлексия. Өтүлгөн тема боюнча суроолорго таянып бир мүнөттүк эссе жазышат.

1. Сен үчүн эмне маанилүү болду? 2. Кандай суроолор пайда болду? 3. Эмне жөнүндө дагы билгиң келет?

**Үйгө тапшырма:** Студенттер Венндин диаграммасын пайдаланышып деңиз менен дарыяны салыштырышат, алардын айырмачылыктары менен окшоштуктарын табышат.

## Грамматикалык тема:
## ТАКТООЧ

### Лексикалык тема: Жалал-Абад курорту

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү Күтүлүүчү натый-жалар:** |
|---|---|
| 1. Жаңы лексика менен таанышышат, кебинде активдештирет. Тактооч жөнүндө билишет, пайдалана алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Жаңы лексиканы, тактоочту кебинде туура пайдалана алышса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**

**I.** Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

**II.** Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

**III.** Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

**IV.** Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

**V.** Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы.Б.,2017

**Интерактивдүү оюн. Жаңылмачты жатка айтуу.**

*Ашыр менен ашуу ашырышалы,*

*Ашым менен ашык-машык ашташтырышалы.*

**II. Жаңы материалды өздөштүрүү.**

Кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалын билдирген сөздөр тактооч сөздөр деп аталат. Тактоочтор кандай? кантип? канча? кайда? кайдан? деген суроолорго жооп берет.

**Тактоочтор маанисине карай 4кө бөлүнөт.**

**Мезгил тактооч.** Кыймыл-аракеттин мезгилин, убагын көрсөтүп, качан? кайсы убакта? качантан бери? ж.б. суроолорго жооп

берет. Мисалы: Бүгүн концерт болот. Жайында Москвага барам. Азыр сабакка даярданам.

**Орун тактооч.** Кыймыл-аракеттин ордун, багытын көрсөтүп, кайда? кайдан? каякта? кайсы жактан? деген суроолорго жооп берет. Мисалы: жогору, төмөн, өйдө, алыс, ары-бери, кийин, алга, жакын, ыраак, илгери, артка, ылдый.

**Сын-сыпат тактооч**. Кыймыл-аракетти сыпаттап, анын ал-абалын, кантип иштелгендигин көрсөтөт, кантип?, кандай?, кандайча? деген суроолорго жооп берет. Мисалы: жай, ылдам, кыргызча, дароо, менимче, кокустан, бетме-бет, араң.

**Сан өлчөм тактооч.** Кыймыл-аракеттин иштелиш өлчөмүн көрсөтүп, канча? нече? канчалык? канчалап? нечелеп? деген суроолорго жооп берет Мисалы: көп, аз, ашык, мол, аз-аздан, көп-көптөн, бөксө, артык, кем, анча-мынча.

**Тактоочтор морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалат.**

**Тактоочтун морфологиялык жол менен жасалышы**

1.Тактоочтор төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат. Мисалы: **-ча** адамча, баатырларча, **-лап –** күндөп-түндөп, айлап-жылдап, **-лай** – жайлы-жайла, кыштай**, -лата** – улуулата, кичүүлөтө**. –ын** - күнүн барып, күнүн кел, **-га** – алга, артка**, -ыраак -** кечирээк, кийинчерээк.

2. Тактоочтордун жөндөмө мүчөлөр аркылуу жасалышы.

Барыш жөндөмөсүндө: **жатка билет, бирге келди**

Жатыш жөндөмөсүндө: **жайында, кышында**

Чыгыш жөндөмөсүндө: **мурунтан, жогортон**

**Тактоочтун синтаксистик жол менен жасалышы**

Тактоочтор сөздөрдүн айкалышы жана кайталанып айтылышы аркылуу жасалат. Мисалы**: бир күнү, тез-тез, таң эртеңден, мурда күнү, бир кезде, бир далай, кечээ күнү, ар дайым, күн сайын, кечке жуук, эң акыркы**

**1-көнүгүү. Тактоочторду таап, аларды көчүргүлө, кайсы сөздү аныктап, тактап тургандыгын айтып бергиле.**

1. Берилген ишти так аткаруу керек. 2. Кечээ Серен келип кетти. 3. Улам жаңы көтөрүлгөн сайын өңүт татаалдайт. 4. Эми даң эткен дабыш жок. 5. Үмөтаалы атасынын кызыл ала болгон денесин корумдун арасынан эртеси табат. 6. Артыкбай жана тоодон кайткан эле. 7. Баса, өгүнү карышкыр тамактап кеткен төрт кой эмне болду? 8. Наташа адатынча башын кылтыйтты.

**2-көнүгүү. Берилген сөздөрдөн сүйлөм түзгүлө. Тактооч сөздөрдүн түрүн аныктагыла**.

1. Көп, жыйналыш, адам, бол- ? 2. Күзүндө, айт-, сана, балапандарды, деп. 3. Мен, жакын, кел-, китепканачы. 4. Музей, ачыл-, кечээ, көргөзмө. 5. Таланттар, биз, сыймыктан-, дайыма, менен. 6. Үй, сүйлөшүү, кел-, бетме-бет, керек, отуруп.

**III. Өтүлгөн материалды бышыктоо**. Текст менен иштөө. Мугалим текстти көркөм окуп, студенттер түшүнбөгөн сөздөргө комментарий берет. Андан кийин студенттер текстти өз алдынча окушуп, берилген суроолорго жооп беришет.

## Жалал-Абад курорту

Жалал-Абад курорту шаардан 5 км чыгыш тарапта, Айып Тоолорунун батыш калталында, деңиз дэңгээлинен 975 метр бийиктикте жайгашкан. Минералдуу булактары элге эзелтен белгилүү. Курорт 1900-жылы курула баштаган. Жалал-Абад курортунун жайы ысык, кургак, кышы жылуу. Оорулуулар минералдуу суу ичип, ванна менен бассейинге түшүп дарыланышат. Минералдуу суу ичүү менен ичеги-карын, боор, өт баштыкча, муун, борбордук жана четки нерв системасы, тери, бөйрөк, гинекологиялык ооруларын дарылайт. Санатория, бессейин жана ванна имараты, баткак менен дарыдоочу жай, суу ичүүчү булактары бар.

Жалал-Абад суусунун дарылыгы дүйнө мамлекеттерине тарады.

Бул текст кичи топтордо аткарылат, студенттер текст боюнча таблицаны толтурушат. Студенттер кичи топтордо Жалал-Абад курорту жөнүндө уламыш менен таанышышат. Алар биринчи өз алдынча окушуп, кичи топтордо биргелешип суроолорго жооп бе-

ришет. Тексттен мезгил тактоочтор катышкан сүйлөмдөрдү табышат. Бул көнүгүүларды аткаргандан кийин, мугалим кичи топтордун ишин текшерет.

**IV. Баалоо**. Мугалим студенттерди төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча баалайт: – лексикалык ишти туура аткарышы; – текст менен иштөөсү – окуу, суроолорго жооп берүү, өз оюн айтуу, далилдерди келтирүү; – кичи топтордо иштөө.

**V. Сабактын жыйынтыгы.** Рефлексия. Өтүлгөн тема боюнча суроолорго таянып бир мүнөттүк эссе жазышат. 1. Сен үчүн эмне маанилүү болду? 2. Кандай суроолор пайда болду? 3. Сен кандай иштедиң?

**VI. Үйгө тапшырма:** Жалал-Абад курорту жөнүндө кыскача аңгеме жазып келүү.

## Грамматикалык тема:
## КЫЗМАТЧЫ СӨЗДӨР

### Лексикалык тема: Сынык

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Жаңы лексика менен таанышышат, кебинде активдештирет. Кызматчы сөздөр жөнүндө билишет, пайдалана алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Жаңы лексиканы, кебинде туура пайдалана алышса. Кызматчы сөздөрдү кебинде пайдалана алышса.<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000
2. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
3. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007
4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

5. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы.Б.,2017

**Интерактивдүү оюн. «Басуу-кыймыл».**

1) Катышуучулар бир катар турушат. Ал эми экинчи жакта алып баруучу турат.

2) Алып баруучу оюндун шартын түшүндүрөт. Экинчи жакка өтүү керек. Бирок, кандайдыр-бир кыймылды демонстрациялап өтүү керек. Экинчи катышуучу аны кайталабаш керек.

3) Бардык катышуучулар экинчи жакка ийгиликтүү өтүшкөндөн кийин, алып баруучу катышуучуларга карама-каршы жакка өтөт. Биринчи жолку өтүүдө демонстрацияланган кыймылдарды эч бир катышуучу кайталабаш керектигин эскертет.

4) Катышуучулар өтө башташат. Бардык катышуучулар өткөндөн кийин, алып баруучу карама-каршы жакка өтүп, оюнду кайрадан кайталатат.

**Ошентип, артта калган катышуучулар өз өнөрлөрүн көрсөтөт: ырдайт, бийлейт, анекдот айтат.**

**III. Жаңы материалды өздөштүрүү.**

Өз алдынча турганда эч кандай лексикалык маанини билдире албаган, сүйлөмдөгү сөздөр менен бирге айтылып, тиешелүү болуп турган сөзгө кошумча маани берген, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып турган сөздөр **кызматчы сөздөр** деп аталат. Кыргыз тилинде өз алдынча турганда эч кандай лексикалык маанини билдире албаган, сүйлөмдөгү сөздөр менен бирге айтылып, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып турган сөздөр – кызматчы сөздөр бар. Алар: **байламталар (союзы), жандоочтор (послеслоги), бөлүкчөлөр (частицы), модалдык сөздөр (модальные слова).**

Булар өз алдынча турганда сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албайт.

**Байламталар (союзы)**

Өз алдынча турганда лексикалык мааниге ээ болбогон, бир өңчөй мүчөлөрдү жана татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй

сүйлөмдөрдү өз ара байланыштыруу үчүн колдонулат. Алар: **да, же, менен, бирок, демек, себеби, ошол, жана да, эгер, анткени менен, ошон үчүн, ошол себептүү, ошондой болсо да, ошондой болгону менен** деген сөздөр.

Байламталар синтаксистик кызматына карай **багындырма байламта** жана **багындырбас байламта** болуп экиге бөлүнөт.

Багындырма байламталар**: себеби, анткени, эгер, эгерде, андыктан, ошондуктан, ошол үчүн, ошол себептүү, эмне үчүн, ошонун натыйжасында, канча, ошончо ж.б.**

Биз төмөндө багындырма байламталардын ичинен себеп натыйжалагыч жана шарттуу байламталарга кеңири токтолобуз.

**Себеп натыйжалагыч байламталар**

Алар татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү байланыштырып, андагы айтылган ойдун себебин билдирет. Бул байламталар аркылуу өз ара тутумдашкан сүйлөмдүн бирөө баш сүйлөмдүк милдетти аткарат, бирөө баш сүйлөмдөгү айтылган ойдун себебин, натыйжасын билдирет .

**Шарттуу байламталар**

Шарттуу байламталарга **эгер, эгерде** деген байламталар кирет. Бул байламталар катышкан сүйлөмдөрдүн баяндоочтору шарттуу ыңгайдын **–са** мүчөсү менен аяктап, баш сүйлөмдө айтылуучу ойдун шартын көрсөтөт. Мисалы: Эгер сен жакшы окубасаң, окууну уланта албайсың**.**

**1-көнүгүү.Төмөнкү жөнөкөй сүйлөмдөрдү себеп натыйжалагыч байламталардын жардамы менен татаал сүйлөмдөргө айландырып көчүрүп жазгыла, тыныш белгилерин тууралап койгула**.

1. Алтынай отличник болду, ал жакшы окуду. 2. Жакында каникулга тарайбыз, окуу жылы аяктайт. 3. Мен ага кат жазган жокмун, адресин жакшы билбейт элем. 4. Алар кечигип келишти, аябай чарчашкан экен. 5. Мен ага бара алган жокмун, убактым тар эле. 6. Тергөө аягына чыккан жок, жабырлануучунун күбөлөрү келишкен жок. 7. Студенттер «Кыргыз тили» предметин жакшы кө-

рүшөт, окутуучунун сабагы абдан кызыктуу. 8. Эл эмгекти сүйөт, эмгек - жашоонун булагы. 9. Анын кайсы тараптан келгенин да билүүгө болбойт, изин жамгыр жууп кеткен.

**2-көнүгүү. Окуп чыгып, себеп натыйжалагыч байламталарды тапкыла. Көнүгүүлөрдү орус тилине которгула.**

1. Бүгүн сот процесси болбой, эртеңкиге жылдырылды, себеби жабырлануучу тараптын өкүлдөрү келбей калды. 2. Студенттин күнөөсү далилденген жок, анткени ага каршы көрсөтмө бергендер мурдагы көрсөтмөсүнөн баш тартышты. 3. Студенттер олимпиаданын жеңүүчүлөрү болушту, эмне үчүн дегенде, алар жакшы даярданышкан эле. 4. Анын жообу так, толук, себеби, ал жакшы даярданган. 5. Студенттер китепти көп окугула, анткени ал - илим булагы. 6. Баян быйыл эс тартып, өз жанына тыкан болуп калды, анткени ал Түрк лицейинде тарбияланып жатат. 7. Биз бүгүн кетпейбиз, ошондуктан шашпай эле койгула.

**3-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү *себеби, ошондуктан* байламталары аркылуу бириктиргиле.**

1. Балам, бүгүн театрда жакшы спектакль болот. Сен театрга бар. 2. Сессия бир эле күндө бүтпөйт. Каникулга шашылбагыла. 3. Жабырлануучу тергөөчүнүн сурагына келе алган жок. Анын жарааты айыга элек. 4. Студенттер хирургия бөлүмүнө практикага барышкан. Алар операция процессине өздөрү катышканда гана жакшы түшүнүшмөк. 5. Мен ушул окуу жайына тапшырам. Ал жакта мен каалаган кесипке окутат. 6. Жоокер жалгыз эмес. Анын артында бүтүндөй армия бар.

**4-көнүгүү. Шарттуу байламталарды катыштырып, 4 сүйлөм түзгүлө.**

**5-көнүгүү. Кашааны ачып, жанаша турган сүйлөмдү байламта аркылуу байланыштыргыла. Тыныш белгилерин коюп, кайсы байламта экендигин айтып бергиле.**

Ал күнү биз айылга кайтып келдик. 2. Аскерлерди бир күн өтүп жөнөтөт экен (анткени). 3. Адегенде мен ушул сөзгө ишенип да калдым. 4. Мындай чыкканда, Касым муну атайлап айтканын

билдим (бирок). 5. Бир аз күндөн кийин Сулайман Барман айлына жалгыз келмек болду. 6. Бармандын коңшуларынан Калдаң деген таанышы бар (себеби). 7. Кичи айылдын кишилериндей кылчак-ташпай тике бастырып келишти. 8. Асантайларга салам беришти (да). 9. Кара баркыт менен жээктеп, төрт талаасын кумурска издүү кылды. 10. Дал ушундай калпакты Абыл кийип жүрчү (себеби).

## Бөлүкчөлөр

Өз алдынча лексикалык мааниге ээ болбогон, айрым сөздөргө же сүйлөмдөргө ар түрдүү кошумча маани киргизүү үчүн колдонулган сөздөр. Бөлүкчөлөргө: **го, же, эң, өтө, абдан, түк, чылк, эч, такыр, ээ, ыя, белем, бейм,куду,кадим ж.б.** сөздөр кирет.

Бөлүкчөлөр маанисине карай чектегич, күчөткүч, аныктагыч-тактагыч, божомолдогуч, тангыч, сурама, ырастагыч, салыштырма болуп сегизге бөлүнөт.

1. **Чектегич бөлүкчө** атоочтордон жана жандоочтон кийин келип, бир затты, белгини же кыймыл-аракетти башкалардын ичинен ажыратып, бөлүп көрсөтүп, чектөө маанисин берген бөлүкчөлөр. Алар: **гана, эле ж.б.**

2. **Күчөткүч бөлүкчө** булар дайыма тиешелүү сөздөн мурун келип, анын маанисин күчөтүп көрсөтүп, сын атоочтор менен айкалышканда күчөтмө даражаны уюштурат. Алар: **эң, эле, өтө, абдан, түк, чылк, чымкый, аябай, тим эле, жөн эле, өңчөй, дегележ.б.**

3. **Аныктагыч-тактагыч бөлүкчө** булар өзүнөн мурунку айтылган сөздү аныктап, тактап көрсөтүүчү бөлүкчөлөр. Ага: **да, дагы, дале, нак, как, так, дал** деген сөздөр кирет.

4. **Божомолдогуч бөлүкчө** булар сүйлөмдүн аягында колдонулуп, божомолдоо маанисин билдирген **го, бейм, белем** деген бөлүкчөлөр.

5. **Тангыч бөлүкчө** булар сүйлөм ичиндетолук маанилүү сөздөр менен айкалышып келип, ага тануу маанисин берген бөлүкчө-

лөр. Аларга: **эч, турсун**, **турмак, түгүл, түк, такыр** деген сөздөр кирет.

6. **Сурама бөлүкчө** бир нерсе жөнүндө башка бирөөнүн оюн билүү үчүн колдонулган **ээ, ыя** деген бөлүкчөлөр.

7. **Ырастагыч бөлүкчө** айтылган ойду сүйлөөчүнүн эп көргөндүгүн, макул тапкандыгын билдирет. Буга **ооба, да** бөлүкчөлөрү кирет.

8. **Салыштырма бөлүкчө** бир нерсени экинчи нерсе менен салыштыруу, окшоштуруу маанисинде колдонулат. Буга **куду, кадим** деген бөлүкчөлөр кирет.

**1-көнүгүү.Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, бөлүкчөлөрдүн кайсы түрүнө кирерин айтып бергиле.**

1. Окуучулар гана келишти. 2. Бүгүн атам эле келди. 3. Мен ага абдан ыраазымын. 4. Акылбек – эң акылдуу жигит. 5. Ай да жаңырды. 6. Мен дагы келдим. 7. Ал окуудан келген бейм. 8. Бүгүн күн ачык болот белем. 9. Эртең күн жаайт го. 10. Эч ким келген жок. 11. Алар андайды эч түшүнбөйт. 12. Абыл түк каттаган жок.

**2-көнүгүү.Төмөнкү сүйлөмдөрдүн ичинен салыштырма бөлүкчөлөрдү таап, көчүрүп жазгыла.**

Эч көрүнбөдү. Эмне дедиң ыя? 2. Менин бактым бар экен ээ? 3.Сен сабакка кечигип келдиң ээ? 4. Ооба, мен угуп жатам. 5. Кадим атасына окшош. 5. Куду атасындай бийледи. 6. Ал жыйналышка келмек түгүл бир кабарын билдирген жок. 7. Айшанын «келгени» келген бейм. 8. Ал ошол чогулушта такыр эле баласынан баш тартты. 9. «Өтө кызыл бат оңот» деген макал бар.

**3-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, бөлүкчөлөрдү таап, мааниси боюнча ажыраткыла**

1. Анын ичинде терең толкундуу деңиз жаткан сыяктуу эң сүрдүү жана ойлуу. 2. Бул суу өтө кичинекей көрүнгөнү менен, өтө тентек, өтө шок. 3. Ак кардуу чокуларына батып бараткан күндүн кызгылт нурлары өчтү. 4. Кыртыштай дыңдарды кайыштай тилген трактордун күрүлдөгөн үнү угулат. 5. Перинин кызы шабдаалынын гүлүндөй кызыл-тазыл, алманын гүлүндөй ак ала болуп кубулуп

турат. 6. Күн ачык, жаар түрү билинбейт. Абылбек – ачык-айрым, ак көңүл жигит.

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн бөлүкчөлөрдү тапкыла. Мааниси жагынан кайсы бөлүкчөлөргө кирээрин айтып бергиле.**

1. Уулум эч кимге жаман айтпа, аны тапкын деп урушпагандай бол.

2. Мен бул сүрөттү эч нерсе менен алмашпай турганыма ишене бер.

3. Мен ушул жашка келгенче эч кимдин көңүлүн ооруткан эмесмин.

4. Тилекматтын машинаны шыр айдап кетерине мен эч кандай күмөнсүрөгөн эмесмин.

5. Мен сага абдан ишенчү элем.

## Жандоочтор

Атоочторду жөндөмөлөр боюнча башкарып, сүйлөм мүчөлөрүн байланыштыруу үчүн колдонулган сөздөр. Жандоочторго мына булар кирет: **жөнүндө, менен, аркылуу, бою, боюнча, бойдон, үчүн, сайын, соң, тууралуу, көздөй, карата, карай, катар, чейин, караганда, кийин, мурун, бери, көрө ж.б.**

**Жандоочтор жөндөмөлөр менен айкашына карата төмөндөгүчө бөлүнөт.**

1. Атооч жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор: **менен, тууралу, жөнүндө, аркылуу, боюнча, сайын, сыяктуу, үчүн, бою, бойдон ж.б.** М: Асан менен келдим. Ал тууралу сүйлөштүк.

2. Табыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор: **көздөй, карай, карата**, **катар ж.б**. М: Шаарды көздөй кетти.

3. Барыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор: **караганда, жараша**, **чейин, дейре, карай, каратаж.б.** М: Шаарга чейин баралы. Чыгыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор: **көрө, көрөкчө, ары, бери,мурун, кийин, соңж.б.** М: Ал менден мурун келди.

**III. Өтүлгөн материалды бышыктоо. 1-көнүгүү.** ***Жөнүндө, менен, аркылуу, боюнча*** **деген жандоочторду катыштырып**

**сүйлөм түзгүлө. Жандоочтун алдындагы сөздүн кайсы жөндөмөдө турарын айтып бергиле.**

**2-көнүгүү. Барыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө.**

**3-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Жандоочтордун алдындагы сөздөр кайсы жөндөмөдө тургандыгын айтып бергиле.**

Данияр киши менен көп сүйлөшчү эмес. 2. Карач барып эчкини ажыратып алары менен эчки качып кетти. 3. Эгерде мээнетиң катуу болсо, тапканың таттуу болот. 4. Шаарга чейин баралы. 5. Айтканыңа караганда, ал иш тез эле бүтчүдөй. 6. Эмгегине жараша маяна төлөнөт.

**4-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Атооч жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтордун астын сызгыла.**

Айтканыңа караганда, ал иш тез эле бүтчүдөй. 2. Сессия тууралуу кечээ эле айтылган. 3. Ошону менен катар бир катар маселелер каралды. 4. Менден соң ал сүйлөдү. 5. Жерге болгон менчик жөнүндө айтып бердим. 6. Офисти көздөй бет алдым. 6. Бир саат бою Жер планетасы боюнча талкууладык.

**5-көнүгүү. Текстти кунт коюп окуп чыгып, эки-экиден болуп, текст боюнча суроо-жоопторду түзгүлө.**

## Сынык

**Сынык** – кандайдыр бир катуу күч келгенде сөөктүн бүтүндүгүнүн бузулушу. Кокустук же ар түрдүү кырсыктардын жана ар кандай оорулардын кесепетинен сөөк сынат. Сынык тубаса жана кийин пайда болгон болуп айырмаланат. Кийин пайда болгон сынык кокустуктан же кырсыктан сөөккө катуу күч келгенде болот. Кокустуктан болгон сынык ачык жана жабык болот.

Сынган сөөктүн тушунда же бир аз жогору же ылдый териси айрылып кетсе – ачык, айланасындагы ткандар жабыркабаса жабык сынык делет. Күч катуу таасир эткенде сөөк туурасынан чорт сынат, узунунан жарака кетет, кыйгачынан же толгонуп сынышы

да мүмкүн. Жаш балдардын сөөгүнүн сырткы чел кабыгы калың болгондуктан сынган жерди жылмыштырбай кармап калат. Мындай сынык ордуна оңой салынып, сөөк тез бүтөт. Жалпы эле сынык анын ичинен айрыкча жиликтин башы же кемиктүү жери сынган кезде, сөөктүн муундан чыгышы да мүмкүн. Жиликтин бир жеринен сынышы жөнөкөй, ал эми эки же үч жерден сынышы татаал сынык болот.

Сөөктүн сынышы таасир эткен күчтүн чоңдугуна, ошол сөөктүн түзүлүшүнө, катуулугуна жана ийилчээктигине байланыштуу болот. Көп учурда таасир эткен күч сөөккө түздөн-түз катуу тийгендиктен чорт сынат. Бийиктен учуп же секирип түшкөндө ар кайсы сөөк сынышы мүмкүн. Мындай сынык кысылуудан болгон сынык деп аталат. Кээде сынган сөөктүн учу курч болуп, сынык ордунан тайыган кезде ичинен сыртты карай терини тешип кетет (ачык сынык). Ал тургай жоон же ичке кан тамырларды жабыркатып, кан агууга алып келет. Мындан тышкары сынган сөөктүн өзүнөн да кан агат. Сынык ордунан тайып же жылып да кетет.

Сынык, узунунан жылмышып, сыныктын учу бири-бирине узунунан учкашып калып, ошол мүчө кыскарып калат. Ошондой эле капталына жылмышат же буралып, толгонуп калат. Кээ бир учурда эки сыныктын ортосуна булчуң эт, тарамыш, кан тамыр же нерв кыпчылып, кысылып калат. Нерв кысылса шал болуп, кан тамыр кысылса кан айлануу токтоп калат, ал эми булчуң эт же тарамыш эки сөөктүн ортосуна тыгылып калса, бүтпөй калышы мүмкүн. Эгерде бир эле мүчө сынса оорулуу адамдын абалы анча деле оор болбойт. Бир нече жер сынса же андан тышкары ички органдар жабыркаса оорулуунун абалы оордойт. Өзгөчө оор абалда шок болот, бул абалдан чыгаруу өтө кыйын. сыныкта төмөнкү белгилер байкалат: сынган мүчө шалактап, анын формасы, түзүлүшү бузулат, сынган жер катуу ооруйт. Сынган жер шишип, эт көк ала болуп, муундун кыймылы азаят.

Сыныктын бүтүшү — жаш туташтырма ткандын биригип өсүшү менен башталуучу татаал биологиялык процесс. Бир сынык

тез, айрымдары жай бүтөт. Сынык бүтүш үчүн ага шарт түзүү керек.

**IV. Баалоо.** Мугалим студенттерди төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча баалайт: – көнүгүүлөрдү туура аткарышы. – макалдарды чечмелөө – текст менен иштөөсү – окуу, жаңы маалыматты белгилөө, суроолорго жооп берүү, өз оюн айтуу.

**V. Сабактын жыйынтыгы.** Рефлексия. Мугалим студенттерга эки жагында төмөнкүдөй көнүгүүлары бар карточкаларды белгиленген убакытта таратып турат: 1-тарабында: Өтүлгөн тема боюнча түшүнгөн негизги идеяларды атап, жалпылаштыргыла. 2-тарабында: Өтүлгөн темадагы түшүнө элек жерлериңерди белгилеп, суроолоруңарды түзгүлө.

**VI. Үйгө тапшырма:** «Сыныкчы» деген темада эссе жазып келүү

## Грамматикалык тема:
## СҮЙЛӨМ

### Лексикалык тема: Аллергия

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Жаңы лексика менен таанышышат, кебинде активдештирет. Сүйлөмдүн түрлөрүн үйрөнөт. Өздөштүргөн тилдик материалды пайдаланат. Таяныч үлгүлөрдү колдонуп, ой жүгүртүү көндүмдөрү өнүгөт;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура ,так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Жаңы лексиканы, кебинде туура пайдалана алышса. Грамматикалык теманы пайдалана алышса;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 2000

2. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

3. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

4. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004

5. Кыргыз тили. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы. Б.,2017

**Интерактивдүү оюн. «Касиеттүү ысым».**

1) Катышуучулар тегерек болуптурушат.

2) Алып баруучу оюндун шартын түшүндүрөт. Ар бир катышуучу баш тамгасы өзүнүн атынын баш тамгасы менен дал келген кайсы бир жакшы сапатын ойлойт. Мисалы, Акылбек - Активдүү, Ысак-Ырыстуу.

3) Алып баруучунун оң жагынан баштап, ар бир катышуучу өзүнө чейинки катышуучулардын атын жана тиешелүү сапатын (касиетин ) атап өтөт. Кезекти кийинки катышуучуга ыйгарат.

4) Ошентип, тегерек боюнча айланып, кезек алып баруучуга келет. Ал да эрежелерди бузбай, бардык катышуучулардын аттарын жана тиешелүү касиеттерин ирети менен атап өтөт.

**II. Сабактын негизги бөлүгү**. Жаңы материалды өздөштүрүү. Жаңы сөздөр менен иштөө.

## Жаңы тема : Сүйлөм

**Сүйлөм-** тилдин ички мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык грамматикалык жактан уюмдашып, бүткөн бир айрым ойду билдирген кеп бирдиги. Адатта, фонетикада, морфологияда, ар бир сөз да – баары тилдин мыйзамдарына ылайык сүйлөмгө биригишип, коммуникативдүү функцияны аткарууга жардамдашат. Сүйлөм –пикир алышуунун негизги куралы. ***Мисалы,*** *Күбөлөр туура маалымат бербегендиктен, сот отуруму жылдырылды.*

**Сүйлөм** түзүлүшүнө карай экиге бөлүнөт:

1. **Жөнөкөй сүйлөм** деп бир гана сүйлөмдүн, же болбосо бир нече грамматикалык негизге ээ болгон сүйлөмдөрдү айтабыз.

2. Маанилери боюнча өз ара жакындыгы болгон бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр грамматикалык жактан тутумдашып, бир бүтүн

ойду билдирсе, **татаал сүйлөм** деп аталат. Татаал сүйлөм грамматикалык түзүлүшү боюнча тең байланыштагы татаал сүйлөм жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм болуп бөлүнөт.

1. Бири-бирине карата тең даражада эки, же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөр интонациялык жана маанилик жактан ажырагыс биримдикте туруп, бүтүн ойду туюндурса, тең байланыштагы татаал сүйлөм болот.

2. Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөдүн тутумунда туруп, баш сүйлөмгө мааниси, грамматикалык түзүлүшү боюнча багынычтуу болгон жана ал баш сүйлөмдүн түрдүү белгилерин, мүнөзүн билдирген сүйлөмдөр багыныңкы сүйлөмдөр деп аталат. Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдөгү ой-пикирди жыйынтыктап, анын аякталган чегин билдирүүчү негизги сүйлөм баш сүйлөм деп аталат.

**Сүйлөм маанисине карата: жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, илептүү сүйлөм болуп бөлүнөт.**

Жай сүйлөм сүйлөөчүнүн айлана-чөйрөдө, чындык турмушта болуп жаткан окуяларга, түшүнүккө, кубулушка жана башка ар кандай нерселерге карата болгон оюн жайынча гана баяндайт. **Мисалы**: Медицина кызматкерлери жер-жерлерде вирустарды азайтуу тууралуу маалыматтык иш-чараларын өткөрүп жатышат.

**1-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, кандай сүйлөм экендигин ажыраткыла.**

1. Сөз дөөдөн да куткарат, жоодон да куткарат (макал). 2. Бул кылгандарыңыз кызматтык ыйгарым укуктардан аша чабууга жатат! 3. Бюджеттик каражаттарды мыйзамсыз пайдаланганыңыз үчүн 308-берененин негизинде жоопко тартыласыз! 4. Энесин баласынан ажыратпай туруп кандайча үч баласына бөлүп берүүгө болот? (табышмак). 5. Сиз билип туруп эмнеге дары берген жоксуз? 6. Жашасын элдердин бекем ден соолугу!

**2-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү окуп, көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү койгула.**

1. Шалаакылык дегенди сен кандай ...? 2. Сабак абдан кызыктуу болгондуктан убакыт ... . 3. Сен эмне себептен мындай ишке. 4. Кызматтык кылмыштарга көбүнчө кимдер ... . 5. Кызмат бергендиги үчүн пара алса 312-берене боюнча жоопко ... . 6. Бардыгынар Кыргыз Республикасынын мыйзамына ... . 7. Жашасын эгемендүү ... .

**III. Өтүлгөн материалды бышыктоо. 3-көнүгүү. Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле жана тексттке бир нече суроо түзгүлө.** Даймонд-бриллиант стратегиясы боюнча иштеп чыккыла.

### Аллергия

Аллергия - бул оору, ар бир адамга өзүнүн симптомдору мүнөздүү (шишүү, кычышуу, ачышуу, денеде кызыл тактардын пайда болуусу, мурундан суу агуу, чүчкүрүү, бронхоспазм жана башкалар). Симптомдордун негизин төмөнкүлөр түзөт:

1. Иммундук системанын өтө сезимталдуулугу (чыныгы аллергия)
2. Организмдин туура эмес реакциясы (жалган аллергия)

Аллергиянын мындай симптомдору ар кандай заттарга болушу мүмкүн (гүл чаңы, жаныбарлардын жүнү, азык-түлүктөр, дарыдармектер, күнүмдүк-тиричилик колдонуу каражаттары ж. б.), нормада булар жөнөкөй адамдарга коркунуч жаратпайт.

Бүгүнкү күндө аллергия абдан кеңири таралган оорулардын катарына кирет, аллергиянын маанилүүсүн жана коркунучтуусуна көңүл бурбоо туура эмес. Андан көрө профилактика иштери жүргүзүү эффективдүү. Аллергиянын симптомдору дээрлик билинбей өтүшү мүмкүн (башка ооруларга жашынуу), ошондой эле коркунучтуу болот (мисалы, кекиртектин, бронхалардын шишиши, дем алуунун оорлошу же 10-15 мүнөт ичинде пайда болуучу анафилактикалык шок).

Аллергиянын пайда болушуна иммундук система жооп берет. Дал ушул организмдин табигый коргоочусу бузулуп калат дагы, жөнөкөй жана кадимки заттар иммундук система аркылуу душман болуп саналып, иммунитетте чукул реакциялар жүрүп коргоно баштайт. Коргонуу

функциясы организмдин ткандарын бузуп, өлтүрүп, аша чаап коргонот десек туура болот. Дал ушул иммундук системанын агрессивдүү коргонуусу аллергия деп аталат (гиперсезимталдуулук).

**IV. Баалоо.** Мугалим студенттерды төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча баалайт: – көнүгүүлөрдү туура аткарышы. – макалдарды чечмелөө – текст менен иштөөсү – окуу, жаңы маалыматты белгилөө, суроолорго жооп берүү, өз оюн айтуу.

**V. Сабактын жыйынтыгы.** Рефлексия. Мугалим студенттерга эки жагында төмөнкүдөй көнүгүүлары бар карточкаларды белгиленген убакытта таратып турат: 1-тарабында: Өтүлгөн тема боюнча түшүнгөн негизги идеяларды атап, жалпылаштыр гыла. 2-тарабында: Өтүлгөн темадагы түшүнө элек жерлериңерди белгилеп, суроолоруңарды түзгүлө.

**VI. Үйгө тапшырма:** Грамматикалык теманы окуп келүү, эркин темада дилбаян жазып келүү.

## Грамматикалык тема:
## СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ

### Лексикалык тема: Ууланууу

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. «Ууланууу» темасындагы лексиканы активдештиришет. Суроолуу сүйлөм боюнча билгендерин активдештирет, жаңы маалымат үйрөнүшөт;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Жаңы лексиканы, кебинде туура пайдалана алышса. Грамматикалык теманы пайдалана алышса. Топто тексттердин маанисин чечмелөөгө катышып, оюн билдирсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Аширбаев Т., Кадырова А., Ажыбаева З. Кыргыз тилинин практикуму. – Б., 2001

2. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1996
3. Жороев Т.,Мапаева Н. Муз жаргычтар.Ош,2002
4. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009
5. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

**Интерактивдүү оюн.«Тегерек».**

**Эске туткула.**

**Суроолуу сүйлөм**

Сүйлөөчүнү кызыктырган иштер, көрүнүштөр, окуялар, түрдүү нерселер жөнүндө кубулуштар ж.б. жөнүндө угуучунун ой-пикирин билүү максатында айтылган суроо маанисиндеги сүйлөм **суроолуу** деп аталат.

Мындай сүйлөмдөр угуучуга тике багыттала кайрыла айтылып, суроолуу жана жооп күтүү мүнөздө болот. **Мисалы:**

-Сот отурумуна канча күбө келди?

-Алты.

-Саат -канчада башталат?

-Саат тогузда.

**III. Өтүлгөн материалды бышыктоо этабы.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла. Көнүгүүнү аткарууну төмөндөгүдөй уюштуруңуз: ар бир студент жекече иштеп, өз алдынча иштегенге убакыт бериңиз. Андан кийин жупта бири-бирин текшеришсин. Калган студенттер текшерсе, толуктаса, ондосо да болот.

**2-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, суроолорду даярдагыла**

**Уулануу**

Ууланууну пайда кылуучу көптөгөн химиялык заттар бар. Аларга ашыкча дозасы ууландыруучу дары каражаттар; тиричиликте (өздүк гигиена) санитариялык максатта, косметикада) колдонулуучу ар кандай химикаттар; айыл чарба зыянкечтерине каршы колдонулуучу уу химикаттар; жаныбар токсиндери жана дары жасоодо колдонулуучу өсүмдүк уулары жана башкалар кирет. Мына ушул көптөгөн химиялык заттар организмге таасир этип ууландырат.

Алар дүүлүктүрүүчү, күйгүзүүчү, терини ириңдетүүчү, тумчуктуруучу жана башкалар уулар болуп айырмаланат. Булардын көпчүлүгү дозасына жана организмге киришине карабастан айрым клетка жана тканга гана таасир этет. Ошондуктан уу заттар кан клеткаларын гана бузуучу — кан уусу (ис газы, селитра жана башкалар), борбордук жана четки нерв системасына таасир этүүчү (алкоголь, наркотиктер жана башкалар), бөйрөк жана боорду жабыркатуучу уулар (оор металлдын кошулмалары, козу карын уулары жана башкалар), жүрөк ишин бузуучу — жүрөк уусу (алкалоид тобундагы кээ бир өсүмдүк уулары), карын жана ичегини жабыркатуучу ичеги-карын уусу (кислота жана жегичтин концентрацияланган эритмелери) болуп бөлүнөт.

**3-көнүгүү. Тексттин 1-абзацын эне тилиңерге которгула.**

**4-көнүгүү. Тесттен каалаган 3 сүйлөмдү алып, аны суроолуу сүйлөмгө айландырып жазгыла.**

**Үйгө тапшырма:** Суроолуу сүйлөм катышкан 5 сүйлөм жазыла.

## Грамматикалык тема:
## СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮНҮН ОРУН ТАРТИБИ

### Лексикалык тема: Дарыларды сактоо

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. «**Дарыларды сактоо**» темасындагы лексиканы активдештиришет. Сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартибин билишет;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Жаңы лексиканы, кебинде туура пайдалана алышса. Грамматикалык теманы пайдалана алышса. Топто тексттердин маанисин чечмелөөгө катышып, оюн билдирсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Аширбаев Т., Кадырова А., Ажыбаева З. Кыргыз тилинин практикуму. – Б., 2001

2. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1996

3. Жороев Т.,Мапаева Н. Муз жаргычтар. Ош,2002

4. .Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

5. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

**Интерактивдүү оюн. «Калем сап»:**

**Эске туткула.**

Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдө сүйлөмдүн ээси башында келет, баяндоочу сүйлөмдүн акырынан орун алат. Калган сүйлөм мүчөлөр ээ менен баяндоочтун ортосунда жайгашат, кээде ээден мурда айкындооч мүчөлөр орун алган сүйлөмдөр да бар.

***Синтаксистик талдоо жүргүзүүдө сүйлөм мүчөлөрүн аныктоочу шарттуу белгилер:***

**Ээ** бир сызык

**Баяндооч** кош сызык

**Аныктооч** толкун сызык

**Толуктооч** үзүк сызык

**Бышыктооч** үзүк чекит

**2-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Революция жараткан Дүйшөндөр дале биздин катарыбызда. Эгерде биз баарыбыз, Дүйшөндөй эле болсок, аң - сезимибиздеги коммунизм – алда качанкы болор иш. 2. Мен Табалдынын колунда калдым. Табалды – атамдын бир тууган иниси (К.Б.). 3. Жалкоонун шылтоосу көп. Сабырдын түбү – сары алтын (Макал). 4. Өрдөктөр үчөө: бири-соноо, бири - чүрөк, бири – темир канат балапан (К.Ж.).

**3-көнүгүү.Текстти окуп чыгып, мазмунун кыргыз тилинде айтып берүүгө даярдангыла.**

## Дарыларды сактоо

Ар бир үй-бүлөдө үй аптечкасы бар. Эгер дары үйдө көпкө турса, алар күн нурунун, нымдын, жылуулуктун жана башка таасиринен бузулуп, кээде таасирсиз же уулуу продуктулар пайда болот. Ошондуктан дары сактоо эрежелерин колдонуу өтө зарыл.

Бардык дарынын этикеткасы болот. Заводдон чыккан этикеткасында дарынын канча убакытка жарай тургандыгы белгиленет. Эгер ал мөөнөт берилбесе, аны 5 жылдан көп сактоого болбойт. Дарынын этикеткасында мындан башка сактоо шарты (салкын, күн тийбеген жерде сактоо) белгиленген. Дарынын этикеткасында «Уу», «Абайлап колдонгула», «Оттон сактагыла», «Балдардан сактагыла» деген жазуулар болсо, андай дарыларды өзгөчө шартта сактоо зарыл. Аптекада даярдалган дарыларды тез пайдалануу керек. Мисалы, көзгө тамчылатуучу дарылар, эритмелер, маңыздар аптекадан эки күндөн, эмульсия, суспенция 3 суткадан өтпөй, калган дарылар 10 күндүн ичинде алынышы керек. Маңыздар тез бузулат, бөлмө температурасында 2-3 күн, муздаткычта 5-6 күндөй сакталат. Маңыздар бузулганда чаңгылт болуп, үстүнө кебер калкып калат. Пенициллинден даярдалган эритмелер, дары майлар бат бузулат, аларды 7 -10 күндүн ичинде пайдалануу керек. Ар бир жарым жылда аптечкадагы дарыларды текшерүү зарыл. Эгерде дарылар этикеткасыз же жазуусу билинбей, ошондой эле сырткы көрүнүшү өзгөрүлсө, жарактуу мөөнөтү өтсө, аларды таштоо керек.

Дарыларды туура эмес сактоо кырсыкка учуратышы мүмкүн. Уулуу заттарды, ичилүүчү жана сыйпалуучу (балдардыкы өзүнчө) дарыларды өзүнчө бөлүп коюу зарыл. Үй аптечкасы үчүн атайын кулпулуу шкаф керек.

**4-көнүгүү. Тексттен тандага эки сүйлөмдү алып, сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартибин алмаштырып жазып көргүлө.**

**5-көнүгүү. Тексттин негизинде 3 концептуалдык, 3 фактологиялык суроо даярдагыла.**

**Үй тапшырма:** Адамдардын ден соолугунун чың болушу үчүн эмне зарыл? деген темада текст түзүү.

## Грамматикалык тема:
## ИШ КАГАЗДАРЫ

### Лексикалык тема: Арыз, түшүнүк кат

| **Максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжалар:** |
|---|---|
| 1. Иш кагаздары менен таанышышат. Өз алдынча, жупта иштей алышат;<br>2. Кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык сабаттуу жазууга, туура, так сүйлөөгө үйрөнүшөт;<br>3. Алган маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштырышат, дүйнө таануу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | **1**. Лексикалык тема боюнча иштей алышса Грамматикалык теманы пайдалана алышса. Түшүнүк катты, арызды түшүндүрүп бере алышса. Өз ойлорун айта алышса, оюн билдирсе;<br>2. Кыргыз тилинде сабаттуу жаза алса, өз оюн кыргыз тилинде түшүнүктүү баяндай алса;<br>3. Тексттен алган жана теориялык маалыматтарын эне тилинин фактылары менен салыштыра алышса. |

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу, 1-2-бөлүм. –Б., -2012

2. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1996

3. Жороев Т.,Мапаева Н. Муз жаргычтар.Ош,2002

4. Рысбаев С. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2009

5. Карасаев К. Накыл сөздөр. 1-2-китеп. – Б., 2007

**I. Интерактивдүү оюн. «Түс»**:

1) Катышуучулар бөлмөдө тике турушат. Алып баруучу оюндун шартын жарыялайт.

2) Оюндун шарты. Алып баруучу кайсы түстү айтса, ошол түстү бөлмөдөн таап, колду тийгизип туруу керек. Алып баруучу кийинки түстү атаганда, ошол түстү издеп таап, ага колду тийгизип туруу керек.

3) Тийиштүү түстү таппай калгандар, макулдашылган тизме боюнча айыптардын бирин тартышат.

**II. Жаңы тема боюнча түшүнүк берүү**

Пикир алышуунун кандайдыр бир чөйрөсүнө ылайыкталган кептин түрү **стиль** деп аталат. Адам баласынын пикир алышуусу-

нун чөйрөлөрү ар кандай. Алардын милдеттери жана максаттары ар башка.

Илимий адабияттарда бул стиль иш кагаздар стили, канцелярдык стиль, иштиктүү стиль, официалдык иш кагаздар стили деген сыяктуу терминдер менен аталып келе жатат. Алардын синонимдеш терминдер катары колдонулуп келе жатканын белгилеп кетмекчибиз жана биз жогорку терминдердин биринчисин пайдаланабыз.

Иш кагаздарынын кыргыз тилинде аткарылышы, биринчиден, өлкөдөгү тил саясатынын багытын негиздеди, экинчиден, элибиздин сабаттуулугунун өсүшүнө оң таасирин тийгизди, үчүнчүдөн, иш кагаздарына байланыштуу башка тилдерден кабыл алынган жана улуттук тилдин сөз жасоо моделдеринин негизинде жасалган сөздөрдүн эсебинен тилибиздин лексикалык кору байыды. Иш кагаздар стили укуктук нормаларды өзүнө камтыган, жеке адамдар менен мамлекеттин, мекеме, уюм жана ишканалар менен мамлекеттин, мамлекет менен мамлекеттердин жана жеке адамдардын ортосунда коммуникативдик аракетте болгон түрдүү иш кагаздарынын тилдик жана экстратилдик өзгөчөлүктөрүн изилдейт.

Иш кагаздарынын колдонуу чөйрөсү өтө кеңири, ал коомдун бардык институттарында - бардык мекемелерде, ишканаларда, уюмдарда - чектөөсүз колдонулат. Тактап айтканда, иш кагаздары укуктук мамилелер чөйрөсүн - мыйзам чыгарууну, иш жүргүзүүнү жана эл аралык карым-катнашты тейлейт. Демек, бул стилдин адам ишмердигиндеги жана коомдук турмуштагы аракеттенүү мейкиндиги өтө кеңири.


Кыргыз тилиндеги иш кагаздарды биз мазмуну жана арналышы боюнча өздүк иш кагаздар, расмий иш кагаздар жана дипломатиялык иш кагаздар деп үч түргө бөлүштүрөбүз. Бул классификация боюнча топтоштурулган иш кагаздарында, жогоруда белгиленгендей, алардын мазмуну жана арналышы менен бирдикте укуктук күчү жана аракеттенүү мейкиндиги да

эске алынды. Иш кагаздарынын жогоркудай түрлөргө бөлүштүрүлүшүндө алардын жеке адамдар, расмий тараптар жана мамлекеттердин атынан даярдалганы да классификациялоо фактору катары каралганы эске алынган.

Өздүк иш кагаздарына арыз, өмүр баян, түшүнүк кат, тил кат, кызмат сапар отчету сыяктуу иш кагаздары кирет жана алардын ар бири жеке адам тарабынан даярдалат. Иш кагазы жеке адамга (тил кат) же мекеменин жетекчилигине арналат.

Расмий иш кагаздары башкаруу ишинде көп колдонулат. Алар өздөрүнүн көп түрдүүлүгү, формасынын жана мазмунунун бай экендиги менен өздүк жана дипломатиялык иш кагаздарынан кескин айырмаланат. Расмий иш кагаздарынын түрүн кеңседе аткарылган бардык административдик-уюштуруучулук, директивалык-буйруктук, финансылык жана учеттук иш кагаздары түзөт. «Расмий иш кагаздар» термини шарттуу түрдө кабыл алынган. Иш кагаздарындагы расмийлүүлүк (официалдуулук) белги иш кагаздарынын калган эки түрүндө да - өздүк жана дипломатиялык иш кагаздарда да - ар дайым сакталат.

Иш кагаздарын классификациялоонун көп түрү бар. Алардын бири төмөнкүчө:



## АРЫЗ

**Арыз** – жеке адамдын же топтошкон адамдардын тиешелүү кызмат адамдарына жазуу (кээде оозеки) түрүндөгү расмий билдирүүсү. Арызды кол менен же А4 форматындагы кагазга жазып берүүгө болот. Арыз жазуу үчүн атайы даярдалган бланктарды (формаларды) да пайдаланууга болот. Мындай стандарт бланктар министрлик, ведомство, мекеме, уюмдар тарабынан иштелип чыгып, алардын ички ишмердүүлүгүн уюштурууда керектелет. Арыз сунуш, өтүнүч, арыздануу, даттануу мазмунунда болушу мүмкүн.

Арыздын төмөнкү түрлөрү кеңири жайылган: сураныч арызы, эсеп-кысап арызы, доо арызы. Арыздын текстине мүнөздүү сөз жана сөз айкаштары: өтүнөм, суранам, тиркейм, билдиремин, кезектеги өргүү, кезексиз өргүү, уруксат, которулуу, бошотуу, кабыл алуу, чыгаруу, төлөп берүү ж.б.

Ж.Баласагын атындагы
улуттук университеттин
Экономика жана башкаруу институтунун директору, профессор
Н.Акматовго финансы
жана кредит бөлүмүнүн
3-курсунун студенти
Эсен Таировдон

**Арыз**

Ден соолугума байланыштуу 2009-жылдын 13-ноябрынан баштап 1 (бир) жылдык мөөнөткө академиялык өргүү алууга уруксат берүүңүздү өтүнөмүн.

Медициналык комиссиянын бүтүмүн арызга кошо тиркеймин.

15.09.2020. Колу/...................

**1. Арызды окуп, маалым даректерин жазгыла**.

М.: 1. Арыздын кимге даректелгени (аты-жөнү, кызматы);

2. _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _

3. _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _

4. _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _

5. _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _

6. _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _

**1-көнүгүү. Сиз жумушуңузга (окууңузга) байланыштуу кандай мазмундагы арызды жазасыз? Туура толуктагыла.**

Кабыл алуу, чыгуу, которулдум, уруксат берүү, билдиремин, суранабыз. башка ишке / ............................................................... өргүүгө /........................................................................ каражат бөлүүңүздү / ......................................................... жумушка/ ......................................................................... жумушка чыкканымды / ...............................................

3 күнгө/ ....................................................................

**2-көнүгүү. Арыз кандай учурда кабыл алынбашы мүмкүн? Берилген сөздөрдү пайдаланып, иш кагазынын стилине ылайык сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

Мөөнөтү бүт-, орунсуз бол-, эрежелерге туура келбе-, кайрылуу дареги туура эмес бол- ж.б.

**3-көнүгүү. «Арыз» деген сөздү дагы кандай маанилерде колдонобуз? Ойлонгула, мисал келтиргиле.**

**Үй тапшырма:** Китептерден ж.б. маалымат булактарынан пайдаланып түшүнүк кат, ишеним кат, тил кат жазып келгиле. Иш кагаздары боюнча кластер тузүп келгиле.

# СТУДЕНТТЕРГЕ ТАЛДОО ҮЧҮН СУНУШ КЫЛЫНГАН ТЕКСТТЕР

## Тери

Адамдардын бүт денеси тери менен *капталган,* калыңдыгы 0,2-4мм. *Тери* татаал *түзүлүштө, бир* катардан турат. Тери денени сууктан, ысыктан коргойт.

Тери жылмакай, чоюлат, жумшак. Себеби тешикчелерден ар дайым май *бөлүнүп чыгып турат. Ошондуктан* майланышьш жумшак келет. **Теридеги** *тешикчелер аркылуу* да бөлүнүп чыгат. Теридеги майга чаң, микробдор жугуп, тери тез кирдейт. Микробдор тез көбөйөт, кичине эле жара болсо, *ырбатып жибериши мүмкүн. Таза* териде алар тез өлүшөт.

Терини жумасына 1-2 жолу самындап, *жылуу суу* менен| жууну сунуш *кылынат.*

## Ыйлагын келсе, ыйлап ал

Бардык ыйлагандардын элүү пайызы кайгыргандан, жыйырма бир пайызы кубангандан, калгандары элжиреп-эзилип ыраазы болгондон, ачуусу келгенден, сарсанаа болуп кам көрүүдөн жана ооругандан ыйлашат. Адам өз өмүрүндө болжол менен жетимиш литр көз жашын ыйлоо менен төгөт.

Көз жашы - бул тек гана туздуу тамчы эмес. Уильям Фрей аттуу доктор атайын приборлордун жардамы менен көз жаштын эмнеден турарын изилдеген. Ал изилдөөнүн жыйынтыгы өтө таң калыштуу болгон. Фрей көз жашы стрессти төмөндөтүп, оорунун акырындашына, өтө оор абалдын жеңилдешине, кайгы-мундун жана нервдик чыңалуунун азайышына жардам бере тургандыгын аныктаган. Көз жашта үч зат бар экендигин көрсөткөн.

- Биринчи, ооруну жок кылуучу морфий (дары) сыяктуу таасир этүүчү зат;
- Экинчи, бактерияларды жана башка зыяндуу микроорганизмдерди бир секундага жеткирбей жок кылуучу зат;

Үчүнчү, бүткүл организмге оң таасир этүүчү зат. Көз жашы адамдын жан дүйнөсүн жууп турат. Өз эмоциясын (кайгы-кубанычын) сыртка чыгарбаган адамдар көбүрөөк оорушат, врачка тез-тез кайрылышат деген жыйынтык чыгарган.

## Кымыз

Кымыз - бээ сүтүнөн ачытып жасалган кычкыл суусундук. Аны кечки жаз мезгилинен даярдай башташкан. Бээлер жаңыдан тууганда саалган чийки сүткө ачыткы кошулат. Ачыткынын милдетин кор (үрп) жана көрөңгө аткарат. Сабадагы чийки сүт менен көрөңгөнүн үстүнө муздатылган сүт кошулуп, бишкек менен бышылат. Эң соңку саалган сүт эл жатарда куюлуп, аябай бышылат да, андан кийин саба жылуу жабылат.Кымыздын сапаты жасоо ыкмаларынын туура сакталышына, сабанын өз маалында ышталып жана майланып турушуна жараша болот.

Сүтүнө жана жасалышына жараша уй кымыз (уй, топоз сүтүнөн), төө кымыз (төө сүтүнөн), бал кымыз (байтал бээнин сүтүнөн), ууз кымыз (эрте жаздагы), сөөк кымыз (кеч күздөгү), тунма кымыз (эң алгачкы бышылбай даярдалган), саамал кымыз (көрөңгөгө жаңы сүт азырак кошулган), ымшытма кымыз (тердетүү үчүн жылытылган), чайкалган кымыз (бал, кант кошулган же өтө чайкалган),тоңдурма кымыз (чаначка же көөкөргө атайын тоңдурулган) деп бөлүнөт.

## Күйүк

Күйүк - жогорку температурадан, химиялмк заттардан, радиоактивдүү нурлануунун таасиринен жабыркашы. Ошого ылайык термиялык, химиялык, шишик күйүү болуп бөлүнөт. Турмуш-тиричиликте шишик күйүк көп. Ткандардын жабыркоо оордугуна жараша шишик бөлүнөт. 1-даражадагы күйүктө тери кызарат, шишимик тартып ооруйт, 4-5 күндө айыгат. 2-даражадагы, күйүктө суюктук толгон ыйлаакчалар пайда болот. Дароо дарыгерге кайрылып дарылоо керек, өз алдынча дарылануууга болбойт, инфекция түшүп калышы мүмкүн. 10-15 күндө тери айыгат. 3-даражасында тери жансызданып, 4- даражасында тери гана эмес терең жаткан ткандар (тарамыш, сөөктөр) жансызданат, ал тургай кыймылдабайт. Булардын экөөндө жабыркаган адамды дароо медициналык мекемеге жеткирүү зарыл. Күйүктүн оордугу анын даражасында гана эмес, анын аянтына да карата болот. Күйүк ириңдеп, бактериялардын уусу менен ууланат. Кээде инфеция кирип, сепсис болуп калышы мүмкүн. Күйүттү өз алдынча дарылоого болбойт.

## Вирустуу гепатит

Боорду жабыркатуучу катуу кармаган жугуштуу дарт - гепатит. Ооруну 2 түрдүү вирустар (А жана Б) козгойт. Биринчиси жугуштуу гепатити (Боткин оорусун), экинчиси кандын гапатити козгойт. Алар сырткы чөйрөнүн түрдүү туруктуу бөлмө температурасында 1 жыл, суукта 4-5 жыл дан кийин аныкталат. Күн нурунун таасиринен 1,5 саат, 30-40 минутада өлөт. Боткин оорусуну менен ооруган киши соо кишиге вирус менен булганган тамак-аш, кир кол, чымын-чиркей аркылуу, кан, сары суу иштеткен аспаптарды чала стиретилдегенден жугат. Жабыркаган адамдын алы кетип, тез чарчайт. Тамакка табити начарлап, ооздун ичи ачуу даамданып, зарна болот, тамагы аш болбойт, кусат. Ичи ооруп, кээде өтөт. Кээде башы ооруп, мурду бүтүп жөтөлөт, эт ысыйт, температура 39-40°ка көтөрүлөт. Заарасы пиво же коюу чайга окшойт, көздүн айланасын сары түс каптайт.

## Пульс

Жүрөктүн жыйрылуусунун натыйжасында кан тамырларга түртүлүп чыкканда пайда болгон кан тамырлардын термелүүсү- пульс.

Пулстун артериялык, веналык, капиллярдык түрлөрү белгилүү. Оорулууну изилдөөдө артериялык пульстун мааниси чоң. Пульстун жардамы менен жүрөктүн гана эмес, башка органдар жана системалардын ооруларын аныктоого болот. Артериялык пулсьту билек кармап изилдейт. Дени соо кишилердин пульсунун ылдамдыгы 1 минутада 60-80ге барабар. Жүрөктүн катуу ылдамдыгы 1 минутада 90 дон ашса – тахикардия, 60тан төмөн болсо-брадикардия деп аталат.

Балдардын пульсу чоңдорго караганда, аялдардын пульсу эркектерге караганда ылдамыраак болот.

## Кан басымы

***Кан басым***- артериялык кан тамырындагы басым. Адамдардын кан басымы нормада, жогору же төмөн болот. Нормадагы кан басымдын систолалык басымы 110-140 ортосунда, диастолалык басымы 70-90 ортосунда болот.

Сиз бейтаптын кан басымын өлчөп жатканьңызда, анын жаш курагына көңүл буруңуз. Эгер бейтап 20 жашта болсо, кан басымы

140-15Онү көрсөтсө, анда ал коркунучтуу. Бирок эгерде бейтаптын кан басымы 50 болсо, ал коркунучтуу эмес. Анда медайым өзөмөлдөп турушу керек.

Эгерде бейтапта гипертония болсо, анын башы ооруп, мурдунан кан агып, жүрөгү оорушу мүмкүн. Дарыгер ага гипертониялык препараттарды сунуштайт. Жогорку кан басымы кээде бейтап үчүн коркунучтуу. Медайым бейтапты тынчтандырышы керек. Гипертониялык кан басымы бар бейтап оор жумуш кылбашы керек.

## Витаминдер

Витаминдер - организмдеги нормалдуу зат алмашууда жана тиричилик аракетинде мааниси *чоң* биологиялык активдүү бирикмелер, тамактануунун алмапггырылгыс фактору. Витамвдцердин ачылышы орус окумуштуусу Н.И.Луниндин ысымы менен байланыштуу. Ал 1880-жылы тамактын составында тиричилик үчүн эң керек белгисиз фактор бар экендигин эксперментте аныктаган. Поляк |окумуштуусу К.Функ 1912-жылы "витамин" терминин сунуш кылган. Буга чейин эле организмге белгилүү өлчөмдө белок, углевод, минерал туздар жана суу керек экендиги, ошондой эле начар тамактануудан болуучу оорулар да белгилүү болгон. Узакка созулган экспедициянын саякатчылары жашылча-ж емиш | жебегендиктен цинга оорусу менен оорушкан.

## Жугуштуу оорулар

Оору козгогуч микроорганизмдер (вирус, бактерия, мите козу карындар) пайда кылып, соо кишиге оорулуудан жана бактерия алып жүрүүчүлөрдөн жугуучу оорулар, жугуштуу оорулардын пайда болуу себептерин, өнүгүү механизмин, белгилерин изилдөөчү жана алардын диагноздоо, дарылоо, алдын алуу, ыкмаларын иштеп чыгуучу медициналык дисциплина. Ал бактериология, вирусология, иммунология, эпидемиология жана башка менен тыгыз байланыштуу.

Кишинин жугуштуу ооруларга туруктуулугу жашына, чымырлыгына, тамактануусуна, жашоо шартына жана башкага байланыштуу. Жугуштуу оорулар жаш балдарда (иммунитетсиз кезде) жана улгайган адамдарда кезигет. Оору козгогуч айлана-чөйрөдө түрдүү жолдор менен тарайт.

## Туберкулёз

Туберкулёз (кургак учук) – кишинин, малдын көбүнчө өпкөсүндө жана лимфа түйүндөрүндө сезгенүүдөн пайда болгон майда бүдүрлөр менен мүнөздөлгөн жугуштуу оору. Туберкулөз өнөкөт түрүндө өтөт. Кишинин туберкулөзун фтизиатрия изилдейт. Бул оорунун жугуштуу экенин 1882-жылы немец окумуштуусу Р.Кох таякчага окшош, козгогучун тапкан. Ал туберкулөз микробактериясы деп аталат. Оору чүчкүргөндө, жөтөлгөндө, какырык жана шилекей, ошондой эле тамак–аш аркылуу жугат. Кишинин оорушуна турмуштун оордугу, нерв системасынын чарчашы, ичкилик ичүү, жетишсиз тамактануу жана башка себеп болот. Өпкөнүн микробактерия түшкөн ткандарында сезгенүү очогу пайда болуп, некрозго айланат. Андан кийин катуу кабык менен капталат да, акырындап, кальций туздары топтолот. Анда оорулуу бат чарчайт, түнкүсүн тердейт, жөтолөт, кан түкүрөт, эти ысыйт, уйкусу, кыялы бузулат, какырыктан туберкулөз таякчалары табылат. Өпкөнүн туберкулөзун аныктоодо рентгендик диагностиканын мааниси чоң.

## Бруцеллез

Бруцеллез - жаныбарлардын жана адамдардын нерв, жүрөк кан тамыр системасын жана сөөк-муундарын жабыркатуучу жугуштуу оору. **Бруцеллезду** бруцелла уруусундагы бактериялар козгойт. Ал сырткы чөйрөнүн таасирине туруктуу келет.

Оорунун клиникалык белгилеринин өтө көп түрдүүлүгү менен мүнөздүү. Оорунун алгачкы белгиси козгогуч жукканда 2-3жума өткөндөн кийин билинет. Мында алы кетип, чыйрыгып, башы ооруп, кара тер басат. Оору кээде капысынан катуу башталат: башы катуу ооруп, дене температурасы 39-40 ка жетет, тер басып, уйкусу качат, чыйрыгып алы кетет, булчуңдары, муундары кыймылдатпай катуу ооруйт. Кан тамырлары, нерв системасы жана сөөктөр, муундар жабыркап, кээде психиканын бузулушу байкалат. **Бруцеллез** оорусу 3айга, айрым учурда 1-2жылга чейин созулат. Оору өнөкөт түрүнө өтүп кетсе, оорулуунун ишке жөндөмдүүлүгү төмөндөп, жумушка жараксыз болуп калат. Оорунун алгачкы белгилери билинери менен дарыгерге кайрылуу зарыл.

**Биз канчалык тез кыймылдайбыз**?

Адам өзүнүн табиятынан анчалык чоң эмес кыймыл ылдамдыгы менен чектелип, орто эсеп менен секундасына 1,5 метрди басып өтөт, бул түздүктөгү көпчүлүк дарыялардын агуу ылдамдыгынан бир аз тезирээк, бирок сыдырым жер учурундагы абанын ылдамдыгынан (сенкундасына 5м) бир кыйла жай. Секундасына болгону 1,5 мм аралыкка жылган үлүлгө караганда киши, албетте, өтө күлүк: ал 1000 эсе шамдагайлык кылат! Эгерде ал башка жандуулар менен жарышка түшсө, анда артта калары белгилүү: кадимки чымын, өзүнүн жай учушунда жөө кишиге салыштырмалуу эки эсе тез кыймылдайт.

Бирок коньки сыяктуу жөнөкөй механикалык жасалга, кишиге анын жандуулар дүйнөсүндөгү «атаандаштарынан» бир кыйла артыкчылыкты берет. Машыккан коньки тебүүчү секундасына 10 метрден ашык ылдамдык менен кыймылдайт. Аны кээ бир гана жаныбарлар кубалап жетиши мүмкүн. Күлүк атчан секунтасына 15-20 метр чегиндеги ылдамдыкты өрчүтөт жана ал шамалдан озот. Анткени катуу шамал болгондо абанын кыймылы чанда эле секунтасына 20 метрден ашат. Мындан биз элдик жомоктордо «ат шамалдай учат» деп айтылышы апыртма эмес, жүйөлүү сөз экендигин байкайбыз. Жакшы күлүк ит шамалдан да жогорку ылдамдык (секунтасына 25м) менен чуркайт. Айрым канаттуулардын ылдамдыктары мындан да чоң.

Адам ойлоп тапкан машиналар, аны жер бетиндеги жан–жаныбарлардан эң ылдам кылат. 1896-жылы эле Париж-Брест автомобиль жарышында 20 км/саат, башкача айтканда секундасына 6 метрге жакын ылдамдыкка жетишилген. Ал кезде бул автомобилдер үчүн өтө жогорку чек болгон. Бирок кийинки эле жылы автомобилдердин ылдамдыгы эки эсе жогорулады, ал эми 1903-жылы Париж-Мадрид жарышында автомобилдер беш эсе чоң ылдамдыкты 108 км/саатты же секундасына 30 метр ылдамдыкты өрчүтүүгө жетишти.

## ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАР

---Суроо 1---

Кыргыз тили кайсы тилдердин тобуна кирет:

А) индоевропа тилдери    Б) славян тилдери

В) иран-фарс тилдери    Г) түрк тилдери

---Суроо 2---

Кыргыз алфавитинде канча тамга бар?

А) 36    Б) 26

В) 33    Г) 30

---Суроо 3---

Кыргыз тилинде канча үнсүз тыбыш бар?

А) 22    Б) 14

В) 6    Г) 25

---Суроо 4---

Кыргыз тилинде канча үндүү тыбыш бар?

А) 8    Б) 6

В) 22    Г) 14

---Суроо 5---

Кыргыз тилинде кайсы тамгалар 2 тыбышты билдирет?

А) э-е    Б) к, г, ж

В) с-з    Г) к-г

---Суроо 6---

Кыска үндүүлөр кайсылар?

А) аа, ээ, оо, өө    Б) а, аа, э, ээ, о, оо, ө,өө

В) ю, я, е, ё    Г) а, э, о, ө, у, ү, ы, и

---Суроо 7---

Созулма үндүүлөрдү тапкыла.

А) аа, ээ, ыы, ии    Б) аа, ээ, оо, өө, уу, үү

В) ы, и    Г) а,ы,и, э

---Суроо 8---

Жумшак үнсүздөрдү тапкыла.

А) а, э, в, г, ж
Б) к,т,с,п, ч, х,ш
В) б,в,г,л,ж,
Г) е,ё, ю,я

---Суроо 9---

Каткалаң үнсүздөрдү тапкыла.

А) б, в, г, д, ж, з
Б) к, п, т, с, ш, щ, х, ф, ц, ч
В) аа, ээ, оо, өө
Г) к, л, м, н, р, с, т, ц

---Суроо 10---

Кайсы тамгалар эки тыбыштан турат?

А) аа, ээ,оо, өө
Б) ь, ъ е, ё, ю,я
В) с-з, т-д, к-г
Г) я,ю,е,ё.

---Суроо 11---

Ат атооч сөздөрдү тапкыла

А) ат, фамилия апа
В) дептер, калем, китеп
Г) от, оюн, коон, тоо, ойно, бала

---Суроо 12---

Булар кимдер: Ата, апа, ат, эже, сиңди, карындаш, чоң ата, чоң эне

А) үй-бүлө мүчөлөрү
Б) уруулаштар
В) бир туугандар
Г) жамаат

---Суроо 13---

Төмөнкү сөздөр кайсы суроого жооп берет: Студент, мугалим, дос, университет, сабак.

А) Кайсы?
Б) Ким?
В) Ким? Эмне?
Г) Эмне?

---Суроо 14---

Каткалаң үнсүз катышкан сөздү белгиле.

А) ага-ини
Б) эже-сиңди
В) булут
Г) улуу

---Суроо 15---

Созулма үндүү катышкан сөздү белгиле.

А) бороон, талаа
Б) сабиз, калем
В) кыш:
Г) алма, сүт, эт

---Суроо 16---

Сүйлөмдөгү жумшак үнсүздөрдү тапкыла. Биз шахмат ойнодук.

А) и, ш, а
Б) б, з, й, н, м, д
В) о, и, у
Г) к, ш, х, т

---Суроо 17---

Сүйлөмдөгү каткалаң үнсүздөрдү тапкыла. Менин саатым бар.

А) :м, н
Б) аа
В) с, т
Г) ы

---Суроо 18---

Сүйлөмдөгү үндүү тыбыштарды тапкыла. Ал студент.

А) :а, у, е
Б) с, т, н
В) а, с,т
Г) д, т, с

---Суроо 19---

Сүйлөмдөгү созулма үндүүлөрдү тапкыла.
Тоонун абасы таза, салкын.

А) а, ы
Б) оо
В) л, н, к
Г) н, у, н

---Суроо 20---

Сөздү толуктагыла. С_л_м_тс_зб_?

А) :о, у
Б) а, и
В) а, э
Г) а, ы

---Суроо 21---

Сөздү толуктагыла. _л_ тт _к

А) э
Б) ү
В) у
Г) а

---Суроо 22---

Сөздү толуктагыла. К_р_шк_р

А) о,у
Б) а, ы
В) у, а
Г) о,ө

---Суроо 23---

Туура муунга ажыраган сөздү тапкыла.

А) асм-ан
Б) ко-роз
В) кит-еп
Г) туур-а

---Суроо 24---

Туура муунга ажыраган сөздү тапкыла.

А) :ка-нат-туу-лар
Б) бүрк-үт
В) кит-еп
Г) ан-ар

---Суроо 25---

Туура муунга ажыраган сөздү тапкыла.

А) жак-шы
Б) бе-т
В) доб-уш
Г) кызд-ар

---Суроо 26---

Сүйлөмгө суроо койгула. Менин атам терапевт болуп иштейт.

А) Сенин фамилия ким?
Б) Сен канча жаштасың?
В) Сенин атың ким?
Г) Туура жооп:

---Суроо 27---

Сүйлөмгө суроо койгула. Мен Жалал-Абад шаарында жашайм.

А) Сен кыргыз тилин билесиңби?
Б) Сен шаарда иштейсиңби?
В) Сен Жалал-Абад шаарында жашайсыңбы?
Г) Сен кайда жашайсың?

---Суроо 28---

Сүйлөмгө суроо койгула. Жалал-Абад - кооз жана таза шаар.

А) Сен Жалал-Абадда жашайсыңбы?
Б) Шаардын борборунда эмне бар?

В) Жалал-Абадда эмнелер бар?

Г) Жалал-Абад кандай шаар.

---Суроо 29---

Сүйлөмдү толуктагыла. Төкмөлөр эч токтоосуз ... ырдашат.

А) жакшы `Б) комуз менен

В) кыяк Г) жамакташтырып, уйкаштырып

---Суроо 30---

Сүйлөмдү толуктагыла. Ош шаарында ... эстеликтери коюлган.

А) Курманбек Б) “Айкөл Манас”, “Барсбек”

В) Чыңгыз Айтматов Г) Чолпонбай Түлөбердиев

---Суроо 31---

Сүйлөмдү толуктагыла. ... - булар үй жаныбарлар.

А) иток, короз, үкү Б) күкүк, карга, бүркүт, үкү

В) аюу, түлкү, карышкыр, арстан Г) ат, кой, козу, эчки, уй,музоо

---Суроо 32

Сүйлөмдү толуктагыла. Жапайы жаныбарлар - булар ... .

А) тоок, короз, жөжө, каз

Б) мышык, ит, кой, улак

В) аюу, түлкү, карышкыр, арстан, жолборс

Г) кой, эчки, аюу, короз

---Суроо 33---

Сүйлөмдү толуктагыла. Кургак дары формаларына ... кирет.

А) эритмелер, маңыздар, суспензиялар

Б) дары майлар, линименттер, паста

В) күкүм, гранул, таблетка, капсула

Г) дары чөптөр

---Суроо 34---

Сүйлөмдү толуктагыла. Дары формалары ... болуп бөлүнөт.

А) суюк, катуу, кургак, жумшак

Б) аптека, диагноз, анализ

В) суспензия, тундурма, эмульсия, микстура
Г) таблетка, капсула, драже

---Суроо 35---

Сүйлөмдү толуктагыла. Үй канаттуулага ... кирет.
А) таранчы, чабалекей, сагызган, булбул
Б) тоок, короз, күрп, каз, өрдөк
В) жылкы, уй, музоо, кулун
Г) мышык, күчүк, бөжөк, жөжө

---Суроо 36---

Сүйлөмү толуктагыла. Сүт азыктарынан ... сыяктуу адамга сиңимдүү жана пайдалуу тамактар жасалат.
А) куурдак, быжы, бешбармак
Б) нан, көмөч, боорсок, токоч
В) салат, тамак, чай, кофе
Г) курут, айран, каймак, сүзмө

---Суроо 37---

Сүйлөмдү толуктагыла. Ундан жасалган тамактар: ... .
А) каттама, көмөч, токоч, нан, боорсок
Б) айран, сары май, сүзмө, курут
В) бешбармак, куурдак, устукан
Г) чай, кофе, салат

---Суроо 38---

Суроого жооп бергиле. Катуу (фито) дары формалары кайсылар?
А) таблетка
Б) драже
В) дары чөптөр
Г) микстуралар

---Суроо 39---

Кыргызстанда канаттуулардын канча түрү бар?
А) 2
Б) 3
В) 5
Г) 4

---Суроо 40---

Кыргызстанды кайсы тоолор көбүрөөк каптап турат?

А) Сулайман-Тоо
Б) Бабаш-Ата
В) Тянь-Шань жана Алай
Г) Ала-Тоо

---Суроо 41---

Төмөнкү сөздөрдүн синонимин тапкыла. Акылдуу, жакшы, сулуу

А) бийик, жаш, алыс
Б) эстүү, мыкты, чырайлуу таза,
В) сонун, тоң
Г) кичине, бактылуу, татына

---Суроо 42---

Төмөнкү сөздөрдүн синонимин тапкыла. Баа, жаан, каалга

А) дене, алыс, бут
Б) аяк, дурус, жарык
В) эстүү, добуш, бет
Г) нарк, жамгыр, эшик

---Суроо 43---

Төмөнкү сөздөрдүн синонимин тапкыла. Баатыр, узак, дене

А) эр жүрөк, алыс, тулку
Б) бет, жүз, дидар
В) үн, добуш, аваз
Г) эшик, дарбаза, каалга

---Суроо 44---

Төмөнкү сөздөрдүн антонимин тапкыла. Ысык, кара, душман

А) жылуу, күрөң, коңшу
Б) суук, ак, дос
В) күн, түн, жарык
Г) бейиш, өйдө, артка

---Суроо 45-

Төмөн, түн, кет

А) ары, бери, өйдө
Б) чоң, ач, тур
В) өйдө, күн, кел
Г) кара, тара, жара

---Суроо 46---

Төмөнкү сөздөрдүн антонимин тапкыла. Сараң, жай,түз.

А) март, тез, ийри
Б) бийик, узун, жакын
В) бийик, узун, жакын
Г) чыкты, жаман, бай

---Суроо 47---

Жөндөмөлөрдө омоним болобу:

А) болот
Б) болбойт

В) антоним Г) синоним

---Суроо 48---

Төмөнкү сөздүн уңгусун тапкыла.

А) Жолдордун жолдор Б) жол

В) жолдо Г) жолдун

---Суроо 49 ---

Төмөнкү сөздүн уңгусун тапкыла. Канаттуулардын

А) канат Б) канаттуу

В) канаттуулар Г) канаттар

---Суроо 50---

Көптүк сандын мүчөсү:

А) китеп Б) -чы

В) -лар Г) -кана

---Суроо 51---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү тапкыла. Шаарда ... бар.

А) тоо, талаа, машина

Б) көгүчкөн, карга, үкү, тоту куш

В) театр, кинотеатр, музей, парк

Г) токой, дарыя, шаркыратма

---Суроо 52---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздү тапкыла. Сулай-ман-Тоодо ... бар.

А) эстелик Б) бий аянты

В) лыжа базасы Г) тарыхый музей

---Суроо 53---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү тапкыла. Суюк дары формалары - ... .

А) суспензия, микстура, эмульсия, маңыз, эритме, тундурма

Б) күкүм, гранул, таблетка, капсула

В) :дары чөптөр

Г) дары майлар, линименттер,паста, шамчалар

---Суроо 54---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздү тапкыла. Көпчүлүк канаттуулар кышында ...учуп кетишет.

А) Индияга | Б) жылуу жактарга

В) Африкага | Г) Батышка

---Суроо 55---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү тапкыла. Кыргыз эли ... сакташат.

А) чек арасын | Б) жаратылышын

В) Ысык-Көлдү | Г) үрп-адаттарын жана каада-салттарын

---Суроо 56---

Ош шаарында кайсы дарыя агып өтөт?

А) Чүй | Б) Ак-Буура

В) Нарын | Г) Көгарт

---Суроо 57---

Апаңдын ата-энеси кыргызча кандай аталат?

А) чоң ата, чоң эне | Б) ага-ини

В) эже-сиңди | Г) таята, таене

---Суроо 58---

Кыргызстандын аянты канча?

А) 198.5 км² | Б) 668 км²

В) 193.8км² | Г) 6 млн.

---Суроо 59 ---

Кыргызстандагы элдин саны канча?

А) 7млн | Б) 5млн

В) 6 млндон ашык | Г) 10 млн

---Суроо 60---

Кыргызстандагы эң чоң дарыя кайсы?

А) Ысык-Көл
Б) Чатыр-Көл
В) Нарын
Г) :Чүй

---Суроо 61—

Кыргыздын майда тууралган эттен жасалган эң сый тамагы кайсы?

А) бешбермак
Б) куурдак
В) устукан
Г) курут

---Суроо 62---

Ош шаарында кайсы тоо жайгашкан?

А) :Алай
Б) Керме-Тоо
В) Аюп
Г) Сулайман-Тоо

---Суроо 63---

Кыргызстандын борбор шаары кайсы?

А) Ош
Б) Жооп:
В) Жалал-Абад
Г) Токмок

---Суроо 64---

Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздүн синонимин тапкыла. Айнагүл **сулуу** кыз.

А) жакшы
Б) чырайлуу
В) :акылдуу
Г) тартиптүү

---Суроо 65---

Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздүн синонимин тапкыла. Бүгүн Кыргызстанда **жаан** жаайт.

А) кар
Б) бороон жамгыр
В) мөндүр
Г) жамгыр

---Суроо 66---

Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздүн синонимин тапкыла. Айтыш - кыргыз **фольклорунда** өзгөчө орунда турган жанр.

А) элдик оозеки чыгармачылыгында

Б) адабиятында

В) музыкасында
Г) искусствосунда

---Суроо 67---

Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздүн синонимин тапкыла. Биздин **айыл** тоодо жайгашкан.

А) шаар Б) калаа
В) кыштак Г) көчө

---Суроо 68---

Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздүн антонимин тапкыла. Мен Жеңижок көчөсүнүн **башында** жашайм.

А) аягында Б) ичинде
В) жанында Г) тушунда

---Суроо 69---

Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздүн антонимин тапкыла. Жаведдин бөлмөсү **кең**.

А) тар Б) бийик
В) ысык Г) кичине

---Суроо 70---

Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздүн антонимин тапкыла.Менин чоң атам **кары.**

А) март Б) жаш
В) дарыгер Г) күчтүү

---Суроо 71---

Сүйлөмдү толукта.
Кыргызстан - Борбордук Азияда жайгашкан ... өлкө.

А) кең Б) салкын
В) тоолуу Г) чоң

---Суроо 72---

Жөнөкөй сөздөрдү тапкыла. Жемиш, карагат, Кара-Көл, бүгүн, кара жыгач, аш калемпир, сабиз, медицина факультети, чыны, жашылча салат, чоӊ-кичине

А) :чоӊ-кичине, кара жыгач, аш калемпир

Б) бүгүн, Кара-Көл

В) жемиш, карагат, чыны, сабиз

Г) медицина факультети, жашылча салат

---Суроо 73---

Татаал сөздөрдү тапкыла. Өнөр жай, дары, район, алыш-бериш, радио, ЖАМУ, телерадио, өлкө, мамлекет, ата-эне

А) дары, район, ЖАМУ, өлкө

Б) өнөр жай, алыш-бери, ЖАМУ, ата-эне, телерадио

В) телерадио, район, өлкө, мамлекет

Г) ЖАМУ

---Суроо 74---

Жөнөкөй сөздөрдү тапкыла. Жакшы, жаман, дос, душман, ак, кара, жакшы-жаман, дос-душман, ак-кара

А) жакшы, жаман, ак, кара

Б) дос-душман, жакшы-жаман, ак-кара

В) ак-кара, жаман, дос-душман

Г) дос, жакшы-жаман, ак

---Суроо 75---

Татаал сөздөрдү тапкыла. Жакшы, жаман, дос, душман, ак, кара, жакшы-жаман, дос-душман, ак-кара

А) жакшы, жаман, ак, кара

Б) дос-душман, жакшы-жаман, ак-кара

В) :дос, жакшы, ак

Г) ак-кара, жаман, дос-душман

---Суроо 76---

Ким? Эмне? деген Суроолорго жооп берген сөздөр кайсылар?

А) ак, кара, кызыл

Б) келди, учту, жазды

В) ата, Асан, кыз, асман
Г) жакшы, узун, апа

---Суроо 77---

“Чоң ата” деген сөзгө кайсы суроо берилет?

А) Ким?
Б) Эмне?
В) Кандай?
Г) Канча?

---Суроо 78---

Кайсы өлкөлөрдү билесиң?

А) Ысык-Көл, Сары-Челек, Чатыр-Көл
Б) Чүй, Талас, НарынОш, Бишкек, Жалал-Абад, Каракол
В) Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан
Г) Ош, Россия, Кытай

---Суроо 79---

Кыргызстанда канча область бар?

А) 5
Б) 4
В) 7
Г) 6

---Суроо 80---

Чүй олбасты өлкөнүн кайсы жеринен орун алган?

А) борборунан
Б) түштүгүнөн
В) тоолуу аймагынан
Г) ортосунан

---Суроо 81---

Иса Ахунбаев ким болгон?

А) терапевт
Б) уролог
В) жазуучу
Г) кардиолог

---Суроо 82---

Эмне? деген Суроого жооп берген сөз кайсы?

А) алма
Б) дарыгер
В) жазында
Г) укта

---Суроо 83---

Дарыгер кимди дарылайт?

А) даракты
Б) бейтапты
В) автобусту
Г) жаныбарды

---Суроо 84

Кыргызстандагы эң чоң көл кайсы?

А) Ысык-Көл Б) Сары-Челек

В) Чатыр-Көл Г) Кара-Кол

---Суроо 85---

Ысык-Көлдүн эң терең жери канча метр?

А) 1607 м Б) 278 м

В) 668 м Г) 22 м

---Суроо 86---

Ош областы Кыргызстандын кайсы тарабында жайгашкан?

А) түндүк Б) түштүк

В) чыгыш Г) Батыш

--- Суроо 87---

Чыңгыз Айтматовдун кайсы чыгармаларын билесиң?

А) “Тынч Дон”

Б) “Кызыл аска” , “Кыштакча”

В) Биринчи мугалим”, “Жамиля”

Г) “ Гамлет”, “Манас” эпосу

---Суроо 88---

“Манас” эпосунун Саякбай айткан варианты канча саптан турат?

А) 15693 сап Б) 27083 сап

В) 12110 сап Г) 500553 сап

---Суроо 89---

Чынгыз Айтматовдун чыгармалары канча тилге которулган?

А) 100 тилге Б) 500 тилге

В) 200дөн ашуун Г) 80 тилге

---Суроо 90-

Кайсы манасчыларды билесиң?

А) Чыңгыз Айтматов

Б) Иса Ахунбаев

В) Саякбай, Сагымбай, Жусуп Мамай

Г) Токтогул, Эшманбет

---Суроо 91---

Сандарды туура окугула: 15, 21, 245, 2018

А) он алты, отуз беш, эки жүз элүү беш, эки миң он сегиз

Б) он беш, жыйырма бир, эки жүз кырк беш, эки миң он сегиз

В) бир беш, эки төрт беш, эки бир, жыйырма он сегиз

Г) он беш, кырк, беш жүз он бир, бир миң тогуз жүз токсон беш

---Суроо 92---

8-Март кандай майрам?

А) Аялдардын майрамы

Б) Энелердин майрамы

В) Жеңиш күнү

Г) Жаңы жыл майрамы

---Суроо 93---

Ат атоочторду белгиле.

А) текшер, дарыла, кара

Б) сулуу, жаш, кары, бийик

В) ал, бул, тигил

Г) сексен бир, жүз: он эки,

---Суроо 94---

Барыш жөндөмөсүндөгү ат атоочторду тапкыла.

А) биздин, силердин, сиздердин, алардын

Б) мага, сага, сизге, ага

В) мени, сени, сизди, аны

Г) мен, сен, сиз, ал

---Суроо 95---

Табыш жөндөмөсүндөгү сөздү тапкыла.

А) тоону

Б) дарыга

В) дептерлер

Г) канаттуулардан

---Суроо 96---

Жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн тап.

А) да
Б) -дан
В) –дын
Г) -га

---Суроо 97---

Илик жөндөмөсүнүн -нын мүчөсүнүн канча варианты бар?

А) 12
Б) 8
В) 4
Г) 10

---Суроо 98---

Энчилүү аттар кантип жазылат?

А) :кичине тамга менен
Б) баш тамга менен
В) дефис менен
Г) сызыкча менен

---Суроо 99---

Көптүк сандын мүчөсүн тап.

А) –дер
Б) -га
В) –дан
Г) -ла

---Суроо 100---

Экинчи жактын таандык мүчөсүн тапкыла.

А) -мын
Б) -сың
В) -ың
Жооп: -ыбыз

---Суроо 101---

Төмөнкү сөздөр канчанчы жакта турат? Студентпиз, дарыгербиз, врачпыз

А) I жак, көптүк сан
Б) II жак жекелик сан
В) III жакта
Г) :жекелик сан

---Суроо 102---

Эмне? деген суроого жооп берген сөздөрдү белгиле.

А) кагаз, самын, бет, көз
Б) студент, башчы, ректор, ата
В) асман, дарыгер, бала
Г) Аман, Жанара, Самат

---Суроо 103---

Дүкөндөн эмне сатып аласың?

А) терапевт, уролог, хирург

Б) журналист, актер, айдоочу

В) шамал, аба, кыял, уйку

Г) самын, тиш паста, кагаз, ручка, дептер

---Суроо 104---

Нарын областы кандай аймак?

А) тоолуу
Б) ысык
В) түштүк
Г) чөл

---Суроо 105—

Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү тап. Силер тажрыйбалуу дарыгер... .

А) -биз
Б) -сиздер
В) -мин
Г) -сиңер

---Суроо 106---

Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү тапкыла.

Биз урологдор... .

А) -мун
Б) -суз
В) -буз
Жооп: -суздар

---Суроо 107---

Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү тап.

Апам менен телефон... сүйлөштүм.

А) –да
Б) -де
В) – до
Г) -ду

---Суроо 108---

Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү тап.

Көчө... тазалыгын сактайлы.

А) -нын
Б) - да
В) -нүн
Г) -га

---Суроо 109---

Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү тап.

Дарыгер бөлмө... кирди.

А) -гө
Б) -дө -дөн
В) –дүн
Г) -са

---Суроо 110---

Мен жүгөр... сугардым

А) -дө
Б) -дан
В) -кө
Г) -нү

---Суроо 111---

Сүйлөмдү толуктагыла. Ахмад ... айран, сүт, нан, туз сатып алды.

А) :дүкөндөн
Б) ооруканадан
В) автобустан
Жооп:дарыканадан

---Суроо 112---

Сүйлөмдү толуктагыла. Калпак - ... баш кийими.

А) аялдардын
Б) балдардын
В) орустардын
Г) эркектердин

---Суроо 113---

Сүйлөмдү толуктагыла. Аялдардын кийимдери: ...

А) тебетей, калпак
Б) чепкен
В) элечек, шөкүлө, белдемчи
Г) тон

---Суроо 114---

Сүйлөмдү толуктагыла. 21-март - ... майрамы.

А) Билим күнү
Б) Нооруз
В) Жаңы жыл
Г) Курман айт

---Суроо 115---

Саат канча болду? 12:45

А) Саат экиден кырк беш өттү

Б) Саат бирге он минут калды.

В) Саат он эки болду.

Г) Саат он экиден кырк беш минут өттү.

---Суроо 116---

Ысык-Көлдүн узундугу канча километр?

А) 178 км
Б) 1607 км
В) 22 км
Г) 60 км

---Суроо 117---

Иреттик сан атоочторду белгиле.

А) беш, үч, алтымыш беш
Б) экиден бир, төрт бүтүн ондон жети
В) 3-курс, Х кылым, бешинчи март
Г) беш-алты, экөө, үчөө

---Суроо 118---

Берилген зат атоочтордун жагын белгиле. Куруучу, тигүүчү, ырчы

А) 1-жак
Б) 2-жак
В) жагы жок
Г) 3-жак

---Суроо 119---

Берилген сөздөрдүн жагын аныкта.
Жашайсыңар, текшересиңер, дарылайсыздар

А) 2-жак
Б) 3-жак
В) 1-жак
Г) жекелик сан

---Суроо 120---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү улагыла. Нерв... денени жыш тордой каптап турат.

А) -лар
Б) -дар
В) – дер
Г) -лор

---Суроо 121---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү улагыла. Биздин үй.. жанында бак бар.

А) -нын
Б) -дун
В) -тун
Г) -дүн

---Суроо 122---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү улагыла.
Эртең аэропорт... барабыз.

А) -ко Б) -го
В) -га Г) -гө

---Суроо 123---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү улагыла. Күзүндө картошка..., сабиз..., пияз..., кызылча... казып алышат.

А) -ны, -ди , -ды Б) -ни, -ди, -ты
В) -ты, -ни, -ти Г) -ди, -ды, -ду, -дү

---Суроо 124—

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөнү улагыла. Мөмөсүн... 45-77% май, 8-21% белок жана А1, В2 витаминдери бар.

А) -нин Б) -дө
В) -тө Г) -са

---Суроо 125---

Төмөнкү сөздөр канчанчы жакта турат?
Досторсуңар, медайымсыңар, сүрөтчүсүңөр

А) I жак, көптүк сан Б) II жак, көптүк сан
В) III жакта Г) 2 -жак жекелик сан

---Суроо 126---

I жак көптүк сандагы сөздү белгиле.

А) дарыгербиз Б) башчысың
В) сүрөтчүлөр Г) врачмын

---Суроо 127---

III жак, жекелик сандагы сөздү белгиле.

А) сүйлөйсүң Б) жазамын
В) барабыз Г) окуйт

---Суроо 128---

II жак, көптүк сандагы сөздү белгиле.

А) профессор Б) достор

В) медайымсынар

Г) куруучубуз

---Суроо 129---

Менин саатым 10:00 болду. ым мүчөсүн аныкта.

А) жак мүчө

Б) жөндөмө мүчө

В) таандык мүчө

Г) чак мүчө

---Суроо 130---

Сиздин атыңыз ким? -ыңыз мүчөсүн аныкта.

А) I жак, жекелик сан

Б) II жак, сылык туру

В) III жак, жекелик сан

Г) III жак, көптүк сан

---Суроо 131---

Көптүк санды уюштуруучу мүчөнү тап

А) -лар

Б) -га

В) – мын

Жооп:-ың

---Суроо 132---

-сыз мүчөсүн аныкта.

А) :таандык мүчө

Б) жак мүчө

В) жөндөмө мүчө

Г) сөз жасоочу мүчө

---Суроо 133---

Чыңгыз Айтматов качан туулган?

А) 1928-жылы 12-декабрь

Б) 1925-жылы 12-декабрь

В) 2008-жылы 10-июнь

Г) 1941-жылы, 22-октябрда

---Суроо 134---

Чыңгыз Айтматовдун атасы ким болгон?

А) Нагима Хамзаевна

Б) Төрөкул А йтматов

В) Айдар Айтматов

Г) Каракыз апа

---Суроо 135---

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили кайсы?

А) кыргыз, орус

Б) орус

В) түрк

Г) кыргыз

---Суроо 136---

Сүйлөмдү толукта. ... атаң менен кайда барасың?

А) Биз  Б) Сиз

В) Ал  Г) Сен

---Суроо 137---

Сүйлөмөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү таандык мүчөнү тап. Менин ага... баскетбол ойнойт.

А) –ым  Б) -ың

В) -сы  Г) -быз

---Суроо 138---

Сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү жак мүчөнү тап. Сен эрте менен саат канчада тура...?

А) -сың  Б) сыңар

В) -шат  Г) -кет

---Суроо 139---

Достук фестивалына кимдер катышты?

А) бүт улуттун элдери  Б) англичан, индус, поляк

В) грузин, эстон, кытай, корей  Г) орус, англичан, немец

---Суроо 140---

Кол сөөктөрүнүн аталышы кандай?

А) жото жилик, кашка жилик, жамбаш

Б) көкүрөк, кабырга, чычаң

В) күң жилик, далы, кар жилик , манжа

Г) тизе, күң жилик, балдак сөөк

---Суроо 141---

Балдардын жугуштуу ооруларын атагыла.

А) суу чечек, кептөөр, кызамык, менингит, скарлатина, паротит

Б) шал, эпилепсия, экзема

В) фимоз, холера

Г) рак, рахит, малярия

---Суроо 142---

Жаш кыздардын баш кийими - ... .

А) элечек	Б) шөкүлө

В) топу	Г) калпак

---Суроо 143---

Ысык-Көлдө балыктын канча түрү бар?

А) 15	Б) 22

В) 178	Г) 60

---Суроо 144---

Сан атоочтордун канча түрү бар?

А) 2	Б) 5

В) 6	Г) 4

---Суроо 145---

Сөздүн уңгусун белгиле. Илимпоздордун

А) :илимпозго	Б) илим

В) илимпоздор	Г) илимпоздордун

---Суроо 146---

Сөздөгү сөз жасоочу мүчөнү белгиле. Сүрөтчүлөрдүн

А) –дүн	Б) -га

В) -чү	Г) Сүрөт

---Суроо 147---

Сөздөгү жөндөмө мүчөнү белгиле. Китепканачыларга

А) -кана	Б) -чы

В) -лар	Г) -га

---Суроо 148---

Сөздөгү сөз жасоочу мүчөнү белгиле.Достукка

А) дос	Б) -лык

В) - ка	Г) -ту

---Суроо 149---

Сөздөгү сөз өзгөртүүчү мүчөнү белгиле. Нервдердин нерв

А) -дер, -дин	Б) -ны

В) –дан Г) -га

---Суроо 150---

Дене мүчөлөрү кайсылар?

А) өпкө, манжа, бөйрөк, жаак Б) кийим, көйнөк, байпак, шым

В) калпак, тумак, топу Г) кой, ат, эчки, уй

**Тесттин жообу:**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. а** | **26. г** | **51. в** | **76. в** | **100. в** | **126. а** |
| **2. а** | **27. г** | **52. г** | **77. а** | **102. а** | **127. г** |
| **3. г** | **28. г** | **53. а** | **78. в** | **103. г** | **128. в** |
| **4. г** | **29. г** | **54. б** | **79. в** | **104. а** | **129. в** |
| **5. б** | **30. г** | **55. г** | **80. а** | **105. г** | **130. б** |
| **6. г** | **31.г** | **56. г** | **81. г** | **106. в** | **131. а** |
| **7. б** | **32. в** | **57. г** | **82. а** | **107.в** | **132. б** |
| **8. в** | **33. в** | **58. а** | **83. б** | **108. в** | **133. а** |
| **9. б** | **34. а** | **59. в** | **84. а** | **109. а** | **134. б** |
| **10. г** | **35. б** | **60. в** | **85. а** | **110. г** | **135. г** |
| **11. б** | **36. г** | **61. а** | **86. б** | **111. а** | **136. г** |
| **12. а** | **37. а** | **62. г** | **87. в** | **112. г** | **137. а** |
| **13. в** | **38. в** | **63. б** | **88. а** | **113. в** | **138. а** |
| **14. в** | **39. а** | **64. г** | **89. в** | **114. б** | **139. а** |
| **15. а** | **40. в** | **65. г** | **90. в** | **115. г** | **140. а** |
| **16. б** | **41. б** | **66. а** | **91. б** | **116. а** | **141. а** |
| **17. в** | **42. г** | **67. в** | **92. а** | **117. в** | **142. в** |
| **18. а** | **43. а** | **68. а** | **93. в** | **118. г** | **143. б** |
| **19. б** | **44. в** | **69. а** | **94. б** | **119. а** | **144. в** |
| **20. г** | **45. в** | **70. б** | **95. а** | **120. в** | **145. б** |
| **21. в** | **46. а** | **71.в** | **96. а** | **121. г** | **146. в** |
| **22. б** | **47. б** | **72. в** | **97. а** | **122. а** | **147. г** |
| **23. б** | **48. б** | **73. б** | **98. б** | **123. а** | **148. б** |
| **24. а** | **49. а** | **74. а** | **99. а** | **124. б** | **149. а** |
| **25. а** | **50. в** | **75. б** | | **125. б** | **150.а** |

# ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА МЕДИЦИНАЛЫК СӨЗДҮК

аборт - аборт (боюнан алдыруу, бойдон түшүү)
аборт - жасалма, өнөкөт, кокустуктан ж:б түрлөргө бөлүнөт
абсорбент - абсорбент (сиңирип алгыч зат)
абсорбция - абсорбция (суюк аралашмадан заттарды сиңирип алуу)
абстиненция - абстиненция (баңгилердин, аракечтердин белгиси, баңги заттарды, ичкиликтерди
кескин түрдө албай калгандагы өзгөчө психикалык, физиологиялык абалы, өзүнөн-өзү баш тартуусу, кыйналган абал, өзүн-өзү кармоо)
абстракция - абстракция (каймана түшүнүк)
абсцесс - абсцесс (ириңдеп кетүү)
автоклав - автоклав (жогорку басымдагы ысыктык менен микроорганизмдерди өлтүрүүчү аппарат.
больной - кеселман, оорулуу, оорукчан, бейтап, ноокас, сыркоолуу, тумоолуу, дартмандуу, илдеттүү
большая ягодичная мышца - чоң соору булчуңу
большеберцовая кость - жото жилик
большеротый – жаяң ооз
большие коренные зубы - азуу тиш
большой вертел бедренной кости - кашка жиликтин чоң урчугу
большой круг кровообращения - кан айлануунун чоң айлампасы
бруцеллез - бруцеллез (бруцелла микробдору пайда кылуучу адамдын жана малдын жугуштуу, өнөкөт оорусу)
брыжейка - чычыркай (ичеги-карындын кан тамыр жайгашкан чели)
брюшная аорта - курсак толтосу
брюшная полость - ич же курсак көңдөйү
брюшное дыхание - курсак деми же курсак дем алуусу
брюшной пресс - курсак чыйралтмасы
брюшная стенка - курсак керегеси
брюшной тиф - ич келте
вакуум - абасыз боштук
вакуум отсос - сордургуч-боштук
вакуум-сордургуч вакцина
вакцина (эмдөөчү зат, эм-зат)
вакцинатор - вакцинатор (эмдегич)

вакцинация - вакцинация (эмдөө)
валгус - валгус (бут же колдун сыртка кайрылып калуусу)
веки - кабак, көз капкактары
вена - көк кан тамыр
вена головная - баш жаккы көк тамыр
вена непарная - сыңар көк тамыр
вена основная - негизги көк тамыр
венаполунепарная - жарым сыңар көк тамыр
вена срединная - ортолук көк тамыр
вена цент ральная - өзөк көк тамыр
вена яремная - күрөө көк тамыр
вененум - вененум (жаныбарлардын уусу)
венепункция - венепункция (венаны саюу, кан тамырды саюу)
венерические болезни - учунуу оорулары
венерология - учунуу оорулары жөнүндөгү илим
венечный синус сердца - жүрөктүн тажылык кобулу
венозное давление - веналык басым
венозные сплетения - көк тамырлар
верхняя челюсть - үстүңкү жаак
вес -1. салмак, 2. бедел, кадыр
веселое настроение - куунак көңүл, жарык маанай
ветряная оспа - суу чечек
вещество межклеточное - клетка аралык зат
вещество серое - боз зат
вещество студенистое - килкилдек зат
вирус - вирус (өтө майда оору козгогучтар, оору козгогуч клеткасыз микробдор)
вирусемия - вирусемия (денедеги айланган кандын ичинде вирустун болушу)
вирусный гепатит - сарык, жугуштуу сарык вирусурия - вирусурия (заарада вирустун пайда болушу)
висок - чыкый
височная кость - чыкый сөөк
возбудимость - дүүлүткүчтүк, жээлигүү, бүйүр кызыгандык
возбудитель - козгогуч, дүүлүктүргүч, жээликтиргич, бүйүр кызыткыч
возбуждение - дүүлүгүү, козголуу, бүйүрү кызуу, жээлигүү
возвратный тиф - тердеме, кайталанма келте

возраст - курак, жаш
волдырь - ыйлаак, күдүрөк, бүлтүк
воспаление легких - кагын, өпкөнүн сезгенүүсү
воспоминание - эске түшүрүү, эскерүү, эстөө
восприимчивость - сезимталдык, тооткучтук
воспроизведение - тукумдоо, тукум калтыруу
востановительное лечение, реабилитационное лечение - толук сакайтуу, калыбына келтирип дарылоо
вощ - бит (мите)
впалый - чуңкурайган, чүңүрөйгөн
вывих - чыгып кетүү, сөөк тутумунун чыгып кетүүсү
выводные протоки - бөлүп чыгаруучу түтүкчөлөр, жикчелер, каналдар
выделение - бөлүп чыгаруу
выдох - дем чыгаруу
врач - врач, дарыгер
врачебная амбулатория - дарыгерлик эмкана
врачебно - консультационная комиссия (ВКК) - дарыгердик кеңешчилик комиссиясы (ДКК)
врачебное назначение - дарыгерлик дайындоо
вредное пространство - зыяндуу, кооптуу мейкиндик, боштук
врезывание - жыруу
врожденная - тубаса
врожденный порок сердца - жүрөктүн тубаса кемтиги
вросший ноготь - матырылган тырмак
всасывание – сиңирүү, соруу
вскармливание - тамактандыруу
вскрытие - союу, жаруу, ачуу, тилүү (операция)
вспухнуть - шишүү
втирание - сыйпоо, сүйкөө
втянутый живот - кабырылган ич, тартылган ич
гелиоз - гелиоз (күндүн ысыгынын урушу)
гель, желе - килкилдек
гельминтозы - гельминтоздор (мите курттуу илдеттер)
гельминтология - гельминтология (мите курттуу илдеттер жөнүндөгү илим)
галлюцинация - галлюцинация (жанган жин сезимдер, көзүнө кандайдыр бир нерсенин көрүнүшү)

гематология - гематология (кан жөнүндө илим)
гематома - гематома (кандуу шишик, кан шишик)
гематопноё - кан түкүрүү
